**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 13.20.618 диссертациялык кеңеш

Кол жазма укугунда

**КАЧКЫН УУЛУ АЛТЫНБЕК**

# АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**

Сманбаев Өрнөкбек Аманович – педагогика илимдеринин доктору, доцент

**Бишкек – 2021**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ..........................................................................................3**

**БИРИНЧИ БАП. АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ...........................9**

1.1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты педагогикалык проблема катары.....................................................9

1.2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун мазмуну........................................................29

Биринчи бап боюнча корутунду............................................................................47

**ЭКИНЧИ БАП. АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ...49**

2.1. Кесиптик-педагогикалык маданиятты изилдөө материалдары жана методдору..............................................................................................................49

2.2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары.............................55

2.3. Педагогикалык дисциплиналарды окутууда айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун форма жана методдору....................................................68

2.4. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун модели..........................................................85

Экинчи бап боюнча корутунду.............................................................................95

**ҮЧҮНЧҮ БАП. КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТТЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТТИ УЮШТУРУУ....97**

3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу методикасы...........................97

3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо.....................125

Үчүнчү бап боюнча корутунду............................................................................134

**ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР...................................................................................................**136

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР...........................................................138**

**ТИРКЕМЕЛЕР**

## Киришүү

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында өзгөчө айыл мектептеринин мугалимдерин даярдоону жакшыртуунун зарылдыгы келип чыкты. *Биринчиден* – өлкөбүздүн билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулушу, санариптештирүүгө жана аны модернизациялоого багыт алышы мектеп окуучусуна сапаттуу билим жана тарбия берүүнү көздөйт. *Экинчиден* – КРсын 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн багыттарында өлкөнүн айыл жергелерине өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Белгиленген социалдык-экономикалык милдеттерди чечүүдө, айыл маданиятын көтөрүүдө, аны кайра жаратууда мугалимдин социалдык ролу жогорулайт. *Үчүнчүдөн* – Кыргызстандагы 2292 мектептин 70%дан ашыгы айыл мектеби. Республиканын мектептеринде эмгектенген 78000 мугалимдин 56000 айыл мектебинде иштейт. Дале болсо алардын арасында алыскы райондордо мектептерде пенсия курагында эмгектендер 30-40% ды түзөт. Ал эми жаш адистер айыл жергесиндеги социалдык шарттарга байланыштуу шаарларга кетишсе, айрымдары кесиптерин алмаштырууга муктаж болушууда. *Төртүнчүдөн*, педагогикалык окуу жайларды аяктагандардын көпчүлүгү айыл мектептеринде иштөөнү каалашпайт. Анткени, ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнүн иш аракети предметтик сабактарды гана берүүнү көздөп калган. Мына ушул жагдайлар, коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында иштеп жаткан Кыргызстандын айыл мектептери үчүн **кесиптик-педагогикалык маданияты** калыптанган компетенттүү мугалимдерге болгон муктаждыкты пайда кылып, аларды даярдоону күн тартибине койду.

Келечектеги мугалимдерди даярдоо маселеси мезгилдин талабына жараша өзгөрүлүп турган. Өз учурунда П.П. Блонский, А.В. Луначарский, Н.К. Крупская, А.С. Макаренко, А.В. Сухомлинский, С.Т. Шацкий, жана башкалар тарабынан кесиптик даярдыгы бар мугалимдерди даярдоонун маанисин белгилешкен.

Айыл мектептерине мугалимдерди даярдоонун педагогикалык маселелери Л.М. Андрюхинанын, В.М. Величкинанын, С.А. Гореловanын, М.П. Гурьянованын, А.Ф. Драничниковдун, М.Н. Ермоленконун, Д.А. Казыханованын, В.П. Ковалевдун, И.Г. Металованын, Ю.А. Савинковдун жана башкалардын изилдөөлөрүндө чагылдырылган.

Педагогика илиминде кесиптик-педагогикалык маданият (КПМ) маселесинин жалпы теориялык (А.В. Барабанщиков, Е.В. Бондаревская, И.Ф. Исаев, Н.Д. Никандров, В.А. Сластенин ж.б.лар), коммуникативдик (В.С. Грехнев, И.И. Зарецкая), методологиялык (В.В. Краевский, В.А. Сластенин, А.Н. Ходусов), гуманитардык (Е.Н. Шиянов); нравалык-эстетикалык (Н.Б. Крылова) негиздери каралган.

Кыргыз Республикасынын окумуштуу-педагогдору М.Д. Айдарова, Д.А. Айылчиева, А.А. Алимбеков, Н.А. Асипова, Н.А. Ахметова, Д.Б. Бабаев, Дж.У. Байсалов, И.Б. Бекбоев, Н.К. Дюшеева, В.Л. Ким, Э.М. Мамбетакунов, А.М. Мамытов, Л.П. Мирошниченко, Т.В. Панкова, М.Р. Рахимова, Т.М. Сияев, К.М. Төрөгелдиева жана башкалар тарабынан жаңы социалдык-экономикалык шарттарда мугалимдерди даярдоонун бир катар аспектилери (белгилүү адистикке даярдоо, мугалимлердин атайын жана кесиптик компетенцияларын, педагогикалык чеберчилигин калыптандыруу ж.б.) каралган. Бирок, Кыргызстандын айыл мектептери үчүн мугалимдерди даярдоо маселелери, алардын КПМын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү жана шарттары жетиштүү карала элек.

Мугалимдин КПМын калыптандырууга байланышкан илимий-педагогикалык адабияттарды жана педагогикалык практиканы талдоонун негизинде төмөндөгүдөй *карама-каршылыктарды* аныктай алдык:

– *социалдык-педагогикалык деңгээлде:* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМына коюлган талаптын жогорулашы менен аны калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын теориялык негизделишинин ортосундагы;

– *илимий-педагогикалык деңгээлде*: айыл мектебинин келечектеги

мугалиминин КПМын калыптандыруунун илимий-теориялык жактан негиздөөнүн зарылдыгы менен педагогика илиминде бул багытта изилдөөлөрдүн жетишсиздигинин ортосундагы;

– *илимий-методикалык деңгээлде:* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын тарбиялоону, өркүндөтүүнүн зарылдыгы менен ЖОЖдо тарбиялоочу чөйрөнү түзүү боюнча методикалык сунуштардын жетиштүү иштелип чыкпагандыгынын ортосундагы.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды жоюу, «айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын кантип калыптандыруу керек?» – деген суроо изилдөөнүн **проблемасын** түзөт. Мына ушуга байланыштуу каралып жаткан проблеманын актуалдуулугу **«Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)»** деп аталган теманы тандап алууга түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2015-2020-жж. илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын теориядагы жана практикадагы абалын аныктоо.

2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын мазмунун, структурасын, функцияларын, критерийлерин жана деңгээлдерин ачып көрсөтүү.

3. ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда айыл

мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу.

4. Иштелип чыккан теориялык моделдин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жаңылыгы.** Кыргызстандагы билим берүүнү модернизациялоонун шартында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун мааниси, маселенин теориядагы жана практикадагы абалы аныкталды. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМынын маңызы, мазмуну, компоненттери, критерийлери жана деңгээлдери аныкталып, аны калыптандыруунун педагогикалык шарттары, теориялык моделинин иштелип чыккандыгында. Педагогикалык эксперимент аркылуу айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана теориялык моделинин натыйжалуулугу текшерилип, илимий негизделген практикалык сунуштар берилгендигинде.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү:** изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жоболорду жана жыйынтыктарды педагогикалык окуу жайлардын окуутуучулары, студенттери, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курстардын угуучулары, мектеп мугалимдери колдонот. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель айыл мектебинин келечектеги мугалимин даярдоого жардам берет. КПМнын компоненттерин, критерийлерин жана деңгээлдерин айыл мектебинин мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары колдонууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. “Педагогикалык маданият”, “кесиптик маданият”, “айыл мектебинин мугалиминин КПМ” түшүнүктөрүнүн маңызы. Айыл мектебинин мугалиминин КПМ – бул социалдык-экономикалык, маданий,

этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, педагогикалык баалуулуктарды жана педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө, айыл жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк.

2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын аксиологиялык, технологиялык, инсандык-чыгармачылык компоненттери. КПМдын гносеологиялык, гуманисттик, коммуникативдик, окутуучу, тарбиялоочу, маданият таратуучу жана маалыматтык функциялары. КПМдын калыптануу деңгээлдери: *репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү*; критерийлери: *баалуулук мамиле, технологиялык активдүүлүк, инсандык-чыгармачылык активдүүлүк.*

3. Педагогикалык дисциплиналарды окутуу процессинде айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандырууга коюлган милдеттерди чечүүнүн педагогикалык шарттары (этнопедагогикалык шарт, айыл мектептеринде эмгектенген новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү; айыл мектептери менен таанышуу; жекечелештирүү жана дифференцирлөө). Максаттык, мазмундук, технологиялык жана жыйынтыктоочу-баалоочу блоктордон турган айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориялык модели.

4.Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин натыйжалары жана практикалык сунуштар.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** алгачкы жолу изилденип жаткан теманын теориялык жактан негизделип, жогорку окуу жайында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы, педагогикалык шарттары, критерийлери, теориялык модели изилденип жана практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробацияланышы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары 2013-2020 жылдарда өткөрүлгөн республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды: «Кыргыз Республикасында педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы» аттуу биринчи жана экинчи эл аралык илимий практикалык конференциялар (Ж.Баласагын атындагы КУУ (2013, 2014), «Педагогикалык билим берүүнүн перспективалары жана көйгөйлөрү» аттуу илимий практикалык конференциялар ( И. Арабаев атындагы КМУ, 2015, 2016, 2017, 2018). «Кыргыз Республикасында психологиялык билим берүүнүн көйгөйлөрү жана перспективасы» аттуу эл аралык илимий практикалык конференция (И. Арабаев атындагы КМУ 2018), «Этнопедагогические и этнопсихологические общности алтайских народов» эл аралык илимий-практикалык конференция (Х. Карасаев атындагы БГУ (2018), VI «Инновационные технологии и передовые решения» эл аралык илимий-практикалык конференция (МУИТ 2018), «Заманбап педагогикалык билим берүүнүн жана илимдин теориялык жана методологиялык көйгөйлөрү» эл аралык илимий-практикалык конференция (И.Арабаев атындагы КМУ (2018), «Совершенствование подготовки научно-педагогических кадров в условиях перехода на многоуровневое образование» эл аралык илимий-практикалык конференцияларда ( Ж.Баласагын атындагы КУУ 2019).

**Диссертациянын натыйжаларынын толук жарыяланышы:** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 25 илимий макалаларда жана 2 окуу-методикалык колдонмолордо (анын ичинен 9 эмгек РИНЦ журналдарында) чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү** изилдөөнүн мазмуна, натыйжаларына ылайык киришүүдөн, үч баптан, корутундулардан, тиркемелерден, 18 таблицадан, 3 схемадан, 3 диаграммадан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү-183 бет.

# БИРИНЧИ БАП. АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты педагогикалык проблема катары

Топтолгон турмуштук тажрыйбаны муундан-муунга өткөрүп берүү зарылдыгы коомдун эң алгачкы баскычында пайда болгон. Ал коомдун өнүгүшү менен адамдын инсан катары социалдык тажрыйбасынын байышына алып келген жана таалим-тарбиянын максатын, милдеттерин татаалданткан.

Бул максатты ишке ашырууда мугалимдин жеке чыгармачылыгы жана педагогикалык маданияты өзгөчө орунду ээлейт. Чыгармачылыгы жок, бир багыттагы адамдын тарбиясы да жашоону толук камтый албайт. Ошондуктан, жаш муундарды тарбиялоодогу натыйжалуулугун камсыз кылган кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган чыныгы мугалимди даярдоонун зарылдыгы келип чыкты.

Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык, психологиялык философиялык, адабияттарга жана окумуштуулардын көз караштарына таянып “маданият” түшүнүгүнүн маңызын ачып берүүгө аракет кылдык. "Маданият" түшүнүгүн биринчи жолу немец окумуштуусу С.Пуфендорф адамдын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын белгилөө үчүн колдонгон. Ал эми англиялык окумуштуу Э.Тейлор маданият "билимдин, ишенимдин, искусствонун, адеп-ахлактын, мыйзамдардын, үрп-адаттардын бир бүтүндүгүнөн түзүлөт" деген классикалык аныктаманы берген [119].

Илимий адабияттарда маданият түшүнүгүнүн көптөгөн аныктамалары бар. 1964-жылы америкалык изилдөөчүлөр А. Кребер жана К. Клакхон маданияттын 257 аныктамасы бар экенин аныкташкан [115, 14-б.]. Ошондон бери бул сандар улам өсүүдө [74,10-б.].

Белгилүү окумуштуу-педагог В.А. Сластенин маданиятты мындай түшүндүрөт: “Маданият – бул адамдын чоң ачылышы ал дайыма чыгармачылык менен коштолуп, кимдир бирөөгө даректелет, диалог жүргүзөт, өзүнүн маданий жашоосун аныктап, маданияттын пайда болгон бөлүкчөлөрүн бири-бирине бириктирип турган түшүнүк” [181, 23-б.].

В.Бениндин “Педагогическая культура: философско-социологический анализ” аттуу эмгегинде, маданият – адам баласынын ишмердүүлүгүнө болгон нормативдик талаптарын камтый тургандыгын белгиленген [114]. Ишмердүүлүктүн татаалдашы жана дифференцияланышы маданияттын өнүгүшүн камсыздап, анын жаңы өз алдынча компоненттеринин жаралышына алып келет.

Азыркы кездеги маданияттанууда “маданият” түшүнүгү толук изилденип бүтө элек. Маданият жана анын өнүгүшүнүн теориялык, методологиялык негиздери жөнүндөгү изилдөөлөргө таянуу менен маданиятты бири-бири менен байланышкан 3 түргө бөлүүгө болот:

– материалдык жана руханий баалуулуктардын жыйындысы;
– адамдын атайын жана өзгөчө иш аракетинин жыйындысы;
– инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн чыгармачыл жолдору.

Үч багыттын негизинде маданиятты мындай аныктадык – маданият бул чындыкты чагылдырууда билимдердин, аны өзгөртүүнүн методдорун, илимий позициялардын, концепциялардын, көркөм образдардын жыйындысын жана айлана чөйрө менен субъективдүү өз ара аракеттешүүнү камтыган түшүнүк.

Жогорудагы аныктамаларды эске алуу менен маданият адам баласынын иш аракеттеринин уникалдуулугун жана көп кырдуулугун көрсөтүп турат. 1980-жылы Россиянын Уфа шаарында өткөн “Культура труда, быта и человеческих отношений” деп аталган симпозиумда маданият түрлөрүнө байланыштуу төмөндөгүдөй багыттарда баяндамалар жасалган: “Коммуникативдик маданият”, “Адамдардын мамилесинин маданияты”, “Пикир алышуунун маданияты”, “Эмгектенүү шарттарынын маданияты”,

“Иштөө жана бош убактынын маданияты”. “Башкаруунун атайын маданий өзгөчөлүктөрү”, “Эмгектенүүнүн жана ишкананын маданияты, педагогикалык карым-катнаштын маданияты, “Салттуу эмес маданият – мугалимдин эстетикалык маданияты” ж.б. [9; 218; 187].

Мындай татаал жана кеңири таралган көп маанилүү терминдин маани-маңызын кыскача түшүндүрүү кыйын. Турмушта бул терминдин көбүнчө баалоочу мааниси колдонулуп келет. Мисалга алсак, бир адамды маданияттуу десек, ал эми экинчисин маданиятсыз деп айтып келебиз. Бирок мындай баалоо түпкүрүнөн туура эмес, анткени ар бир адамдын колунан жаралган эң жөнөкөй предметтерден тартып, аң-сезимде пайда болгон ой-пикир, идея дагы маданият түшүнүгү болуп саналат. Ошону менен бирге маданият – бул жаратылышка кирбегендин баардыгы маданият категориясына кирээрин этносоциологиялык концепциянын өкүлдөрү баса белгилеп келишет [4].

Кандай гана изилдөө болбосун анын баштапкы параметрлерин, көрсөткүчтөрүн жана бааланышын эске алуу маанилүү. Ушуга байланыштуу, маданияттын 4 багытын карадык. *Биринчи* багыт маданият материалдык жана руханий баалуулуктардын диалектикалык бүтүндүгү катары каралса; *экинчиси* ар кайсы топтогу адамдардын кесиптик маданияты; *үчүнчүдө* – мугалимдик кесипке байланышпаган, бирок педагогикалык маданиятты алып жүрүүчүлөрдүн (аскер кызматкерлери, ата-энелер ж.б.) тарбия иштери; *төртүнчүдө* – кесиптик-педагогикалык маданият боюнча жогорку деңгээлдеги кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүк эсептелет.

Ал эми, жеке инсандын маданияты – анын билим алууда, тарбиялануууда өсүп жетилүүсү, акыл-эси, мүнөзү, түшүнүгү, тыкандыгы, сыпайлыгы, жоопкерчилиги, көркөм табияты, сүйлөй алган тилдери, ички жана сырткы маданияттуулугунун мүнөздөмөлөрү катары белгиленет. Бул сапаттар педагогдун атайы кесиптик талабында каралбаса да, жогорку деңгээлде болуусу керек.

Жалпы маданияттын негизинде иш алып баруу – педагогдун өзүнө

керектүү сапаттарын калыптандыруусу өз ара байланышкан төмөндөгүдөй этаптардан турат. Мисалы: өзүн-өзү таанып билүү, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү көзөмөлдөө, өзүнүн ордун табуу ж.б. Мына ушулар мугалимдин интеллектуалдык, кесиптик, адеп-ахлактык потенциалынын өркүндөшүнө чоң салым кошо алат. Окутуу жана тарбия берүүнүн технологиясына жана балдардын психологиясын жакшы билген инсандык сапаттарга ээ болгон педагогду өз ишинин устаты деп айта алабыз. Педагогдун чеберчилигинде анын коммуникативдүүлүгү жана уюштургуч жөндөмдүүлүгү, изденүүчүлүгү дагы четте калбаарын баса белгилейбиз.

Азыркы кезде коомдун суроо-талаптарын канааттандырууда ЖОЖдун негизги милдеттеринин бири – маданияттуу, терең адеп-ахлактуу, ишенимдери калыптанган, жарандык позицияга ээ болгон, өз окуучуларынын чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүгө, педагогдук дилгирликке, инновациялык ишмердүүлүккө, өздүк өнүгүүгө жөндөмдүү, кесиптик активдүүлүккө ээ болгон мугалимди даярдоо болуп саналат.

Мына ушуга байланыштуу коомдук кубулуш катары эсептелинген маданият маселесин, окумуштуулар эки позициянын алкагында изилдешкен. *Биринчи* позициянын мазмуну жеке өзгөчөлүктөргө багытталган (жеке адамдын жана ишмердиктин маданияты, пикир алышуунун жана жүрүм-турумдун маданияты, адеп-ахлактык, эстетикалык ж.б. маданият). *Экинчи* позиция –маданияттын ар тармактарын интеграциялоого багытталган.

Демек, жогоруда белгиленген изилдөөчүлөрдүн пикирин жалпылоо менен маданияттын 2 өзгөчөлүгүн баса белгилөөнү туура көрдүк:

1. Маданият маселеси – бул адамдардын өз ара карым-катнашынын көйгөйү катары, калыптануу жана өсүп-өнүгүү менен коштолот. Адамдардын иш-аракетинин жыйындысына көз чаптыра турган болсок, маданияттуулук, алардын өсүп-өнүккөн деңгээлин чагылдырат. Бул мамиле инсандык сапаттардын калыптанышынын, маданият менен жеке адамдын өз ара аракеттенүүсүн, чыгармачылык менен маданияттуулуктун ж.б. байланыштардын көрсөткүчү катары кабыл алынат. Ушул учурда жеке

инсандын чыгармачылыгынын өнүгүшү жана маданиятты кабыл алуу процесси коомчулуктун интеллектуалдык иш-аракети эмес, жеке инсандын коомду өзгөртүүгө багытталган ишмердиги.

2. Маданият – жеке чыгармачыл мүнөзгө ээ. Чыгармачылык адамдын өзгөчө касиети катары калыптандыруучу ролду аткарат.

Ошентип, педагогикалык көйгөйлөрдү маданияттын негизинде изилдөө үчүн маданият түшүнүгү жалпы философиянын контекстинде теориялык категория катары берилген: бир жагынан алганда, ал кандайдыр бир нормативдик, *үлгү* же коомчулуктун жүрүм-турумун *көзөмөлдөөчү* түшүнүк, экинчи жагынан адамдын *билимдүүлүгү, интеллегенттүүлүгү,* ал эми үчүнчү жагынан – адамдын жашаган жери жана *жашоо шартынын деңгээлин* түшүндүрөт [85].

Ушуга ылайык, мугалимдин жалпы маданияты төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр менен аныкталаары белгилүү болду:

– *кесипке багытталган параметрлер* (балдарга, кесибине жана жумушуна болгон берилгендик);

– *интеллектуалдык параметрлер* (ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү, көңүл буруунун багыттуулугу, кругозорунун тереңдиги, маселелерди чечүүдө вариативдүүлүгү, образдуу жана логикалык ой жүгүртүүсү);

– *жеке-психологиялык параметрлер* (сабырдуулук, талап кылгычтык, байкоочулук, темпераменти ж.б.);

– *социалдык-психологиялык параметрлер* (адамга болгон сый мамилеси, коммуникативдүүлүгү, адилеттүүлүгү, чынчылдыгы ж.б.) [82].

Мындай шартта “Мугалимдин педагогикалык маданияты” жөнүндөгү түшүнүк жалпы коомдун кубулушу катары, атайын педагогикалык билим берүүгө негизделип, кесипкөй ишмердүүлүктү түшүндүрөт [185].

Мугалимдин педагогикалык маданияты жөнүндө сөз кылаардан мурун, ошол түшүнүккө аныктама берүү зарыл.

Мугалимдин педагогикалык маданияты – бул *муктаждык-мотивациялык, интеллектуалдык, руханий-адеп-ахлактык, иш-аракеттик*

*жана практикалык* компоненттерди камтыган, мугалимдин ишинин натыйжалуулугун камсыздаган түшүнүк [84].

Педагогикалык маданиятка болгон көз караштарды иликтөөдө жалпы бүтүмдү тапканга аракет кылдык. “Педагогикалык маданият” түшүнүгү жүрүм-турум эрежелеринин жана нормалардын жыйындысын камтып, педагогикалык сылыктыктын, педагогикалык техниканын, сабаттуулуктун белгиси катары көрсөтүлөт. Маданият көбүнчө тарбиялык маанини түшүндүрүп, инсандык сапаттарды калыптандырууга жана жүрүм-турумду оңдоп-түзөөгө багытталган.

Ал эми, окумуштуу-педагогдор (А.В. Барабанщиков, С.С. Муцинов) педагогикалык маданиятты жалпы маданияттын өзгөчө түрү катары карашат. Натыйжада ал татаал динамикалык *интеграциялык* билим берүүнү, инсандык сапаттардын өнүгүүсүнүн деңгээлинин, психологиялык-педагогикалык билимдин ж.о.э. кесиптик ишмердиктин натыйжалуулугун жогорулатуучу практикалык билгичтиктер жана көндүмдөрдүн топтому [29].

Мындан сырткары, “Педагогикалык маданият” түшүнүгүнүн маңызын билүү үчүн аны бир нече өзгөчөлүктөргө бөлүп кароо зарыл. Мындай өзгөчөлүктөр педагогикалык маданиятты системалаштырууга жардам берет. Педагогикалык маданияттын структурасы 3 деңгээлден турат:

1. *Реликтикалык деңгээл* (лат. relictum-калдык, эс тутум) педагогикалык багытты, норма, ык жана педагогикалык процесстердин формаларын камтыйт. Бул окутуу-тарбиялоо процессинин натыйжасында ишке ашырылып өтүлгөн эмпирикалык, эс тутумга таянган салттуу маданияттын жемиши. Мына ушул деңгээл ата-энелер, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү жана атайын психологиялык-педагогикалык даярдыгы жок жетекчилер тарабынан ишке ашырылып келет.

2. *Актуалдык деңгээл* – социалдык заказдын негизинде ар кандай педагогикалык мейкиндиктин функциясынын жүрүшүн камсыздайт. Бул системанын ичиндеги өзгөрүүлөр, катаал нормалар менен коштолуп “эмнеге окутууну?” жана “кандай окутууну?” ж.б.у.с. милдеттерди аткарат.

3. *Потенциалдык деңгээл* – өзүнө алдыга умтулган педагогикалык программаларды камтып, педагогикалык жаңылык катары, билим берүү системаларды эртеңки күндүн талаптарына багыттайт. Педагогикалык маданияттын потенциалдык деңгээли башкаруучулук сапаттардын өнүгүшүн дагы түшүндүрөт. Ал инсандардын жаңычыл иш алып баруусун (окумуштуулардын, практиктердин) жана коомчулуктун пайда болгон кырдаалдарды чечүүгө, жашоо шартты жакшыртууга кылган аракеттерин өзүнө камтыйт [207].

Мындан тышкары, илимий адабияттарда педагогикалык маданияттын 2 компоненти көрсөтүлгөн:

1. *Инсандык пландагы компонент* – педагогикалык багыттуулукту, эрудицияны, чыгармачылыкты, чеберчиликти (кесиптик билимди, педагогикалык техниканы, гумандуулук багытты жана жөндөмдүүлүктү) камтыйт.

2. *Ишмердик пландагы компонент* – педагогикадагы максат коюу жана аныктоо, педагогикалык ишмердиктин стили, жүрүм-турум, педагогикалык ишмердиктеги өзүн-өзү өнүктүрүү кирет [39, 37-43-бб.].

Мына ушуларга ылайык педагогикалык маданият татаал уюштурулган системаны камтып, педагогикалык таасир этүүчү субъектинин көп деңгээлдүү структурасын түшүндүрөт. Ал кесипкөй мугалимдин сапаттуу ишин гана чагылдырбастан, тигил же бул социалдык бирикмелерге, мисалы, үй-бүлө, эмгек жамааттарына тийгизген педагогикалык таасирин дагы түшүндүрөт. Ошондуктан, педагогикалык маданиятты калыптандыруу жана өнүктүрүү жалгыз кесипкөй педагогдордун иши гана эмес, ал процесс жалпы коомчулуктун арасында жүрүүгө тийиш. Аны менен бирге “педагогикалык маданиятты” аныктоодо акыркы жылдарда бир нече көз караштар бар. Кээ бир окумуштуулар аны – маданий жана руханий баалуулуктарды өзүнө камтыган жалпы маданияттын бир бөлүгү катары мугалимдин чыгармачыл ишмердүүлүгү деп эсептешсе, ал эми башкалары инсандын кошумча сапаттары менен маданият маселесин ар түрдүү жагдайларда өздөштүрүүсүн

айтып келишет. Үчүнчү тарап педагогикалык баалуулуктардын динамикалык системасын, педагогикалык ишмердиктин жана кесиптик жүрүм-турумдун жолдору деп эсептешет. Ал педагогикалык позицияны жана инсандык сапаттарды, кесиптик билимдер жана педагогикалык ой жүгүртүүнүн маданиятын камтышат. Биз мына ушул көз караштарга таянуу менен кесиптик билим, билгичтиктер жана педагогикалык ишмердиктин чыгармачыл мүнөзү, инсандын өзүн-өзү башкаруусу жана жүрүм-турумдун маданияты дагы педагогикалык маданиятка кирээрин баса белгилейбиз [49, 51].

Педагогикадагы илимий көз караштарга таянуу менен мугалимдин педагогикалык маданиятынын негизин жөндөмдүүлүктү, теориялык түшүнүктү практикада колдоно билүүсү, алып барган иштерине өзүнүн жүргүзгөн иликтөөлөрү, жыйынтык чыгаруусу ж.б. түзөөрүн белгилейбиз.

Салттуу билим берүүдө окутуунун максаты окуучуда калыптана турган билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн топтому менен аныкталаары белгилүү. Базар экономикасынын шарттарында окутуунун натыйжаларына мындай мамиленин жетишсиздиги анык болуп калды. Мугалимдерден айыл жергесинин, райондун, областтын жана мамлекеттин келечеги көз каранды экенин эсибизден чыгарбашыбыз керек.

Мугалимдин педагогикалык маданиятынын компоненттеринин бири – бул педагогдун *позициясы*, анын жигердүүлүгүнүн булагы катары кабыл алынат. Анын мазмунуна мугалимдин коомдогу көз карашы, максаты, идеалы, жашоо-турмушунда болгон кызыкчылыктары жана баалуулуктары, кулк мүнөзү, ойлонуусу, интуициясы, ишенимдүүлүгү, чечкиндүүлүгү кирет. Педагогикалык ишине болгон мотивациялык баалуулуктары жана тандаган багыты, мугалимдин жеке инсандык сапатынын өзөгүн түзөт. Эгерде ал чыгармачылык менен кесипкөйлүктү айкалыштыра иш алып барса, анда анын педагогикалык маданиятынын өнүгүшүнө жакшы шарт түзүлөт [151].

Айыл мектеби үчүн келечектеги мугалимдерди даярдоодо студенттин күнүмдүк жашоо-тиричилигинде, үйдө, коомдук жайларда (театрда, музейде,

ресторанда, кафеде, ашканада), өзүн алып жүрүү, кеп маданиятына, пикир алышуунун, диалог жана диспут жүргүзүүнүн эрежелери менен тааныштыруу жана адептүүлүктү сактоого үйрөтүү эсептелинет [15].

Муну менен мугалимдин педагогикалык маданиятынын компоненти болгон *педагогикалык багыттуулуктун* ордун баса белгилейбиз. Багыттуулук – бул максаттардын, умтулуулардын, эмоциалык реакциялардын, идеалардын жана кесиптик ишмердикке таасир этүүчү мугалимдин ишенимдеринин жыйындысы. Ал эми, педагогикалык маданияттын мазмунунда: педагогикалык максаттар, педагогикалык ишмердикке болгон жөндөмдүүлүктөр, педагогикалык ишмердикке болгон умтулуулар кирет. Педагогикалык *багыттуулук* мугалимдин педагогикалык эрудициясы менен тыгыз байланышта болуп, инсандын жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн аныктоо менен коштолот. Тигил же бул кесип атайын кесиптик нормалар, эрежелер, талаптардын негизинде өнүгөт жана керектүү билгичтиктер, көндүмдөр жана инсандык сапаттар педагогикалык багыттулукту калыптандырат [108].

Педагогикалык маданият жөнүндөгү аныктамалардын түрдүүлүгү методологиялык изилдөөлөрдүн концепциясына тийиштүү экендиги көрсөтүлдү. Жалпылап алганда: педагогикалык маданият бир жагынан караганда жалпы маданияттын бир бөлүгү, ал эми экинчи жагынан мугалимдин кесиптик жактан маанилүү сапаттарынын өнүгүшүнүн жогорку деңгээли. Педагогикалык маданият ***педагогиканы*** жана ***маданиятты*** ажырагыс кылып бириктирет.

Ал эми мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын аныктоодо, кесиптик-педагогикалык маданияттардын айырмачылыгын карап чыгуу алдыңкы орунда турат.

Кесиптик маданият – бул кесиптик ойломго кирген кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдөгү өнүккөн жөндөмдүүлүк [116]. Ошол эле мезгилде жогоруда педагогикалык маданиятка берилген аныктамаларга таянуу менен окумуштуулар тарабынан аныкталган кесиптик-педагогикалык маданиятты

калыптандырууга багытталган изилдөөлөргө жүргүзүлгөн, алар:

– кесиптик-педагогикалык маданияттын структурасындагы педагогикалык баалуулуктарды аныктоого [206;207].

– кесиптик-педагогикалык маданияттын маңызын жана структурасын аныктоого [41;50];

– кесиптик ойлом жана педагогикалык маданияттын структурасына кирген кесиптик-педагогикалык аң-сезимдин маңызын аныктоого [14; 93];

– кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун факторлорун жана шарттарын изилдөөгө [110].

Жогоруда белгиленген багыттагы изилдөөлөр мугалимдерди даярдоонун көп кырдуулугун жана көп функционалдуу экенин көрсөтүп турат. Келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу жаңы көрүнүш эмес экенин эске салабыз. Келечектеги айыл мектебинин мугалиминин педагогикалык маданиятын калыптандыруу билим берүү процессинин элементи катары каралган эмес. Илимий адабияттарда кесиптик-педагогикалык маданият маселелерине түрдүү аныктамалар берилген.

Кесиптик-педагогикалык маданият түшүнүгү, тубаса жана калыптанган жеке сапаттарынын синтези, ннтеграциясы. Ал өз учурунда мугалимдин ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө шарт түзөт [123, 165-б.].

Кесиптик-педагогикалык маданият өзүнө структуралык-функционалдык компоненттерди, уюштуруу мүмкүнчүлүктөрдү, айлана-чөйрө менен тандалма өз ара аракеттешүүсү ж.б. камтыган системалык билим берүүнү түшүндүрөт [185].

Педагогикалык ишмердүүлүктүн компоненттеринин өркүндөтүлгөн деңгээлинин жыйындысы, алар мугалимдин күчүн, жөндөмүн жана мүмкүнчүлүгүн камтыйт [119, 39-б.].

Мугалимдин инсандык сапатынын татаал социалдык мүнөздөмөсү, педагогикалык позициясы; анын руханий, нравалык, интеллектуалдык өнүгүүсүнүн деңгээли, билими, билгичтиги, көндүмдөрү; жогорку

кесипкөйлүгү, жеке жана кесиптик сапаттары [5, 23-б.].

Жалпы адамзаттык маданияттын бир бөлүгү, анда билим берүү жана тарбиялоонун руханий-материалдык баалуулуктарына өзгөчө орун берилип, педагогикалык ишмердүүлүктүн чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү камтылган, алар жалпы муундардын тарыхый алмашуусун камсыздап, инсандын социалдашуусуна, окутуу-тарбиялоо процессине көзөмөл жүргүзүүгө багытталган [39, 37-43-бб.].

Мугалимдин жеке сапаттарынын интеграцияланышы, анын жалпы маданиятын адистигине багыттап, кесипкөйлүк менен педагогдун ички касиеттерин синтездөө, сабак өтүүнүн методикасын билүүсү жана маданият жаратуу жөндөмдүүлүктөрү деп түшүндүрүлөт [51, 19-б.].

Мына ушул көз караштарга таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятына аныктама бердик. **Айыл мектебинин мугалиминин КПМ** – бул социалдык-экономикалык, маданий, этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, педагогикалык баалуулуктарды жана инновациялык технологияларды өздөштүрүүгө, айыл жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк.

Кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттери тууралуу окумуштуу-педагог Н.В. Кузьмина мугалимдин КПМдын компоненти болгон кесиптик компетенттүүлүккө өзгөчө көңүл бурган. Мугалимди кесиптин ээси катары көрбөстөн, ал аны окуучунун инсандык сапатын калыптандыруучу адис катары караган. Ал мугалимди тарбиялоо процессинде мааниге ээ болгон компетенттүүлүктүн төмөнкү түрлөрүн белгилеген:

1. Окутуп жаткан дисциплинадан *атайын жана кесиптик компетенттүүлүгү*;

2. Окуучулардын билимин жана билгичтигин калыптандырууга багытталган *методикалык компетенттүүлүгү*;

3. окуучу, ата-эне жана кесиптештери менен пикир алышуунун *социалдык-психологиялык компетентүүлүгү*;

4. окуучуларга багыт жана түрткү берүү, алардын жөндөмдүүлүгүн аныктоочу *дифференциалык-психологиялык компетенттүүлүгү*;

5. *аутопсихологиялык компетенттүүлүгү же педагогикалык рефлексия* (өзүнүн кемчилигин, өзүнүн ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиги ж.б.) [139].

Ал эми, окумуштуу А.К. Маркова болсо, мугалимдин КПМдын төмөнкү 4 түрүн бөлүп көрсөткөн:

– *атайын* – өзүнүн кесибин мыкты деңгээлде билген, атайын билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болгон;

– *социалдык* – өз ара пикир алышуунун, карым-катнаштын жолдорун билүүсү жана кесиптик пикир алышуунун жалпы ыкмалары менен тааныш болуусу;

– *инсандык* – өзүн-өзү өркүндөтүүнүн, инсан катары иш тажрыйбасын кеңейтүүнүн, өз алдынча чечим кабыл алып пайда болгон көйгөйлүү маселени чече билүүсү;

– *жекелик* – өзүн-өзү башкара билүүсүн, кесиптик квалификациясын жана негизгиси кесиптик маданиятын жогорулатуучу [139].

Ишибиздин милдеттерине ылайык, кесиптик-педагогикалык маданияттын өзөктүү 3 компоненттен турат: *аксиологиялык, технологиялык* жана *инсандык чыгармачылык* 1-сүрөттө көрүнүп турган схема модификацияланып, келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын компоненттери чагылдырылган [93].

*Аксиологиялык компонент* –Мугалим жеке жашоосунда жана кесиптик иш-аракетинде ээ болгон педагогикалык баалуулуктардын жыйындысы. Айыл жергесинин мугалиминин маданияты этномаданий, үрп-адат, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктар менен аныкталып, ошолорду толуктап жана байытып турушу менен мүнөздөлүп, кесиптик-педагогикалык маданияттын негизин түзөт. Аксиологиялык (баалуулук компоненти)

компонент, төмөндөгү баалуулуктардан турат [92]:

1. *Максат коюу баалуулугу* – келечектеги мугалимди эки түрдүү максат койгонду үйрөнөт, биринчиси – өзүнүн ишмердиги туралуу максат коюуну (мугалимдин инсандык сапаты, айыл мектебинде окуу-тарбия ишин уюштуруу) болсо, экинчиси окуучуларынын (окуучунун инсандык сапаты) өнүктүрүүгө багытталат.

2. *Каражат баалуулугу* – өзүнө үч системалык түшүнүктөрдү камтыйт: биринчиси кесиптик-билим берүүчүлүк, тарбиялык жана инсандык өнүктүрүүчүлүк милдеттерди аткарууга багытталган (окутуунун жана тарбиялоонун технологиясы), экинчиси, инсандык жана кесиптик милдеттерди аткарууга коммуникативдик аракеттер (пикир алышуунун технологиясы); үчүнчүсү, педагогикалык импровизацияга багытталган. Үрп-адат, каада салт, кол-өнөрчүлүк, улуттук оюндар ж.б.

3. *Мамиле баалуулугу* – өзүнө, окуучуларына жана бүткүл педагогикалык процесстин катышуучуларына болгон мамиле. Курактык өзгөчөлүктөр, географиялык жана социалдык-экономикалык, педагогикалык билимге ээ болуу.

4. *Билим баалуулугу* – окуучулардын инсанынын калыптанышынын жана окуучулук мезгилдин курактык өзгөчөлүгүн, айыл мектебинин шарттарында педагогикалык процессти уюштуруунун психологиялык-педагогикалык билими.

5. *Сапат баалуулугу* – мугалимдин ишмердигинде керектелүүчү инсандык жана кесиптик сапаттардын топтому, алар чыгармачылыкка болгон жөндөмдүүлүк, өзүнүн жеке максаты менен башкалардын максатын салыштыруу жөндөмдүүлүгү, диалогдук ой жүгүртүүгө ж.б [93].

Жогоруда келтирилген педагогикалык баалуулуктар кесиптик-педагогикалык маданияттын өзөгүн түзөөрүнө ынандык.

*Технологиялык компонент* – Мугалимдин айыл мектебинин шарттарында педагогикалык ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын, усулдарын жана жол-жоболорун, окуу-тарбиялык ишти уюштуруу технологияларын, милдет

коюуну, аны ишке ашыруунун планын ж.б. камтыйт. Мындай көрүнүш педагогикалык илимдин теориялык гана эмес практикалык негизде дагы өнүгүп жаткандыгын айгинелеп турат.




**1-сүрөт. Кесиптик-педагогикалык маданияттын структуралык компоненттери.**

*Маданияттын инсандык-чыгармачыл* мугалимдин педагогикалык процессти чыгармачылык менен уюштуруусу жана педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө алгылыктуу ыкмаларды колдоно билүү менен аныкталат. Айыл мектебинин мугалими жеке өзүн-өзү өркүндөтүп туруу менен чектелбестен кесиптештеринин инсандык сапаттарын жана педагогикалык чеберчилигинин калыптанышына жардам бере алат. Ал

окутунун жана тарбиялоонун алгылыктуу технологияларын колдонуу менен окуучулардын инсандык сапатына жигердүү таасир этет. Илимий көз караштарга таянуу менен жогорудагыдай компоненттен турган айыл мектебинин мугалиминин КПМ белгилүү структурага ээ болуп, функцияларды аткарат [92]. Кесиптик-педагогикалык маданияттын жогоруда аталган компоненттери жана анын түзүмдөрү 1-сүрөттө берилди.

Кесиптик-педагогикалык маданияттын функционалдык компонеттеринин алгачкысы *гносеологиялык функция* – бул функция педагогикалык кубулуштарды жана мугалим өзүнүн жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн, кесипкөйлүгүнүн деңгээлин, окуучуларды жана айылдын социалдык-экономикалык абалын, тургундарды таанып билүүгө багытталат.

*Гуманисттик функция* окуу-тарбия процессинде жалпы адамга тийиштүү баалуулуктарды, окуучулардын шыгын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Кандай үй-бүлөдөн, анын социалдык, жыныстык, диний, улуттук өзгөчөлүктөрүнө карабай баланын инсанына мамиле кылуу.

*Коммуникативдик функция* кесиптик-педагогикалык маданияттын функционалдык компоненттеринин арасынан өзгөчө орунду ээлейт, анткени педагогикалык процесс пикир алышуусуз мүмкүн эмес, пикир алышуу студенттер, кесиптештери, мектептин мугалимдери менен ишке ашырылат. Пикир алышууда окутуучунун кеп маданиятынын орду чоң, анткени анын натыйжасында кептин нормалары, тилдик формаларды туура коюуну, кептик сабаттуулукту калыптандырууга жана ой жүгүртүүлөрүн тарбиялаганга үйрөнүшөт. Коммуникативдик функция “мугалим - окуучу”, мугалим – мугалим”, “мугалим – ата-эне”, “мугалим – администрация”, “мугалим – айыл” ж.б. байланыштар түзүмүндө ишке ашып келет. Мугалим активдүү угууну, окуучулар менен пикир алышууда өзүн окуучунун ордуна коюп, эмпатия жана рефлексиянын жогорку деңгээлин өзүнө камтыйт.

Кесиптик-педагогикалык маданияттын *окутуучулук функциясы* атайын, дидактикалык, технологиялык жана методикалык даярдыгынын деңгээлин түшүндүрөт. Аталган функция көйгөйлөрдүн топтомун: “эмнени окутууну?”,

“кантип окутууну?” жана “кимди окутууну?” деген суроолорун камтыйт. Окутуунун форма, метод жана каражаттарын эффективдүү колдонуп, окуучуну билим менен гана сугарууну ишке ашырбастан аны инсан кылып калыптандырууга умтулат.

*Тарбиялык функция* – окутуучу коомдук-педагогикалык ишмердиктердиктердин катарында максаттуу тарбиялык иштерди аткарат. мугалим тарбиячы катары өзүнүн кадыр баркы, эрудициясы, кесипкөйлүгү менен түз жана кыйыр мааниде окуучуларга гана эмес бүткүл айыл тургундарына таасир этет. Тарбиялык ишмердүүлүктүн негизги багыттары катары: окутуучунун адеп ахлактык, экологиялык, эстетикалык, экономикалык, валеологиялык жана тарбиялык маданиятын камтыйт.

*Маданият жаратуучу жана таратуучу функция* – мугалим айылда жогорку статуска ээ болгондуктан, анын пикири, жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөздөрү, кийген кийими ж.б. үлгү болот.

*Маалыматтык функция* ар кайсы мезгилдин жана муундун педагогикалык улантуучулук (ырааттуулугу) мүнөзүнө ээ болуп саясий, экономикалык, адабий ж.б. көз карашын, окуучуларга жана ата-энелерге жеткирүү [105].

Кесиптик даярдоонун мазмунун реформалоо проблемасы менен катар келечектеги мугалимдердин кесиптик жана инсандык сапаттарынын калыптанышына өбөлгө болуучу педагогикалык технологиянын каражаттарын аныктоо проблемасынын актуалдуулугу улам артууда.

Көбүнчө педагогикалык теория тарбиялоонун, окутуунун практикалык негиздери менен келишпей калат, мына ушундай учурда педагогикалык технология бириктирүүчү функцияны аткарат: теориялык сунуштардын негизинде атайын моделдер түзүлүп аларды ишке ашыруунун жолдору аныкталат. Педагогикалык технология өзүнө кадыресе, маанилүү компонентти “педагогикалык ишмердүүлүктүн технологиясын” камтыйт.

Кесиптик-педагогикалык билим берүү социалдык институт катары кабыл алынып, социалдык функцияларды аткараарын эсибизден

чыгарбашыбыз керек, алар коомго аралашуу, пикир алышуу, байланыш түзүү жана билим берүүнү өзүнө камтыйт. Мындан тышкары анын өзгөчө түзүмү болуп тарбиялоо жана инсандык сапатты өнүктүрүү эсептелинет. Бирок кесиптик билим берүү жалпы социалдык функциялардан тышкары (негизинен) кесиптик билим берүү адамдын кандайдыр бир адистикти өздөштүрүүгө, атайын билимге, билгичтикке жана көндүмдөргө ээ болууну түшүндүрөт.

Айыл мектебинин келечектеги мугалимин даярдоодо кесипкөйлүгүн жана чеберчилигин калыптандыруу маанилүү. Окумуштуу педагогдор – мугалим өзүнүн инсандык сапаттары менен гана окуучуну инсан катары калыптанышына таасир тийгизе тургандыктарын белгилешет. Мына ушуга байланыштуу келечектеги мугалимдер окутуучудан устаттык өнөрдү күтүшүп, алардын кесиптик-педагогикалык маданиятын өздөштүрүүсү маанилүү экенин белгилешет.

Педагогдун жогорку деңгээлдеги кесипкөй адис болуусунда КПМдын орду чоң. Ал шарттуу түрдө студенттин ЖОЖдо окуу мезгилинде калыптанып, конкреттүү материалды өздөштүрүүдө колдонушу зарыл. Бирок, иш жүзүндө такыр башкача, педагогикалык окуу жайдын бүтүрүүчүсү мектепке иштегени барганда эмне иш кылаарын билбейт. Көбүнчөсү окуучуларга тарбия ишин жүргүзүүдө кыйынчылыктарга туш болушат. Окумуштуу И.Е. Видт аныктагандай, мугалимдин кесиптик ишмердиги түздөн-түз анын жалпы маданиятынан көз каранды, жалпы мугалимдердин 18%ы гана педагогикалык маданияттын суроо талаптарына жооп берээри анык болгон [49].

Жогорудагы көрсөткүчтөр кесиптик-педагогикалык маданияттын мазмунун аныктап, канчалык деңгээлде кабыл алып өздөштүргөндүгүн көрсөтөт. Кесиптик-педагогикалык маданияттын бир тармагын камтыган инсанга адеп-ахлактык сапаттарды кесиптик маданият мугалимдин ишмердигинде мааниси чоң, анда көп функционалдуу, мугалимдин кесиптик-этикалык маданияты, кесиптештери менен болгон карым-катнашын жана

жүрүм-турумун көзөмөлдөйт.

Мына ушуга байланыштуу В.А. Сластенин жана И.Ф. Исаев мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятынын аралаш (комбинированный) моделин түзүүдө, төмөнкү методологиялык шилтемелерди колдонушкан [93;185].

Кесиптик-педагогикалык маданият жалпы маданияттын бөлүгү болгондуктан аны изилдөөдө маданияттаануунун жардамына кайрылышыбыз керек, ал анын жалпы структурасын жана иш-жүзүнө ашыруу жолдорун аныктайт, өзүнүн бир канча компоненттерден турган структурага ээ болуп, айлана-чөйрө менен тандалма өз-ара аракеттешкен системалык билим берүү болуп эсептелинет.

Педагогикалык ишмердик кесиптик-педагогикалык маданиятын иликтөөсүнүн бирдиги болуп саналат. ЖОЖдун окутуучусунун кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптануусу социалдык-кесиптик, жеке-чыгармачыл, психофизиологиялык факторлорунан көз каранды [183].

Үзгүлтүксүз педагогикалык процесс мугалимден чыгармачылыкты талап кылгандыктан (илимий, окуу-методикалык, тарбиялык, ошону менен бирге коомдук сферада), келечектеги мугалимдерди чыгармачылык негизде даярдоого, педагогикалык маданиятын калыптандырууга өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Чыгармачылык менен педагогикалык маданияттын байланышы ишмердиктин негизин түзүп, окуу-тарбия ишинин натыйжалуулугун камсыз кылат. Педагогикалык ишмердикти калыптандыруунун форма жана жолдору педагогикалык маданиятты калыптандыруу процесси менен тыгыз байланышкан.

Мугалимдин чыгармачылык активдүүлүгү анын жогорку деңгээлдеги кесиптик-педагогикалык маданияттуулугунан байкалат. Ал өз учурунда кесиптик (атайын жана педагогикалык) билимин тереңдетип, ишмердигинин максатын коомго пайда алып келгендей уюштурат. Иш аракетинин жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алууга, педагогикалык чындыкты билүүгө

жана өзүн кесипкөй адис катары дайыма өстүрүп-өнүктүрүп турат. Демек, педагогикалык маданияттын пайда болуусу, кабыл алуусу мугалимдин өздүк чыгармачылыгынан көз каранды деп айта алабыз [191].

Адистин жогорку кесиптик-педагогикалык маданияттуулугу анын кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдө жана жогорку деңгээлде терең ой жүгүртүүгө жардам берери шексиз. Ал жеке инсандын бүтүндүгүн, ар тараптуулугун камсыздап, кесипкөйлүктүн белгиси катары билинет.

"Педагогикалык маданият" жана "кесиптик-педагогикалык маданият" педагогика илиминде жөнөкөй түшүнүк катары кабыл алынып, илимий аныктамадан алыс болуп келген жана теориялык-методологиялык изилдөөлөрдү практикалык суроолордон чектелүү деп кароого мүмкүн эмес. Бирок маанилүү теориялык суроолор практика менен тыгыз байланышканын эстен чыгарбашыбыз керек. Мына ушуга байланыштуу, кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууда практикалык суроолорду теориялык, методологиялык изилдөөлөрдөн бөлүп кароого болбойт [204].

Мындай мамиле конкреттүү материалды баалоого жана туура чагылдырууга, ошол эле учурда татаал педагогикалык кубулуштарды түшүндүрүүдө илимий теорияны бышыктайт.

Чыныгы кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган мугалим эч качан жеке кызыкчылыктарын көздөбөйт, ал окуучуларга өзүнүн баалуулуктарын тартуулап, дайыма окуучуларынын максаттарын ишке ашырууга умтулуп, жеке кесиптик сапаттарын өстүрүүгө аракет кылат [188].

Мугалим иш тажрыйбасын байытуу менен коомдогу баалуулуктарды өздөштүрүп кесиптик маданиятын дайыма жогорулатып туруусу зарыл. Жогоруда белгиленген окумуштуу педагогдордун позициялары кесиптик-педагогикалык маданиятты ирээтке салууга түрткү берди: педагогикалык ишмердиктин маданияты, педагогикалык пикир алышуунун маданияты, мугалимдин жеке маданияты, кесиптик-педагогикалык маданияты. Мына ушулар мугалимдин ишмердигинин баардык түрлөрүн мүнөздөп, анын жөндөмдүүлүгүн, кызыгууларын, баалуулуктарын камтыйт. Мугалимдин

жалпы маданияты инсандык жана кесиптик сапаттарды, педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдү, педагогикалык багыттуулукту, кесипкөйлүктү, компетенттүүлүктү, чеберчиликти жана чыгармачылыкты камтып, анын педагогикалык ишмердүүлүгүндө тынымсыз өнүктүрүлүп турушу керек.

Мына ушунун бардыгы келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык моделин түзүүгө түрткү берет.

## 1.2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун мазмуну

Өлкөбүздөгү социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр айыл мектептеринин ишмердүүлүгүнүн өзгөрүшүнө алып келди. Анткени айыл мектебинин ишинен айыл жергесинин сакталышы жана келечеги аныкталат. Азыркы убакта Кыргызстандын жалпы мектептеринин ичинен 80% га жакыны айыл жергесинде жайгашып, мугалимдердин көпчүлүк бөлүгү айыл мектептеринде эмгектенүүдө. Андыктан айыл жергесинде эмгектенген мугалимдердин инсандык жана кесиптик сапаттары, кесипкөйлүгү жана багыттуулугу өсүп келе жаткан муундун келечегин аныктаары талашсыз [148].

2003-жылдын 20-августуна карата Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын №534 токтомуна ылайык “Айыл мектеби” аттуу комплекстүү программасынын негизинде айыл мектептеринин ишмердүүлүгүнө багытталган бир катар сунуштар киргизилген. Программада айыл мектебинин мугалимдерин даярдоо, квалификациясын жогорулатуу, кайра даярдоонун мазмунун жаңылоо маселеси белгиленген [111].

Мына ушуга ылайык республиканын билим берүү системасын реформалоо мезгилинде айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу коомчулуктун өсүп өнүгүүсүнүн жана инсандын калыптанышынын бирден бир таасир этүүчү фактору десек жаңылышпайбыз. Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу

процессинде айыл мектебинин келечектеги мугалими бир учурда объект жана субъект катары “тарбиялоонун моделин өзү түзүп, аны иш жүзүнө ашырып, модификациялап, өзгөртүп жана өзүнүн жеке жаратылышын өркүндөтөт” деп баса белгилейт С.А. Горелова [57, 11-б.].

Болочоктогу мугалимдердин маданияттык чөйрөдө иш алып баруусу төмөндөгүдөй 3 багытта жүрөөрүн баса белгилемекчибиз: биринчиси маданиятты таанып билет, бул ЖОЖдо окуу мезгилинин алгачкы курстарында, күнүмдүк жашоодо, коомдук жайларда ишке ашат. Экинчиси, маданиятты алып жүрөт, бул ошол эле ЖОЖдо окуу мезгилинде кандай баалуулуктарга, ченемдик түшүнүктөргө ээ болгонун, түшүндүрөт. Ал эми үчүнчүсү, маданий баалуулуктарды жаратат, таратат. Бул учурда студент ЖОЖдо окуу мезгилинин аягы, белгилүү билгич жана көндүмдөргө ээ болгондон кийин жаратуучу функцияны аткара баштайт.

Айыл мектептериндеги окуу-тарбия иштеринин натыйжалуулугу бир катар факторлорго көз каранды. Айыл мектебинин жаратылышка жакындыгы окуучулардын табигый илимдерди өздөштүрүшүнө, экологиялык маданиятынын калыптануусуна жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого түрткү берет. Айыл жергесинде жеке чарбалардын болушу окуучуларды кичинесинен эле эмгекти сүйүүгө тарбиялоого шарт түзөт.

Маданиятты калыптандырууда маданияттуу мамиле кылуу маанилүү процесс ал *философиянын, психологиянын, педагогиканын, антропологиянын, искусствонун* контекстинде иш алып барууну өз ичине камтып, *Маданияттын үлгүсү, нормасы, баалуулуктары, жашоо тиричилиги, маданият ишмердүүлүгү* маданияттын курамдык бөлүгү катары өзгөчө функцияны аткарат. Мындай мамиле методологиялык ыкмалардын жалпы топтомунун негизинде адамдардын социалдык-психологиялык жашоосунун баардык тармактарына таасир этүүнү түшүндүрүп, жалпы баалуулуктардын түп тамырын өзгөртүү менен маалымат-билимдик, таанып-билүүчүлүк түшүнүктөрүн тереңирээк изилдөөнү талап кылат [125].

Мына ушул сыяктуу жагдайларды эске алып келечектеги айыл

мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу зарыл.

Кыргызстандын айыл аймактары бир канча өзгөчөлүктөргө ээ, алсак:

– өлкөбүздө элдин отурукташуусу ар түрдүү айылдын типтери: бийик тоолуу аймактагы айылдар (райондордун борборунан алыс), салыштырмалуу райондун борборуна жакын айылдар ж.б.

– айыл жергесинде элдик каада-салттардын, руханий баалуулуктардын жакшы сакталышы;

– көпчүлүк ата-энелердин бирдей чарба жүргүзүүсү (эмгек жамааты бирдей), жакын аймактарда жайгашуусу, дайыма айыл тургундарынын карым-катнашта болуусун камсыздайт.

– айыл жергесиндеги миграциялык процесстер (ички жана тышкы миграция) кеңири орун алышы. Ушул сыяктуу жагдайлар айыл мектебинин мугалимдеринин окутуу ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизет.

Мына ушуга байланыштуу айыл мектептеринин төмөндөгү өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек:

– айыл жергесинде мектеп маданий борбор катары кызмат өтөп, анын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизиши;

– айыл мектебинде окуучуларды кошумча билим берүүдө мүмкүнчүлүктөрдүн чектелгендиги (музей, театр ж.б.у.с. мекемелердин жоктугу);

– мугалимдердин окуучуларынын жашоо шарты, үй-бүлөсүндөгү мамилелери, теңтуштары ж.б.у.с. маселелер боюнча кеңири маалыматтарга ээ болушу; мындай маалыматтар мугалим таасир этүүнүн ыкмаларын жана каражаттарын көбүрөөк колдонууга мүмкүндүк берет;

– айыл мектептеринде окуу-тарбия иштерин уюштурууда жаратылыш, чөйрө менен байланыштырууга мүмкүнчүлүктөрүнүн болушу;

– айыл мектебинде окуучу чарба жумуштарына катышуусунун өз учурунда алардын билим алуусуна, инсандык сапаттарын

калыптангандыгына таасирин тийгизет.

– айыл мектебинде окуучулар менен жекече иш алып барууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдүн болушу [48; 70].

Өз кезегинде окуу-тарбиялоо процессин уюштурууда айыл мектебинин оң жактары бар экенин белгилөөгө болот: тарбия процессин уюштурууда мектептин, ата-энелердин жана коомдук мекемелердин тыгыз байланышта болуусу; мектеп окуучуларын эмгекке аралаштыруу алардын дене тарбиясын жана кыймыл-аракет активдүүлүгүн, майда моторикасын өнүктүрүүгө түрткү бериши; айыл жергелеринде элдик каада-салттардын сакталышына таасирин тийгизиши.

Миграциянын таасири астында айрым региондордо аз комплектүү мектептердин пайда болушуна алып келүүдө. Өзгөчө, мугалимдерге окуу-тарбия ишмердигин алып барууда көпчүлүк айыл мектептеринин аз комплектүүлүгү жана класстардын окуучуларынын аз санда болуусу кыйынчылыктарды жаратып келет. Жогорудагылар окуучуларды сабакка жана сабактан тышкары иштерге аралаштырууда педагогикалык коллективдерден кошумча энергияны, убакытты талап кылышат.

Ошол эле учурда, аз сандуу класстарда тынчсыздануунун жогорку деңгээли байкалып, кээ бир учурларда окуучуларга интеллектуалдык жактан кыйынга турат, анткени аз сандуу класстарда салыштырмалуу ылдамыраак текшерилип баалар коюлуп турат. Аз комплектүү мектептерде окуучулар арасында ишке байланыштуу маалыматтык жана эмоционалдык пикир алышуу чектелүү, окуучулардын билим алуусунда атаандаштык жокко эсе. Ошондуктан, окуучулардын коллективдик, адеп-ахлактык, уюштуруучулук, коммуникативдик жана көрүнүктүү лидерлик сапаттарынын калыптанышында кыйынчылыктар жаралат [79].

Айыл мектептеринде педагогикалык жамааттарга ар түрдүү деңгээлдеги программалардын алкагында окутуунун вариативдүү принциптерин жана милдеттерин аткаруу кыйла татаал. Мындай кыйынчылыктар профилдик билим берүүдө байкалат. Айыл мектептеринин

ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү, окуучулардын санынан гана эмес, андагы педагогикалык (окутуу, тарбиялоо) иш аракеттерди уюштурууда дагы өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. Эгерде шаар мектептеринде негизинен мугалимдер бир гана предметтен сабак өтүшсө, ал эми айрым айыл мектептеринде мугалимдер өзүнүн предметинен тышкары башка предметтерден сабак өтүшүп, коюлган нормадан ашык окуу жүгүн аткарат.

Мугалимдин бир канча предметтен сабак өтүшү кандайдыр бир деңгээлде оң жагы да бар. Анткени, предметтер аралык байланышты кененирээк колдонуп окуучунун инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө максаттуу таасир этет. Бирок, көп предметтүү сабак өтүүдө терс жактарын байкабай коюу мүмкүн эмес, алар:

– көпчүлүк учурларда мугалимдер педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүүдө, окуткан предметтерге ылайык өнүгүүсү;

– алгылыктуу форма жана методдорду колдонууда кыйынчылыктарга жолугушат. Бул окуучуларынын билим сапатына таасирин тийгизет [76].

Туура аныкталган мазмун келечектеги айыл мектебинин мугалиминин инсандык, кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууга негиз болот.

Илимий адабияттарда кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу процесси 2 жагдайда каралган: *стихиялуу* (максатсыз) жана *пландаштырылган* (максаттуу). Кесиптик окутуу – бул инсандын тандалган кесиби боюнча максаттуу окутууну түшүндүрөт. *Калыптандыруу* - бул индивидке багытталган таасирлердин жол жоболорунун жыйындысы, анын максаты болуп кандайдыр бир мамилелерди, баалуулуктарды, ишенимдерди жаратуу жана коомдук-кесиптик маанилүү сапаттарды түзүүгө багытталган иш аракет [109, 34-б.].

Окумуштуулар Я.И. Войтальянова жана И.М. Купчигиналар келечектеги адистин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууну изилдешип, акыл баалуулуктарына карата 4 компонентти бөлүп көрсөтүшкөн [50; 115-117-бб.]:

1. *Когнитивдик*: педагогикалык ишмердикти уюштуруунун негизги жол жобосу болгон кесиптик маданияттын баалуулуктары жөнүндө билимди жана анын маани маңызын аңдап билүүсү, өздөштүргөн маалыматтарды колдоно билүү менен байланышкан интеллектуалдык көндүмдөрдү камтыйт.

2. *Коммуникативдик*: достук мамилени түзүү, өз ара аракеттешүү, маектешип жаткан адамдын көйгөйлөрүн түшүнө билүү ж.б.у.с. көндүмдөрдүн болушу.

3. *Эмоционалдык*: мугалимдин кесиптик маданиятка баалуулук катары мамиле жасап, өзүнүн жана башка адамдардын эмоционалдык абалын түшүнө билүүсү, өзүнүн иш аракетин мотивациялай алышы;

4. *Рефлексивдүү*: рефлексиялык көндүмдөргө ээ болууга умтулуу.

Кесиптик маданияттын компоненттеринин баалуулугун байытуу мугалимдин кесиптик жактан өсүп-өнүгүшүнө таасир тийгизет. Жогоруда аталган кесиптик маданияттын 4 компонентинин бүтүндүгү жана өз ара байланышы келечектеги мугалимдин таанып билүү, коммуникативдик, мотивациялык жана жүрүм турумдук сфераларын, анын кесиптик маданияты боюнча көз карашынын калыптангандыгын аныктайт [123].

ЖОЖдо окуу-тарбия процессин маданиятташтыруу үчүн системалуу иш жүргүзүлүшү тийиш. Мындай иштин натыйжалуулугу *пландоого көз каранды*. Пландоонун келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча педагогикалык коллективдин иш-аракетинин максаттарын, милдеттерин көрсөткүчтөрүн жакшыртууга жакшы өбөлгө түзүлөт. Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу коюлган милдеттердин тактыгынан жана ЖОЖдогу окуу-тарбия процессин максаттуу уюштуруусунан көз каранды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууну максат катары психологиялык-педагогикалык кафедралардын ишмердүүлүгүн пландаштырууда кандай натыйжалуу багыттар бар экенин аныктай алдык:

– *биринчи* багыт – тарбиялоонун максаттарын ар тараптуу

чагылдырган, ал жеке инсандын жана жалпы жамааттын муктаждыктарын канааттандыра алат;

– туура пландоонун *экинчи багыты* катары – *конкреттүүлүк* болуп саналат, кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу боюнча милдеттер болжолдуу жыйынтыктар менен дал келет;

– пландоонун *үчүнчү* багыты – реалдуулугу. Пландаштырууда иш жүзүнө ашчу гана милдеттерди камтуу зарыл, мындан тышкары коюлган милдеттер жана аларга жетүүнүн каражаттары менен болгон шайкеш келүүсү ж.б [142].

Келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууга багытталган изилдөөлөрдө негизинен инсандык сапаттарды өнүктүрүү процессине басым жасалып, атайын стадияларга, этаптарга, фазаларга жана мезгилдерге бөлүп каралган [19]. Мындай мамиле, кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу процессиндеги негизги учурларды, кошумча таасир этүүчү факторлорду аныктоого мүмкүндүк берет. Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу көйгөйлөрүн иликтөөдө төмөндөгүдөй стадияларга бөлүп кароого болот:

– *биринчи стадия* – мектепте келечектеги кесибин аныктоо жана ага ылайыктуу кесиптик тандоонун мамиле-мотивин калыптандыруу;

– *экинчи стадия* – тандалган адистиги боюнча максаттуу, продуктивдүү, интеллектуалдык жана практикалык мүнөздөгү кесиптик окутуу;

– *үчүнчү стадия* – түздөн-түз педагогикалык кесипке киришүү, адистикти жана педагогикалык чеберчиликти активдүү өздөштүрүү [121, 27-б.].

Мына ушул стадияларды эске алуу келечектеги айыл мугалимнин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууга кеңири мүмкүнчүлүк түзөт. Окумуштуу Е.И. Роговдун пикири боюнча кесипкөйлүктү калыптандыруу 3 багытта жүрөт:

– 1-багыт – ишмердиктин баардык системасынын, функциясынын жана иеархиялык түзүлүшүнүн өзгөрүүсү менен мүнөздөлөт. Келечектеги мугалимдин кесиптик көндүмдөргө ээ болуу процессинде кесиптик чеберчиликтин негиздерин өздөштүрүп, педагогикалык ишмердиктин жеке стили калыптана баштайт.

– 2-багыт – субъекттин жеке сапаттарынын өзгөрүүсүнөн, атап айтканда сүйлөө-кебинен, аң сезимдеринин элементтеринин калыптануусунан (кесиптик көңүл буруу, перцепция, эске тутумунан, ой жүгүртүүсүнөн, эмоционалдык-эрктик сферасынан) байкалат. Булар өз учурунда кесиптик маданияттын деңгээлине, кесиптик-педагогикалык дүйнө таанымына таасирин тийгизет;

– 3-багыт – ишмердиктин объектисине карата субъекттин өзгөрүүсү. Ал студенттин объект жөнүндө маалыматтарга ээ болуусу (когнитивдик чөйрө), эмоционалдык чөйрө – объектке болгон кызыгуусу, өз ара иш алып барууну каалоосу; практикалык чөйрөдө – объектиге болгон таасир этүүдөгү реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн аңдап билүүсү менен мүнөздөлөт [175].

Жыйынтыгында, субъекттин объектке болгон багыты жана ага карата, өз ара аракеттешүү муктаждыгы пайда болот. Натыйжада бул кубулуштар кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптанышына түрткү берет.

Мугалимдин жеке сапаттарынын катарына психикалык процесстеринин өзгөчөлүктөрүн, жогорку нерв системасы жана темпераментин, ж.о.э. физикалык көрсөткүчтөрү (бизге белгилүү болгондой көбүнчө айыл мектептери бийик тоолуу райондордо жайгашкан, ушуга байланыштуу дени сак адистерге көңүл буруу зарыл) кирет. Белгилүү болгондой адамдар жогорудагы айтылып өткөн касиеттер менен бири-биринен айырмаланышат [13, 37-б.].

Ар бир кесипте адиске карата өзүнүн талаптары бар. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда жалпы же керектүү сапаттарын иштеп чыгууга болгон муктаждыкты калыптандыруу зарыл. Бул сапаттар өзүн-өзү тарбиялоого

жана мугалимдик ишмердикке өзүнүн психикалык өзгөчөлүктөрүн көндүрүүгө даяр болуусун талап кылат. ЖОЖдо окуу мезгилинде студент ээ болгон атайын билимдер жана билгичтиктер кесиптик манилүү сапаттарды түзбөстөн, акыл эстин ийкемдүүлүгү, сынчылдыгы жана тереңдиги; эмоционалдык сезимталдыгы, эрктик сапаттары, башка адамдарга таасир этүү жөндөмдүүлүгү ж.б. өнүктүрүү. Мугалимдик ишмердикте, анын жогорку нервдик ишмердиги, темпераментинин өзгөчөлүгү жана дагы тышкы келбети өзгөчө мааниге ээ болот. Демек, адамдын жеке инсандык сапатында анын кесипкөйлүгү чагылдырылып турушу керек [1, 66-б.].

Окумуштуу А.Б. Каганов мугалимдин кесиптик жактан өсүп-өнүгүүсүн төмөндөгүдөй этаптарга бөлүп караган: *биринчиси – өткөөл* мезгил, бул учурда биринчи курста окуган студент, студенттик жашоого көнө баштайт; *экинчиси – чогултуучу*, бул учурда студенттердин ишмердигинин объективдүү жана субъективдүү көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусу башталат; *үчүнчүсү – аныктоочу*, келечекке болгон иш пландары түзүлөт; *төртүнчүсү – жыйынтыктоочу*, адистигине ээ болуп, билим жана тарбия берүү боюнча улам жогору квалификацияга ээ болуусу жана түздөн-түз ишке кириши [95, 16-18-бб.].

Жогорудагы классификациялардан кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптануусу уламдан-улам татаалдашып, мугалимдин квалификациясын жогорулатууга багыттала тургандыгын көрө алабыз. Э.Ф. Зеердин изилдөөлөрүндө келечектеги мугалимдин кесиптик сапаттарынын калыптануусунун төмөндөгүдөй атайын баскычтары белгиленген: кесиптик даярдыктын *оптациясы*, кесипке даярдык, кесиптик *адаптация*, кесипке *аралашуу* жана *чеберчиликке ээ болуу* [85]. Изилдөөчүнүн пикири боюнча, мындай баскычтарга бөлүү иштин натыйжалуулугун күчөтүп, келечектеги мугалимдин кесиптик сапаттарын калыптандырууга шарт түзөт. Эми, жогорудагы көрсөтүлгөн 2 позициядан келечектеги мугалимдин инсандык сапаттарынын калыптануусу жана өнүгүүсүнө токтоло кетелик.

*Оптация баскычы.* Кесиптик жактан өнүгүү кесиптик каалоолордон,

умтулуулардан башталып, коомчулуктун суроо талаптары, массалык маалымат каражаттары көз каранды. Бул баскычта төмөндөгүдөй карама-каршылыктарды кароого болот:

– мугалимдик кесипти тандоо менен ага даярдануунун деңгээли талапка жооп бере албагандыгы;

– инсандын өзүндөгү ички карама-каршылык билимге ээ болууга карата, акыл эсинин өнүгүүсү менен билим алуунун максатынын ортосундагы карама-каршылык;

– ар бир адамдын конкреттүү эмгек түрлөрүнө шыгы бар же жок экенинин эске албагандыгы. Анткени, кесиптик багыт берүү иштеринин жүрүшүндө диагностикалык иш чаралар жүргүзүлбөйт. Мындай көрүнүш окуучунун кызыгууларынан, окуу предметтерине кызыгуусуна өзгөчө басым кылуудан, ийримдерди жана факультативдерди тандоодон ж.б. байкалат.

*Кесипке даярдык* көрүү баскычы. Окуу-кесиптик ишмердиктин деңгээлинин өсүшү менен калыптанган (ЖОЖго чейинки) билим алуу жөндөмдүүлүктөрү ортосундагы жана келечектеги кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүктөгү керектелүүчү сапаттардын өнүгүүсү ортосундагы карама-каршылык. Бул карама-каршылыктарды кесиптик билим берүү процессин *жекечелештирүү* жана *дифференцирлөө* менен чечсе болот. Бирок, окуу-кесиптик ишмердикти аткаруунун жалпыланган түрлөрүн колдонууну дагы көңүл сыртынан чыгарбоо зарыл. Алгачкы курстарда студенттердин башкы ишмердүүлүгү окуу жана таанып билүү болсо, андан кийин ал окуу-изилдөө, ал эми жыйынтыктоочу мезгилде окуу-кесиптик ишмердик менен жыйынтыкталат.

*Кесиптик адаптация* баскычы – жаңы социалдык ролду өздөштүрүү жана жаңы иш коллективине киришүү менен мүнөздөлөт. Ушул учурда ЖОЖдун бүтүрүүчүсү өз алдынча пайда болгон педагогикалык көйгөйлөрдү чечүүгө кадам таштайт. Мугалимге карата коомчулуктун суроо-талаптарынын өзгөрүүсү менен жогорку окуу жайда келечектеги мугалимди кандай жана эмнеге окуткандыгынын ортосунда чоң айырмачылыкты пайда

кылат. Бул карама-каршылык кесиптик-педагогикалык ишмердикте чечилет. Ал өз учурунда жаңы психологиялык детерминанттардан пайда болот (кесиптик жактан өзүн таанып билүү, кесиптик тажрыйба, инсандын маанилүү кесиптик сапаттары, кесиптик баалуулуктар).

*Кесипкөйлүк* баскычында социалдык жагдай жана кесиптик ишмердик эч алмашууга дуушар болбойт. Бул баскычта келечектеги мугалимдин өз алдынча иштөө стили, кесиптик маанилүү сапаттарга ээ болууга умтулуусу, кесиптик позициясынын туруктaшуусу пайда болот. Натыйжада педагогикалык ишмердиктин эвристикалык мүнөзү менен жана аны ишке ашыруудагы жол жобонун ортосундагы карама-каршылык байкалат. Кесипкөйлүктүн калыптанышы өзгөчө сапаттардын пайда болуусун камсыз кылат (мугалимдик кесипке ылайыктуу сапаттар).

*Чеберчиликти калыптандыруу* баскычы – кесиптик ишмердик менен инсандык сапаттардын интеграцияланышы, ишти аткаруунун жеке стили, кесиптик жана социалдык позициянын калыптанышы жана келечектеги мугалимдин чыгармачылыгынын өнүгүүсү мүнөздөлөт. Келечектеги мугалимдердин чеберчилигинин элементтерин (педагогикалык техника, педагогикалык жөндөмдүүлүк, кесиптик билим, гумандуулук багыт) өздөштүрө башташат [85].

Жогорудагыларды эске алуу менен келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун негизги багыттарына токтолууну туура көрдүк:

– педагогикалык дисциплиналарды окутууда келечектеги мугалимдердин инновациялык багыттуулугун жогорулатуу;

– келечектеги мугалимдин теориялык (өзүнүн адистиги боюнча) жана психологиялык-педагогикалык даярдык деңгээлин жогорулатуу;

– жаңы билим берүү программаларын эске алуу менен билим берүү стандарттардагы өзгөрүүлөргө ылайык окуу-изилдөө иштерин уюштуруу;

– окуу жана тарбия иштерине жаңы педагогикалык технологияларды киргизүү;

– жаңы нормативдик документтерди, көрсөтмө-методикалык куралдарды изилдөө иштерин уюштуруу;

– келечектеги мугалимдерге диагностикалык, жекечелештирилген жана дифференциялаштырылган негизде илимий методикалык жардам көрсөтүү;

– келечектеги мугалимдерге педагогикалык өзүн-өзү окутууда консультативдик жардам көрсөтүү [36,74-б.].

Келечектеги мугалимдин методикалык ишинин мазмуну кесиптик-педагогикалык маданияттын түзүмдүк бөлүкчөлөрү аркылуу аныкталып, анын багыттарын өнүктүрүп натыйжалуулугун арттырууга болот. Келечектеги педагогдун методикалык инновациялык ишмердүүлүккө катышуусу акырында жеке педагогикалык системанын жана педагогикалык иш аракетинин стилинин калыптанышына алып келет.

Окуу жайдагы методикалык иштин өзүнүн инновациялык маселелерди алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны камтуу келечектеги мугалимдин жеке сапаттарынын, педагогикалык коллективге жана жалпы педагогикалык коомчулукка маанилүү болгон педагогикалык баалуулуктардын калыптанышына жана кесипкөйлүгүн жогорулатууга алып келет.

Окуу жайдагы методикалык иш чаралар динамикалуу мүнөздө болуп, көптөгөн факторлордун таасири алдында өзгөрүп жана жаңыланып турат. Ошол факторлорду кыскача карап өтөлү [46]:

– билим берүү тармагы боюнча мамлекеттин саясаты;

– жеке жана кесиптик көрсөткүчтөрдү өлчөө процессинде аныкталган келечектеги мугалимдин педагогикалык маданиятынын деңгээли;

– окуу жайдын коллективиндеги моралдык-психологиялык климат;

– методикалык жана илимий иштерди уюштурууда материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөр;

– окуу жайда алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар менен системалуу тааныштыруу, инновациялык ачык-айкындуулук жана педагогдордун

активдүүлүгү, окуу жайдын жетекчилигинин методикалык жана илимий иштерди алып баруу кесиптик жактан даярдыгы;

– окуу жайдын коллективинде келечектеги мугалимдерге болгон мамилени көзөмөлдөө [186, 105-б.].

Азыркы убакта кесипкөй адис деп жогорку квалификациялуу, технологиялык, жалпы маданий деңгээли жана психологиялык даярдыгы бар адамды айтабыз.

Келечектеги кесипкөй айыл мектебинин мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууга бир катар булактар таасирин тийгизет. Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык булактарга, республикабыздын, айыл мектептеринде топтолгон иш тажрыйбаларды талдоонун жыйынтыктарына таянуу менен төмөндөгү булактарды аныктай алдык:

– КРда мугалимдин статусу жөнүндөгү мыйзамында [81], жогорку билим берүү стандарты [58 ]ж.б.

– нормативдик документтерде бекитилген мугалимдин инсанына коюлган талаптар;

– айыл мектептеринде эмгектенген КР Эл мугалимдери жана новатор педагогдордун иш тажрыйбалары;

– Кыргызстандын жана чет өлкөлүк окумуштуу педагогдордун илимий эмгектери;

– ЖОЖдогу билим берүү процессинин болочоктогу мугалимдин педагогикалык маданиятынын рефлексиясын калыптандырууга багытталышы;

– коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында болочоктогу мугалимдерге болгон талаптардын жогорулашы.

Изилдөөнүн жүрүшүндө, айыл мектебинде эмгектенген мугалимдер кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууда өзгөчө педагогика дисциплиналарды жана тандоо курстары чоң роль ойной турганын белгилешкен.

Педагогика предметинин мазмунунда мугалимдин кесиптик өзгөчөлүгү камтылышы, келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессин натыйжалуулугун камсыз кылат.

Мугалимдин кесиптик маселелерди чечүүдө, кесиптик ойлом жана аң сезими болсо анда ал мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданияты жогорку деңгээлде деп айтууга мүмкүн. Мындай учурда кесиптик маданият кесипкөйлүктүн каражаты болуп калат.

Жогорудагыларды эске алуу менен кесиптик-педагогикалык маданиятка: *педагогикалык ишмердүүлүктүн маданияты*, *педагогикалык пикир алышуунун маданияты*, окутуучунун инсандык сапатынын маданияты ж.б. кирет. Ошондуктан, келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу үчүн ЖОЖдун окутуучусунун маданияты жогорку деңгээлде болууга тийиш. ЖОЖдун окутуучусунун кесиптик-педагогикалык маданияты – бул окутуучу өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө, педагогикалык баалуулуктарды жана технологияларды түзүүдө жеке сапаттарын чыгармачылык менен өнүктүрүүнүн жол жобосу жана өлчөө бирдиги. Анткени анын кесиптик-педагогикалык маданияты кесиптик ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнүн бүтүндүгүн камтыйт [96,24-б.].

Изилдөөнүн жүрүшүндө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде өткөрүлгөн иш чаралар, келечектеги айыл мектебинин мугалимдерин даярдоонун илимий-практикалык маселесин чечүүгө таасирин аныктай алдык.

Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууда педагогикалык стереотиптерден арылуу маанилүү. Анткени мугалимдин ишмердүүлүгүндө шаблондуу көрүнүштөр көп, окуучуларга кылган мамилесинен тартып өзүнүн иш аракетин системалуу, улуу муундун иш тажрыйбасын кынтыксыз кабыл алуу ж.б. мугалимдин ишин кыйла татаалдатат. Мына ушул көйгөй студенттердин өзүнүн иш аракетин баалоодо калыптанып калган ой

пикирлери анын келечектеги ишмердүүлүгүнүн өсүп-өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизет.

Жогорудагы карама-каршылыктарды эске алып, илимий булактарга, педагогикалык практикага таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун төмөндөгүдөй структурасын чагылдырууну туура көрдүк:

– инсандын маданияты, кесиптик маданият жана педагогикалык маданият тууралуу билимдерди өздөштүрүү;

– педагогикалык маданияттын чен өлчөмдөрү жана баалуулуктарын өздөштүрүү;

– педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу;

– педагогикалык этикага ээ болуу;

– маданият жаратуучу белгилердин өзгөчөлүгү;

– маданият жаратуучу компетенттүүлүк – жүрүм-турум маданиятынын калыптандыруунун моделин түзүү [188];

ЖОЖдордун студенттеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессинин субъектилери – ошол окуу жайдын окутуучулары.

Кесиптик-педагогикалык маданияттын негизги баалуулуктарын өздөштүрүүнү натыйжалуу кылуу үчүн студенттерди моделдөөгө аралаштыруу менен рефлексиялык ишмердикти уюштурууга жетишсе болот. Имитациялык моделдөө өз учурунда оюн эмес (конкреттүү жагдайды иликтөө жана баалоо, конкреттүү жагдайды чечүүнүн алгоритмин иштеп чыгуу) жана оюн методдорун, тренинг, дебаттарды колдонууну шарттады [176].

Айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда шартка ылайык тигил же бул багытты колдонуу педагогикалык теориянын мазмунунан дагы көз каранды экенин баса белгилемекчибиз:

- антропологиялык системанын продуктусу катары өзүн-өзү аныктоо, өзүн-өзү таанып билүү жана өзүн-өзү презентациялоодо калыптануунун натыйжалуу болушу;

– объективдүү чындыкты таанып билүүнүн векторду у моделин курууда;

– курчап турган чөйрөгө, ишмердикке, маданиятка жана илимге, спортко жана искусствого тез ылайыкташуунун моделин иштеп чыгуу жана ишке киргизүүдө;

– антропологиялык системанын ресурсу жана продуктусу болгон гуманизм, синергетика, ноосфера идеялардын карамагында өзүн-өзүн чагылдырууда, аны ишке ашырууда, биргеликте иш алып барууда калыптануу натыйжалуу болот [202, 501-503-бб.].

Жогорудагы 4 багыт келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жалпы шарттарынын векторлоруна кирет. Ал эми кесиптик-педагогикалык маданияттуулуктун калыптанган деңгээли окумуштуу И.А. Горбунов тарабынан кесиптик-педагогикалык сандык (кейс) аныкталган:

– *педагогдун кесиптик-антропологиялык ресурстары*, бул жерде ал өзүнүн жетишкендиктерин, мүмкүнчүлүктөрүн, перспективасынын системалык түзүмүн чагылдырат жана пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүдө өзүнүн жарандык-кесиптик позициясын көрсөтөт;

– *педагогдун рефлексиялык практикасынын* жыйынтыгын чыгарууда өзүнүн жетишкендиктерин жана педагогикалык өз ара аракеттешүүсүнүнүн моделин түзүүдө каражаттарды, методдорду колдонуу жана апробациялоо;

– *эркин жана маданий-тарыхтык билим берүү мейкиндигин түзүү*, ал жерде автобиографиялык же коллективдик жетишкендиктер, максаттар, илимий, чыгармачыл, дене тарбиялык, бош убакытты туура пайдалануу ж.б.лар кесиптин көрсөткүчтөрү катары каралат;

– *жеке, социалдык жана кесиптик модель*: жетишкендиктер, пландар,

каалоо-тилектер, ишенимдер, позициялар, компетенциялар, идеялар чагылдырылып мугалимдин кесиптик жана бош убактысындагы адам баласынын рухий жана материалдык дөөлөттөрүн камтыган ишмердиктер, пикир алышууда дүйнө таанымын байыта турган тажрыйбалар камтылган;

– *продуктивдүү педагогиканын каражаты*, бул жерде инсандын касиеттери, жетишкендиктери, сапаттары камтылган. Ушул көрсөткүчтөр мугалимдин кесиптик, социалдык жана коллективдеги өз ара мамилелери баса белгиленип баллдык-рейтингдик система менен бааланат. Мындан тышкары адистин кесипкөйлүгүнүн көрсөткүчтөрү – *туруктуулугу, креативдүүлүгү, жумшактыгы, калыптангандыгы* ж.б. сапаттарды камтыйт;

– *жеке инсандын (студенттин) өсүшү*, тажрыйба-эксперименттик, рефлексивдик, кесиптик жана бош убакыттагы ишмердигинин натыйжалуулугу анын иш билгичтигинде байкалат. ЖОЖдо окугандын алгачкы күндөрүнөн тартып окуу-эмгек ар кандай деңгээлдеги билим, тарбиясы бар балдар менен иштөө компетенцияларына ээ боло башташат [54].

Келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык *кейси* ЖОЖдо окуу мезгилинде түзүлүп, анын кесиптик жана инсандык сапаттарынын өсүп-өнүгүшүнө, кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууга таасирин тийгизет.

Келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты калыптандырууга багытталган кейстин мазмуну төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

– студенттин ЖОЖдо окуп жүргөн мезгилинде жетишкендиктери (мактоо баракчаларын, медалдарын, дипломдорун, изилдөөлөрдүн проектилерин ж.б.) жетишкендиктерди камтуулары абзел;

– өзүнүн жеке ишмердигин иликтөө ЖОЖдо билим алуунун аралыгында жана педагогикалык практикадан өткөнгө чейин оң жана терс жактарын жазып калтыруу, ж.о.э. каалоо-тилектерди киргизүү;

– келечектеги айыл мектебинде кесиптик-педагогикалык

ишмердүүлүгүнүн планын (кайсы жерде иштээрин) түзүүгө ж.б. түрткү берет [56, 18-б.].

Илимий булактарды жана педагогикалык практиканы талдоонун натыйжасында айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин даярдоодо ЖОЖдун окуу планында берилген предметтер, өзгөчө педагогика дисциплиналар, тандоо курстарын маанилүү боло тургандыгын белгилемекчибиз. Биздин оюбузча, келечектеги мугалимдерди айыл мектептерине иштөөгө даярдоодо тандоо курстары кээ бир айыл мектептерине иштегиси келбеген студенттер менен иштөөдө мааниге ээ болот. Мына ушуга байланыштуу азыркы учурдагы айыл жергесинде билим берүү системасын өркүндүтүүгө өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлгөн курстар келечектеги айыл мектеп мугалимдеринин атайын кесиптик компетенцияларын калыптандырууга таасирин тийгизет.

Илимий изилдөөлөрдө келечектеги айыл мектебинин мугалимдеринин атайын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун маселелери жетиштүү карала электигин белгилемекчибиз. Мына ушуга байланыштуу айыл мектеп мугалиминин атайын компетенциялары төмөндөгүдөй:

1) айыл мектебинин жана аны курчап турган коомчулуктун өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуу-тарбия процессин уюштуруу жөндөмдүүлүгү;

2) окутуунун заманбап технологияларын жана методикаларын айыл мектебинин өзгөчөлүктөрүнүн негизинде өздөштүрүү [12].

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин атайын компетенцияларын калыптандырууга басым жасоо менен анын жолдорун жана каражаттарын аныктоонун зарылчылыгы келип чыгат. Мына ушуга байланыштуу же келечектеги айыл мектебинин мугалимдерине багытталган атайын компетенциялар гана “чекиттүү” (тандалма) мүнөздө болушу зарыл [12]. Мына ошондуктан кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууда атайын компетенциялардын ордун так аныктап, кимге багытталгандыгын жана кимдер аны өздөштүрүүгө кызыктар экендигин так

билсек, анда билим берүү процесси кадыресе натыйжалуу болот.

Адабияттарды талдоонун натыйжасында айыл мектебинин мугалиминин жалпы педагогикалык компетенцияларынан тышкары, төмөндөгүдөй кошумча компетенцияларга ээ болуу керектиги белгилүү болду:

– *психологиялык-педагогикалык*, окутуучу тарабынан айыл мектептеринде окуу-тарбия процессин өтүүгө мүмкүнчүлүктөрүнүн болушу;

– *дидактикалык*, билим берүүнүн мазмунун тандоого, окуучуларда бай прикладдык билимдеринин топтомун калыптандырууга жана айыл чарбага багытталган практикалык билгичтиктери;

– *методикалык*, айыл мектептеринде окуучуларынын көрүү-образдуу ой жүгүртүүсүн жана практикалык иш аракеттеринин өнүгүүсүн камсыздоо мүмкүнчүлүгү;

– *коомдук-маданий*, мектеп айыл жергесинде социалдык заказ аткаргандыгы, ошол эле учурда айылдагы жашоочуларды каада-салттарды сактагандыгын жана чарбанын муктаждыктарын билүүсү [217].

Келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу үчүн педагогикалык ойломду калыптандырууга аракет кылдык:

*1-этапта* студенттердин кесиптик маданиятка болгон кызыгууларын арттыруу, сүйлөшүп жаткан адамды кунт койуп угуу жана түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу;

*2-этапта* студенттердин туура, тастыкталган чечим чыгаруу жана пайда болгон тыянактарды теориялык-практикалык, стандарттык жана стандарттык эмес маселелерди чечүү үчүн сынчыл ойлом көндүмдөрүн калыптандыруу (иш чаранын формасы: дискуссия, ролдук оюндар, окуу диалогу, талаш тартыш диалогу ж.б.);

*3-этапта* студенттердин рефлексивдик көндүмдөрүн, окулуп жаткан материалга өзүнүн жеке оюн жана мамилесин калыптандыруу, изилденип жаткан маалыматты жалпылоо жана баалоо, көйгөйдү аныктоо жана чече

билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ кылуу .

Жүргүзүлгөн теориялык иликтөөлөргө таянуу менен төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик.

1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу окуу жайдагы билим берүү программалардын мазмунунан жана окуу-тарбия иштерин уюштуруудан көз каранды.

2. Келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданият боюнча билимин, педагогика предметин өздөштүрүү калыптандырууда өзгөчө орунду ээлейт.

3. Теориялык билимдерди актуалдаштыруу учурунда салттуу жана инновациялык форма, методдорду, студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу натыйжасын камсыз кылат.

## Биринчи бап боюнча корутунду

Теориялык булактарды изилдөөдө аныкталгандай маданияттын аныктмалары көп болгондуктан илимий иштин предметине жакын болгон аныктаманы алдык. Ишибиздеги биринчи милдетине ылайык – жалпы маданият түшүнүгүн талдоо, экинчиден – мугалимдин кесиптик маданиятын, үчүнчүдөн – педагогикалык маданият, ал эми акырында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты жөнүндө кеңири маалымат берилип, ага дыкаат иликтөө жүргүзүлдү.

Маданият - бул билим, таалим-тарбия алуу процессинде адамдын өсүп жетилүүсүнүн, акыл эсинин, мүнөзүнүн, түшүнүгүнүн, жоопкерчилигинин жана башка сапаттарынын көрсөткүчтөрү катары берилет.

Кесиптик маданият – бул кесиптик ойломго кирген кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдөгү өнүккөн жөндөмдүүлүк. Ал эми «педагогикалык маданият» түшүнүгү жүрүм-турум эрежелеринин, ченемдеринин жыйындысын камтып, педагогикалык техниканын, сабаттуулуктун белгиси катары каралат.

Айыл мектебинин мугалимнин КПМы жетиштүү түрдө каралган эмес, изилдөөбүздө аныктаманы айыл мектебинин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныктадык. Айыл мектебинин мугалиминин КПМы – бул социалдык-экономикалык, маданий, этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, педагогикалык баалуулуктарды жана педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө, айыл жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк.

Демек, “маданият”, “кесиптик маданият”, “педагогикалык маданият” түшүнүктөрүнүн ар кандай аныктамаларына карабастан, айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын тарбиялоо процесси үчүн актуалдуу болгон.

- кесиптик-педагогикалык маданият маданий баалуулуктардын, жүрүм-турум үлгүлөрүнүн социалдык тажрыйбасын берүүнүн формасы катары;

- кесиптик-педагогикалык маданият коомдун, чыгармачыл күчтөрдүн жана адамдык жөндөмдөрдүн тарыхый жактан аныкталган деңгээли катары;

- кесиптик-педагогикалык маданият адамдардын жашоосун уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн жолу катары, атап айтканда адамдын, өзүнө болгон мамилелеринин жыйындысында чагылдырылган.

Изилдөө ишибиздин экинчи милдетин аткаруу айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык компоненттерин бөлүп көрсөтүлдү. Ал эми акырында кесиптик-педагогикалык маданияттын гносеологиялык, гуманистикалык, коммуникативдик, окутуучу, тарбиялоочу, маданият таратуучу, маалыматтык функциялары ачып көрсөтүлдү.

# ЭКИНЧИ БАП. АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Кесиптик-педагогикалык маданиятты изилдөө материалдары жана методдору

Изилдөөбүздө айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын, теориялык моделин иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык экспериментте текшерүүгө багытталган.

Изилдөөнүн **объектиси:** ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин даярдоо процесси.

Изилдөөнүн **предмети:** ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда студенттердин КПМды калыптандыруу.

Коюлган максат жана милдеттерге ылайык, изилдөөнүн комплекстүү методдору колдонулду: *теориялык анализ жүргүзүү методу: анализ, синтез, моделдештирүү, документтерди иликтөө, эмпирикалык методдор, байкоо жүргүзүү методу, сурамжылоо методу, анкета алуу методу, тестирлөө, педагогикалык эксперимент методу.*

Изилдөөдө окумуштуу-педагогдор Т.Ф. Белоусованын [31], Е.В. Бондаревскаянын [39], Н.В. Бордовскаянын [40], Э. Мамбетакуновдун [133], Н.В. Реандын, Н.В. жана В. Ядовдун [217] иштерине таяндык.

***Теориялык анализ жүргүзүү методу.*** *П*едагогикалык изилдөөлөрдө жалпы жана керектүү, маанилүү жана маанисиз мыйзамченемдүүлүктөрдү аныктоого же болбосо өнүгүүгө таасир этүүчү факторлордун маңызын түшүнүүнү камсыздайт. Маданият түшүнүгүн философиялык жана педагогикалык булактарга талдоо жүргүзүлүп, изилденип жаткан көйгөйдү анализ, синтез жана жалпыланды. Бул методдордун жардамы менен изилдөө ишибизин биринчи милдетин аткардык.

*Анализ* (грек. тилинен – бөлүү, бөлүк-бөлүккө ажыратуу) – бүтүн

объектини бөлүктөргө ажыратып, алардын ар бирин өз алдынча үйрөнүү методу. Бирдиктүү педагогикалык процессте анализ реалдуу практикалык иш аракеттер менен катар ойдогу акыл аракеттер аркылуу дагы ишке ашырылат. Изилдөө иште бул методду колдонуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын структуралык түзүмдөргө жана айыл мектеп мугалимдеринин ишмердигине талдоо жүргүздүк, бул түзүмдө кесип түшүнүгүнө өзүнчө токтолуп, андан соң педагогикалык кесип, маданият, педагогикалык маданият жана кесиптик маданият деп ар бири чагылдырылды.

*Синтез* (грек. synthesis – бириктирүү, айкалыштыруу, түзүү) – предметтин же кубулуштун ар кандай жактарын, касиеттерин, белгилерин бир бүтүндүккө бириктирүү. Анализ учурунда бөлүнүп алынган түшүнүктөр бириктирилди, бул жол менен ажыратылган маданият түшүнүгүн кесип жана педагогикалык ишмердүүлүк менен бир түзүм кылып, келечектеги айыл мектебинин мугалиминин ишмердиги ушуга жараша берилди. Анализ жана синтез методдору аркылуу кесиптик-педагогикалык маданияттын мазмунун, функциясын жана структурасын ачып көрсөтүүгө умтулдук, демек ишибиздин экинчи милети аткарууда колдонулу [105].

*Жалпылоо* – бул биринчиден, жөнөкөй, жекече билимдерден жалпы маанидеги билимдерге логикалык туура жол менен өтүү процесси, предметтин жалпы касиеттерин жана белгилерин аныктоо; экинчиден, ал процесстин натыйжасы, башкача айтканда жалпыланган түшүнүк, закон, теория. Анализ жана синтез аркылуу маданият түшүнүгүнүн окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү орду, илимий эмгектин изилдөө предметине жакын аныктаманы тандоо жана ага ылайык теориялык негиздерин аныктоо, кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун комплекстүү методдорун жалпылаштыруу [133, 25-27-бб.].

Окумуштуулардын позициясына таянып анализдөө, синтездөө жана жалпылаштыруу менен көп кырдуу, татаал түшүнүк болгон маданиятты

изилдөөгө жакын аныктаманы таптык. Маданият, педагогикалык жана кесиптик-педагогикалык маданияттын мазмундарын, өзгөчөлүктөрүн жана мугалимдик кесипте кандай милдетти аткараарын көрсөттүк. Кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттерин айыл мектебинин мугалиминин ишмердиги, айыл мектеп шарттарына ылайык модификацияланып, схема түрүндө берилди. Мугалимдин ишмердигинде кесиптик-педагогикалык маданияттын түрдүү фукциялары берилип, алардын мазмундары иликтенди.

*Моделдештирүү.* Модель – объектинин же процесстин негизги белгилерин чагылдырган идеалдуу үлгү. Педагогикада көбүнчө процессти белгилер аркылуу моделдештирүү колдонулат. Алар схема, таблица, сүрөт, график жана башка түрлөрдө берилет. Моделдештирүү менен келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун системалуу бири-бири менен байланышкан жол жобосу берилди. Анда калыптандыруунун максаты, мазмуну, ишке ашыруунун жолдору жана текшерүү блоктору чагылдырылды. Ар бир блокко тийиштүү болгон калыптандыруунун каражаттары, методдору жана формалары чагылдырылды. Бул метод аркылуу айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштелип чыкты, демек 3-милдетти аткарууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Моделдештирүүдө схема аркылуу калыптандыруу иштин ар бир баскычы түшүндүрүлдү (2.3.-сүрөт).

*Документтерди иликтөө,* талдоо бизге маалыматтын негизги булагы катары кабыл алынып, изилденип жаткан кесиптик-педагогикалык маданият маселесинин структурасын сүрөттөөгө, педагогикалык коллективдин жана кээ бир мугалимдердин өз ара байланыштарынын, мамилелеринин динамикасын изилдөөгө, ж.о.э. бүткүл изилдөө ишинин туруктуулугун, чындыгын текшерүүгө жардам бере алды. Биз үчүн документтерди иликтөө, изилдөөбүздүн алгачкы мезгилдеринде маанилүү жана пайдалуу болду, анткени анын жардамы менен изилденүүчү көйгөй ар тарабынан каралды.

Изилдөө учурунда окутуучулардын 3 жыл ичинде окуу-тарбия иштеринин жекече пландары, ал эми педагогикалык практика учурунда мектептерде класс жетекчилердин иш пландары, кафедралардын профессордук-окутуучулар курамынын отурумдары, тарбиялык иштердин пландары, семинар, тренинг, тегерек столдордун жана конференциялардын резолюциялары дыкаат иликтенди. Маселени иликтөө үчүн жумушчу программалар, окуу куралдары, окуу методикалык колодонмолор, ЖОЖдордо окутуу, даярдоо ишинин мазмунун терең билүү үчүн иш кагаздары, отурумдардын протоколдору иликтенди.

***Эмпирикалык методдор*** – эмпирика грек тилинен которгондо “empeiria” – тажрыйба деген маанини билдирет. Педагогикалык кубулуштардын мазмунун (негизин) ачып көрсөтүү, анын классификациясы, милдети, шарттары, орду, себептери, кесепеттери теориялык методикасыз ишке ашыруу мүмкүн эмес. Ошону менен бирге эмпирикалык методдордун курамына байкоону, сурамжылоону, баарлашууну, студенттердин иш-аракеттеринин (чыгармачылык, оозеки, жазуу, текшерүү иштеринин) жыйынтыктарын изилдөөчү методикаларды, тестирлөөнү жана педагогикалык экспериментти колдондук.

*Байкоо жүргүзүү методу* – кеңири колдонулган, көп каражатты жана убакытты талап кылбаган изилдөө методу. Изилдөөнүн жүрүшүндө келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптанган деңгээлин текшерүү максатында байкоо жүргүзүү методу колдонулду. Байкоо жүргүзүү үчүн масатты жана милдеттерин коюп, аларды иш жүзүнө ашыруу үчүн канча убакыт сарпталаарын, убактысын, кырдаалды жана алынган маалыматтарды каттоону ишке ашырдык. Анда кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптанган көрсөткүчтөрү болгон дилгирлик, өзүн-өзү өнүктүрүү, теориялык билимдерди практикада колдонуу, педагогикалык багыттуулугу ж.б. байкоочу тарабынан белгиленип жатты.

*Сурамжылоо методу* – изилдөөдө ири колдонулган метод, аныкталган план боюнча катышуучуларды массалык сурамжылоо процесси. Бул

суроолор оозеки (интервью) жана жазуу (анкеталык сурамжылоо) түрүндө болду. Сурамжылоо методикасы аркылуу студенттердин новатор-педагогдор менен жолугушууда кандай таасир алгандыгына ж.б. байланышкан маалыматтар алынды.

*Анкета алуу методикасы* - студенттерден педагогикалык ЖОЖго тапшыруу мотивдерин, бош убакытты колдонуу, окуу жайды бүткөндөн кийин педагогикалык ишмердик менен алек болуусун аныктоого багытталган.

Анкетадан кийин текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын жоопторуна талдоо жүргүзүлдү. Анкетанын суроолору кесиптик-педагогикалык маданияттын үч негизги компоненттеринин мазмунуна жараша түзүлдү. Аксиологоиялык компонентке: китепканага баруу, интернет айдыңынан керектүү маалыматты окуу, театр жана музейге баруу ж.б. (баалуулук катары). Ал эми технологиялык компонентке: балдардын психологиясы жана аларды тарбиялоо боюнча адабияттарды окуу, кичинекей балдар менен убакыт өткөргөнгө умтулуу, өзүн-өзү өнүктүрүүгө багытталган семинар-тренингдерге баруу, илим-билим менен байланышкан программалар менен таанышуу ж.б. Инсандык-чыгармачылык компонентке: инсандык сапаттарды өнүктүрүүгө багытталган адабияттарды окуу, ыктыярчы (волонтер) болуп ар кандай ишембиликке чыгуу, спорт менен машыгуу ж.б. камтылган. Мындан тышкары кесиптик-педагогикалык маданияттын экологиялык, дене тарбиялык, эстетикалык, пикир алышуунун маданияты ж.б. анкетанын суроолору камтылды. Анкетанын жыйынтыктары 3-главада берилди.

Окумуштуулардын ишине таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын абалын аныктоочу анкеталык суроолор түзүлдү. Анкетанын мазмуну төмөндөгү маселелерди камтыды:

1. Педагогикалык окуу жайга тапшырып жаткан жаштарга социалдык мүнөздөмө берүү (коомдук, мугалимдик кесипти тандоочу мотивдерди ж.б.).

2. Алардын окуу-тарбия процессине гуманитардык жана педагогикалык-психологиялык циклдагы окуу предметине болгон мамилесин аныктоо.

3. Кызыгууларын, маданий суроо-талаптарын билүү жана кругозорунун тереңдигин аныктоо.

4. Студенттердин “кесиптик-педагогикалык маданият” түшүнүгү тууралуу жана анын компоненттерин, бүткүл элди илим-билимге сугаруу тууралуу оюн, көз карашын билүү.

*Биринчи* сурамжылоо барагы студенттердин социалдык мүнөзүнө багытталган, ал өзүнө төмөндөгү бөлүмдөрдү камтыды.

1. Респондент кайсы билим берүү мекемесин аяктаган (орто мектеп, кесиптик колледж ж.б.) жана ЖОЖго тапшыруу мотиви.

2. Педагогикалык дисциплиналарынын жетишкендиктери, педагогика жана психология боюнча лекция, семинарларга болгон мамилеси, педагогикалык дисциплиналарды окуу жана кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу мотивдери.

3. Кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптанышынын шарты болгон өзүн-өзү окутуу жана тарбиялоо деңгээлдери.

*Экинчи* сурамжылоо барагынын максаты “кесиптик-педагогикалык маданият” түшүнүгүн жана келечектеги мугалимдин инсандык сапаттарынын калыптанышына тийгизген таасирине арналды. Бул сурамжылоо барагы төмөндөгү суроолорду камтыды:

1. Сиз мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданияты тууралуу эмне билесиз?

2. Кесиптик-педагогикалык маданияттын кандай компоненттери бар?

3. Мугалимдин чыгармачылыгын өнүктүрүү маселелерине эмнелер кирет? Ушул жана башка суроолордон турду.

*Тестирлөө методикасы* – “тест” деген сөз англис тилинен алынып, сыноо деген маанини билдирет. Башка изилдөөлөргө караганда тестирлөө тактыгы, жөнөкөйлүгү, жеткиликтүүлүгү, автоматташтырылгандыгы менен

айырмаланат. Тестирлөө методикасы аркылуу кесиптик-педагогикалык маданият тууралуу – аныктамалары, түрлөрү, компоненттери, функциялары камтыган тесттик суроолор берилип, студенттердин кесиптик-педагогикалык маданият боюнча билимин текшерүүгө жардам берди. Студенттердин билим деңгээлин текшерүү иретинде тесттик тапшырмалар түзүлдү, анын мазмунунда маданияттын түрлөрү, компонеттери жана функцияларына багытталган варианттары менен суроолор берилди (2-тиркеме).

*Педагогикалык эксперимент* – “эксперимент” түшүнүгү латын сөзүнөн алынып, “тажрыйба”, “сыноо” деген маанини билдирет. Педагогикалык эксперимент – педагогикалык процессти кайра жаратуунун илимий тажрыйбасы. Башка методикалардан айырмаланып, эксперимент методикасы чыгармачыл мүнөзгө ээ. Педагогикалык эксперимент методикасы аркылуу кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу боюнча сунушталган тандоо курсу, атайын окуу методдорун, формаларын иш жүзүнө киргизилгенден кийин эксперименталдык группанын студенттери кандай жетишкендиктерге жеткендиги, констатациялык эксперимент менен калыптандыруучу эксперienттин айырмачылыктары берилди. Аныкталган педагогикалык шарттардын, теориялык моделдин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерилди, демек төртүнчү милдет аткарылат.

## 2.2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары

Кыргызстанда билим берүү системасын модернизациялоонун шартында чыгармачылык менен иштей билген мугалимди даярдоонун зарылдыгы өсүүдө. Анткени, мугалим коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында ата-энеге, элге жана мекенге кызмат кылуучу, активдүү турмуштук позицияга ээ болгон коомдун мүчөсүн тарбиялайт.

Мына ушул проблеманы чечүү келечектеги мугалимдин педагогикалык маданиятын калыптандыруунун мазмунун аныктоонун зарылдыгын пайда кылды.

Жогоруда белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик маданиятын калыптандырууда мааниге ээ болгон педагогикалык шарттарды аныктоого жардам берет.

Кыргыз Республикасынын билим берүү стандартында педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча иштелип чыккан компетенциялар, алар *универсалдуу*: жалпы илимий компетенциялар (ЖК), инструменталдык компетенциялар (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИМ); *кесиптик компетенциялар (КК)* [57]. Ушул компетенциялардын негизинде айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу зарыл.

Илимий адабияттарда кесиптик-педагогикалык маданияттын ири компоненттеринин бири – бул кесиптик компетенттүүлүк белгиленген. Кесиптик-педагогикалык билим берүүдө компетенттүүлүк деп, тигил же бул тармактагы билимдерин жана аларды тажрыйбада колдоно билүүсү жана кесиптик даярдык катары берилет. Ушуга байланыштуу айыл мектебинин келечектеги мугалимин даярдоонун мазмунуна кесиптик милдеттер таасир этүүчү фактор болуп саналат [74]. Адабияттарды талдоонун натыйжасында айыл мектебинин мугалиминин жалпы педагогикалык компетенцияларынан тышкары, төмөндөгүдөй кошумча компетенцияларга ээ болуу керектиги белгилүү болду:

– *психологиялык-педагогикалык*, окутуучу тарабынан айыл мектептеринде окуу-тарбия процессин өтүүгө мүмкүнчүлүктөрү;

– *дидактикалык*, билим берүүнүн мазмунун тандоого, окуучуларда бай прикладдык билимдеринин топтомун калыптандырууга жана айыл чарбага багытталган практикалык билгичтиктери;

– *методикалык*, айыл мектептеринде окуучуларынын көрүү-образдуу ой жүгүртүүсүн жана практикалык иш аракеттеринин өнүгүүсүн камсыздоо

мүмкүнчүлүгү;

– *коомдук-маданий*, мектеп айыл жергесинде социалдык заказ аткаргандыгы, ошол эле учурда айылдагы жашоочуларды каада-салттарды сактагандыгын жана чарбанын муктаждыктарын билүүсү [216].

Мына ушул сыяктуу окумуштуулардын көз караштарына таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап чыгуу милдетин койдук.

Педагогикалык жана психологиялык адабияттарда педагогикалык шарт жөнүндө ар түрдүү аныктамалар берилген. Шарт – бул адамдын физикалык, адеп-ахлактык, психикалык өнүгүшүнө жана анын жүрүм-турумуна, тарбиялоого, окутууга жана инсандын калыптануусуна таасир этүүчү жаратылыштык, социалдык, тышкы жана ички таасир этүүлөрдүн топтому [199].

В.Н. Андрееванын пикири боюнча педагогикалык шарт – окутуу жана тарбиялоонун мазмуну, методдору, уюштуруу формаларын аныктаган иш чаралар [10].

Педагогикалык шарт – бул материалдык мейкиндик жана билим берүүнүн инсандык өсүп-өнүгүүгө таасир этүүчү жана анын натыйжалуулугун камсыздоочу педагогикалык системанын компоненти [105].

Ал эми, А.Я. Найндын көз карашы боюнча коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган мазмундун, формалардын, методдордун, каражаттардын жана материалдык мейкиндиктин чөйрөсүнүн жыйындысы [146].

Жогорудагы жана башка аныктамаларга таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда педагогикалык шарттардын маанисин белгилөө, алардын ишке ашырылышынын механизмдерин көрсөтүү изилдөөнүн коюлган милдеттерин аткарууну камсыздайт.




**2.-сүрөт. Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун педагогикалык шарттары**

Теориялык булактарга, республикабыздын айыл мектептеринде жана келечектеги мугалимдерди даярдоо боюнча топтолгон тажрыйбаларга таянуу менен төмөндөгүдөй педагогикалык шарттарды белгилемекчибиз:

***Этнопедагогикалык шарт.*** Кыргызстандын көрүнүктүү педагог-окумуштуулары А. Алимбеков [9], Н.А. Асипова [19], А.Т. Калдыбаева [97], Т.В. Панкова [161], М.Р. Рахимова [170], ж.б. мугалимдерди даярдоодонун теориялык жана практикалык маселелерин изилдешип, этнопедагогиканын мааниси чоң экенин көрсөтүшкөн. Студенттердин КПМды калыптандырууда айыл жергесинин өзгөчөлүгүн эске алуу мене төмөндөгүдөй принциптердин негизинде калыптандыруу процессин ишке ашырдык: *маданий шайкештик* – маданий чөйрөнү түзүүгө, анда руханий, материалдык баалуулуктарды негиздөө. *Интегративдик* - педагогикалык илимдин теориясы жана практикасы менен айкалышта, илимий, маданий билимдер тутумунун негизинде педагогикалык процессти түзүүгө негизделген. *Практикалык багыттуулук принциби* – окуу-тарбиялык милдетти аткарууда этнопедагогикалык каражаттарды, ыкмаларды, методдорду колдонуу менен

практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу. *Субъекттик* принциптеринин негизи өзүнүн тандоосу үчүн жоопкерчилик алып, айыл шартында субъект-субъект мамилеге багыт алышы.

Ааламдашуу мезгилинде билим берүүнүн мазмунун кыргыз маданиятынын, элдик педагогиканын баалуулуктары менен байытуу аркылуу келечектеги айыл мектеп мугалимдерин даярдоо мааниге ээ болот. Бирок жаңы социалдык-экономикалык шарттарга ылайык айыл мектеп мугалимдерин даярдоодо этнопедагогикалык жагдайлары жеткиликтүү карала элек. Айыл жергесинин жашоочулары каада-салт, үрп-адат, элдик кол өнөрчүлүктү, улуттук маданиятты алып жүрүүчүлөр болуп эсептелет. Ошондуктан ЖОЖдо педагогикалык нукта ой жүгүртө алган, ааламдашуу процессинин алкагында элдик каада-салттарды эске алып окутуу-тарбиялоону уюштурган кесипкөй адисти даярдоонун зарылдыгы келип чыкты. Мындай инсанды калыптандыруу ЖОЖдо окуу-тарбия ишинин этнопедагогикалык багыттуулугун арттыруу, этнопедагогикалык компетенцияны калыптандырууну талап кылат. Анткени, элдик педагогикада жаш муундарды жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен билим, тарбия берүүнүн ар кыл аспектилери каралган.

ЖОЖдо келечектеги айыл мектебинин мугалимин даярдоо процессинде этномаданиятташтырууга көңүл буруу зарыл жана окуу-тарбия ишин этнопедагогикалаштыруу менен төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

– ЖОЖдо окутуу-тарбиялоо ишинин жүрүшүн этнофилософияга, этнопсихология жана этнопедагогикага таянуу;

– келечектеги мугалимдерди этномаданият менен тааныштыруу;

– кыргыз каада-салт, үрп-адаттарынын негизинде билим берүү;

– фундаменталдуу билим берүүнүн мазмунун этнобилим түшүнүктөр менен байланыштыруу;

– педагогика боюнча типтүү программаларын түзүүдө улуттук маданияттын баалуулуктарын эске алуу;

– кыргыз маданий баалуулуктарын алып жүрүүчү катары келечектеги мугалимдерди даярдоо этнокомпетенттүүлүктү калыптандыруу жана кайра даярдоо маселелеринин үстүндө иштөө;

– билим берүү системасындагы башкаруучулардын укуктук, этномаданий жана улуттар аралык байланыш боюнча компетенттүүлүгүн жана педагогдордун функционалдык милдеттерин жогорулатуу.

Жогорудагы билим берүү процессин этномаданиятташтыруу көп улуттуу өлкөбүздө улуттардын маданий баалуулуктарын таанууга, өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Адистин этномаданий компетентүүлүгү деп улуттар аралык пикирлешүүдө жана кесиптик, социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө өзүнүн улутунун жана башка этностордун маданияттарынын өзгөчөлүктөрүн натыйжалуу колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн түшүндүрөт [89].

Этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруунун негизги каражаттары катары *ишмердүүлүк, пикир алышуу, окутуу* жана *тарбиялоо*. Адистин этномаданий компетенциясы бар экенин төмөндөгү көрсөткүчтөр менен түшүндүрүүгө болот:

– башка этникалык группалардын улуттук-психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүсү;

– тигил же бул улуттун өкүлү менен пикир алышуу үчүн ошол улуттун этномаданий өзгөчөлүктөрүн билүүсү;

– адистин этномаданий жана конфессиялык толеранттуулугунун жогорку деңгээли;

– кесиптик жана социалдык көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүдө этномаданий диалогдорду жүргүзүү көндүмдөрү [89].

Этномаданий шарттын негизинде келечектеги мугалимдерди айыл жергесинин салттуу жөрөлгөлөрүн сактоо, улууну урматтоо, кичүүгө сый мамиле жасоо менен ата салтын улай, улуттук баалуулуктарды муундан муунга өткөрүп берүүгө түрткү берилет. Мына ошондуктан, болочоктогу мугалимдерди даярдоодо этномаданий чөйрөнү түзүү мааниге ээ болот.

***Кыргызстандагы новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбасын үйрөнүү.*** Кыргыз Республикасынын Эл мугалимдери *Б. Исаков, С. Абдрахманова, А. Сманбаев,* новатор-педагогдордун ж.б.лардын өмүр жолун, педагогикалык тажрыйбасын, идеаларын, илимий-методикалык эмгектери менен тааныштыруу айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда өзгөчө орунду ээлейт. Эл мугалимдери, педагог-новаторлор ишмердүүлүгүн айыл мектептеринде башташып (кээси азыркыга чейин эмгектенип келишет) окутуу жана тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорку деңгээлге жеткиришкен. Изилдөө учурунда Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультетинде бир нече ирет “Өмүрү өрнөк инсандар” аттуу студенттер аралык республикалык конференция болуп, анда Кыргыз билим берүүсүнө эмгеги сиңген инсандар тууралуу баяндамалар жасалган. Ага Эл мугалимдери, эмгек сиңирген мугалимдер, көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор катышкан. Мындай иш чаралар келечектеги мугалимге керектүү инсандык-кесиптик сапаттардын калыптанышына таасирин тийгизери байкалат. Педагог-новаторлордун өмүр таржымалын, илимий-методикалык тажрыйбасын окуу жана изилдөө кандай натыйжага алып келерин белгилүү Эл мугалими Бектур Исаковдун ишмердүүлүгүнүн негизинде карадык. Б. Исаков азыркыга чейин айыл мектебинде эмгектенип келет, анын ой толгоолору атактуу Я.А. Коменский, Ж.Ж. Руссо, И.Г. Пестолоцци, В.А. Сухомлинский, Л.Н. Толстой жана башка новаторлордун идеяларын терең өздөштүрүп, окуучулардын инсандык сапатын өнүктүрүүгө салым кошууда. Өзүнүн 45 жылдык үзүрлүү эмгегинин натыйжасында көптөгөн сыйлыктарга ээ болду: СССРдин элдик билим берүүсүнүн отличниги (1980); Ч. Айтматов атындагы Эл аралык академиясынын академиги (1994); “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы медалы (1995); И. Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты (1997); Кыргыз Республикасынын Даңк медалы (1999); Кыргыз Республикасынын Эл мугалими (2003); Талас мамлекеттик университетинин ардактуу профессору (2003); “Манас ата” сыйлыгынын лауреаты (2008);

Крупскаянын медалы (1995) ж.б.

Бектур Исаков 41 окуу методикалык жана окуу куралдарын чыгарды, 250дөн ашык макала жазган. Алардын арасында бешинчи класс үчүн “Биздин адабият”, 8-класс үчүн “Кыргыз адабияты”. 3-класстан 11-класска чейин “Манас” боюнча окуу куралы ж.б. бар. Ошону менен бирге элдик педагогика, адептик маданият жана окутуу-тарбиялоо боюнча көптөгөн китептердин автору [25].

Азыркы күндө дагы новатор-педагогдор айыл мектебинде эмгектенип, анын окуучулары устатынын тажрыйбасын активдүү колдонуп өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо өз салымын кошуп келишет.

Келечектеги мугалимдердин новатор педагог, Эл мугалими Бектур Исаковдун өмүр таржымалы, педагогикалык ишмердиги менен тааныштырып жатып, анын окуучулар менен мамиле түзүү маданияты, педагогикалык техниканын, инсандык сапаттары жөнүндө кеңири маалымат ала алабыз. Мындай материалдар кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттерин калыптандырууга таасирин тийгизе тургандыгы белгиленет. Мына ушул материалдар келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда чоң роль ойнойт.

***Айыл мектептери менен таанышуу.*** Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн 2020-жылга чейинки өнүктүрүү стратегиясында инновациялык потенциалга негизделиши көрсөтүлгөн. Бүгүнкү күндө мектептердин 80%ы Интернет менен жабдылгандыктан келечектеги айыл мектебинин мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда маалыматтык технолологияларды окуу-тарбия процессинде пайдалануу боюнча атайын билгичтиктерди калыптандырууну талап кылат. Мындай билгичтиктер айыл мектептери менен таанышууда маалымат технологияларынын мүмкүнчүлүктөрүн активдүү колдонуу, аларды өздөштүрүү боло алат.

Кыргызстандын айыл мектептери менен таанышуу болочоктогу мугалимдерге сабактан тышкаркы учурда уюштурулуп, жөнөнкөй айыл

мектептеринин иштөө шарттары, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуусу, мугалимдердин окуу-методикалык иши, окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен таанышуу болду. Эксперименталдык топтун студенттери педагогикалык практикаларды айыл мектептеринде өтүшүп, төмөндөгү темалар боюнча өз алдынча иштерди аткарышты (реферат жана курстук иштер):

- Заманбап окуу технологияларын жана методикаларын айыл мектеп шарттарына киргизүү.
- Айыл мектеп окуучуларын адис тандоого даярдоо.
- Айыл мектеп мугалимин жалпы республикалык тестирлөөгө окуучуларды даярдоо методикалык иши.
- Айыл мектебинин маданияттүзүүчү жана маданиятжаратуучу борбор катары.
- Айыл мектептеринин жана кичи комплектүү айыл мектептеринин мугалимдери жана студенттер.
- XXI кылымдын айыл мектеби.
- Эмгекке окутуу жана тарбиялоо менен окуучулардын коомго аралашуусун камсыздоо, улуттук каада салттарды жандандыруу.
- Илимий-методикалык иш айыл мектебинин инновациялык ишмердигинин шарты катары.
- Айыл мектебинин социалдык-педагогикалык көйгөйлөрү.
- Айыл мектебинде коомдук маданий өзгөрүүлөр.

Мектептер менен таанышуу өлкөбүздүн алыскы Баткен областынын Лейлек районунун Жаштык айылынын №3 мектеп гимназиясы болду.

Бүгүнкү күндө тээ түпкүрдө, чек арада жайгашкан бул мектеп мыкты окуу куралдары, жаңы маалымат технология менен жабдылган алдыңкы мектептерине кирет. Бул мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн 95%ы Кыргызстандын алдыңкы университеттерине бюджеттик орундарга өтүшөт, республикалык деңгээлдеги олимпиадаларда жалаң байгелүү орундарды

ээлешет. Мектепте 2020-21-окуу жылга карата 28 мугалим эмгектенип, алардын ичинен 9 жаш мугалим 5 жылдык стажга чейин, ал эми калгандары 10 жылдан жогору. Окуучулардын саны 274. Мектептин мугалимдери тарабынан окуучуларды олимпиада, конкурс жана ар кандай көргөзмөлөргө активдүү даярдашып келишет. Айта турган болсок акыркы 3 жыл ичинде республикалык олимпиадаларга 10 окуучу катышса, алардын 8 байгелүү орундарга жетишкенин мектеп негиздөөчүсү, директору Г.Мадаминов белгилейт [222].

Мектептин негиздөөчүсү Мадаминов Г. мектептин "Эне мектеби" деп айылдагы ата-энелерди окутуп келет. Новатор мугалимдин пикири боюнча балдардын илим-билимге кызыгып, ага тартылуусу үйдөгү атмосферадан чоң көз каранды экендигин белгилейт "Үй бүлөдө ата-эне билимге көңүл бурбаса, кызыкпаса, социумда билимдин баркы болбосо балдардын окубастыгы бул - табигый көрүнүш".

Учурда Г.Мадаминовдун методикасы жана окуу куралдарын Кыргызстандын булуң-бурчтарындагы мектептер өздөштүрүүгө активдүү аракеттенишүүдө [222].

*Жекечелештирүү* (индивидуалдаштыруу) жана *дифференцирлөө*. Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык окуу жайга өткөндөрдүн арасында (кокусунан келгендер) кесип тандоого негизделген мамиле-мотиви бар. Бирок, алардын жекече кызыгууларын, мүмкүнчүлүктөрүн, шыгын эске алып, жекечелештирүү жана дифференцирлөө менен алардын кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу натыйжалуулугун арттырууга болот.

"Дифференцирлөө" (лат. тилинен айырмачылык) – окуучулардын шыгын, кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүнүн негизинде уюштурулган окутуунун формасы.

"Жекечелештирүү" – окутуу процессинин форма жана методдорунда ишке ашырууда окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу.

Дифференциалаштырууну колдонуу окутуунун максатын жана

милдеттерин аңдап билген максаттуу чыгармачыл инсанды өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн түзүп, билим алуунун мотивациясын активдештирип жана прогрессивдүү педагогикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырат [91].

Окутууда жекечелештирүү жана дифференциалаштыруунун негизин окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу. Индивидуалдаштыруу – бул баланын жекелигин сактап жана өркүндөтүп, инсанды тарбиялоо максатын көздөйт [138].

Жекечелештирүү жана дифференциалдаштыруу шартын түзүү менен, окутуучу студенттин өсүү динамикасын байкай билип жана аны эске алышы керек; ар кайсы топтогу студенттер менен коллективдик иштерди алып баруусу жана ошол топтор менен иш алып баруу системасын тандоо мүмкүнчүлүгүнүн болушу.

Дифференцияланган окутуу – бул:

1. Окуу процессине маанилүү делген сапаттарга ылайык түзүлгөн окуучулардын тобун окутуу процессин уюштуруу формасы.

2. Ар кайсы топтогу окуучулардын адистешитирүүсүн камсыздаган жалпы дидактикалык системанын бир бөлүгү.

Азыркы билим берүү практикада дифференциациянын төмөндөгүдөй түрлөрү жана формалары бар:

1. *Тышкы дифференциация.* Ал өзгөчө типтеги окуу топторун түзүүнү түшүндүрөт: алар өзгөчө жөндөмдүүлүктөрү бар студенттер менен иш алып барууга умтулушат. Ишибиз дифференцирлөөнүн бул түрү аркылуу эксперименталдык топ менен иш алып бардык.

2. *Ички дифференциация.* Топтун ичинде туруктуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутууну уюштурууну түшүндүрөт.

Окутуучу тарабынан топтун ичиндеги дифференциалаштыруу бир нече этаптан турат:

1. Диагностика жүргүзүү (сурамжылоону колдонуу).

2. Диагностиканын жыйынтыгы менен студенттерди топторго бөлүштүрүү.

3. Дифференциациянын жолдорун аныктоо жана дифференциаланган таптшырмаларды берүү.

4. Сабактын ар кайсы этаптарында дифференциланган мамилени ишке ашыруу.

5. Жыйынтыгын диагностирлөө.

Топту мындай бөлүштүрүүнүн оң жактары бар:

1. Окутуучунун начар окуган студентке жардам берүүсүн, ал эми жакшы окуганга көңүл буруу мүмкүнчүлүгүнүн пайда болушу.

2. Мен-концепциясынын деңгээлин жогорулатуу: күчтүү студенттер өзүлөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн кабыл алышат, ал эми начар окуган студенттер окуу жетишкендиктерин сезүү менен жетишпестик комплексинен арылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

3. Күчтүү группаларда окуу мотивациясынын жогорулашуусу.

4. Бирдей жана окшош мүмкүнчүлүктөрү бар группаларда студенттер жакшыраак окушат.

5. Студенттердин өз алдынчалуулугун жогорулатуучу каражат катары [141, 18-21-бб.].

Анткени, мындай мамиле ар бир студентке жекече мамиле кылууну, ошол эле учурда башка ыкмалардын түрдүүлүгүн колдонуу менен окутуу процессин уюштурууну түшүндүрөт. Жекечелештирүү жана дифференциалаштыруу бири бири менен тыгыз байланышкан, толуктаган бирок ошол эле учурда бирдей эмес түшүнүк катары кабыл алынып келет.

Келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты ЖОЖдогу окуу-тарбия ишинде системалуу түрдө калыптанышы керек. Психологиялык-педагогикалык практикумдар, өз алдынча иштердин темаларын айыл мектептери менен байланыштыруу жана башка кошумча иштер болочоктогу мугалимдердин кесипкөй адис болуусун камсыздайт. Мындай иш чараларды уюштурууда студенттердин жеке өзгөчөлүгүнө көңүл буруу менен багыттуулугун, мотивациясын жана эмоционалдык эрктик сферасын эстен чыгарбоо зарыл.

Студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууну дифференциалаштырууда окуучулардын (студенттердин) социалдык-психологиялык, психофизиологиялык, жеке өзгөчөлүктөрүн, квалификациясынын деңгээлин, алардын иш тажрыйбасын жана курактык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурууну түшүндүрөт. Ал эми, окутуунун натыйжалуу принциби жана шарты болгон дифференциалаштыруу – мотивдерди, кызыгууларды, инсандык өзгөчөлүктөрдү, багыттуулукту жана анын кесиптик даярдыгын камтыйт.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптануусун жекечелештирүү жана дифференциялаштыруу бир нече социалдык-педагогикалык өзгөчөлүктөргө ээ.

1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин инсандык сапаттарынын өзгөчөлүктөрүн (жашоодогу жана кесиптеги максаттары, баалуулуктары, иш тажрыйбасы жана кесипкөйлүгү) эске алуу. Окутуучу менен студенттин ортосунда партнердук мамилелердин системасын орнотуу.

2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин интеллектуалдык ишмердигинин өзгөчөлүктөрү, ал өзгөчөлүктөр кесиптик ой жүгүртүүнү эске тутууну, элестетүүнү жана башка психикалык процесстерди камтыйт.

3. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин окууга болгон мотивациясы, алардын кызыгуулары, жаңы педагогикалык билимди жана технологияны өздөштүрүүгө болгон муктаждыгы. Студенттердин таанып билүү процессине аралашуу мотиви, анын педагогикалык маданиятынын деңгээлинин кесиптик-педагогикалык маданияттуулугунан жана кесиптик-педагогикалык сапаттарынан көз каранды.

4. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин педагогикалык рефлексиясынын өзгөчөлүгү рефлексиянын жардамы менен өзүнүн ордун “окуучу” катары иликтөө жана баалоо (өзүн башка студенттер менен салыштыруу).

5. Билим алуу убактысынын тартыштыгы сабактардын интенсивдүүлүгү, кыска убакыттын ичинде көп өлчөмдөгү билимге ээ болуу.

Айыл мектеп шартында убакытты туура пайдаланууну студенттик кезден аңдап билүү [151].

Мына ошондуктан педагогикалык билим берүүнүн уюштурууда жекечелештирүү жана дифференциалаштырууну карманyу зарыл. Мындай мамиле ишмердүүлүктүн атаандаштык мезгилинде окутуучуга, мугалимге, тарбиячыга атайын билим, окутуунун жана тарбиялоонун технологияларынан тышкары жалпы маданий концепцияларды өздөштүрүүсүн талап кылат.

## 2.3. Педагогикалык дисциплиналарды окутууда айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун форма жана методдору

Айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу көп кырдаалдарга, шарттарга жана факторлорго көз каранды болгон татаал процесс. Мына ушу маанилүү милдеттерди аткаруу бир канча шарттардын бар болушун талап кылат.

Жогорку мектептин педагогикасында далай убакытка чейин, келечектеги мугалим кесипкөй адис болуш үчүн, жетишээрлик түрдө административдик талаптар керек деген позицияны карманып келишкен, анткени канчалык талаптар көп болсо, келечектеги мугалим ошончолук жоопкерчиликтүү жана баштаган ишин аягына чыгарат деген мамиле болгон. Бирок, биз карап жаткан маселеде мындай мамиле менен студенттин дилгирлигине, маданият жаратуучу ишмердүүлүгүнө кылууга бөгөт коет десек жаңылбайбыз.

Айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн педагогикалык циклдагы предметтердин окутуунун алгылыктуу форма жана методдорун аныктоо зарыл.

Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу маселелерин чечүү үчүн, биринчиден педагогикалык ЖОЖдордо илимий изилдөөлөрдү

уюштуруу; экинчиден, ушул багыт боюнча студенттерди даярдоонун сапатын жакшыртуу; үчүнчүдөн, окуу процессинде кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу үчүн окутуунун алгылыктуу форма, методдорун, маалыматтык технологиялардын жетишкендиктерин кеңири колдонуу зарыл.

Окутууну уюштуруунун формалары – бул окуучулардын саны, убакыты, ордун жана аны ишке ашыруунун тартиби менен байланышкан окутуу процессинин тышкы жагы [199].

Республиканын ЖОЖдорунда эмгектенген педагогдордун иш тажрыйбаларын, илимий-методикалык көз караштарына жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына таянуу менен айыл мектебинин келечектеги, мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча төмөндөгүдөй формалар аныкталды.

*Жөнөкөй* формаларда калыптандырууда методдор жана каражаттар аз колдонулат. Жөнөкөй формалар бир темага, бир маселени чечүүгө багытталат (маектешүү, экскурсия, викторина, консультация, зачет, экзамен, диспут, кошумча сабактар, көргөзмөлөр).

*Курамдык формаларга* салтанаттуу кече, сабак, конференция, КВН ж.б. Эгерде конференциялар уюштурулса, бюлетендер, программалар чыгарылат. Жөнөкөй формалар татаалга киргенде методдук функцияны аткарып калат.

*Комплекстүү формалар* жөнөкөй менен курамдык формалардын катышынан келип чыгат. Булар ачык эшик күндөр, биринчи курстар күнү, тандаган кесип күнү, күлкү жана билим күнү, дене тарбия жумалыгы, театр жумалыгы, элдик жана диний күндөр [105].

Ал эми ЖОЖдо төмөндөгүдөй уюштуруучу формалар колдонулат: лекциялар (көйгөйлүү жана киришүү, тааныштыруу жана тематикалык, бинардуу, визуалдаштыруу, алдын ала катаны жойгонго багытталган лекция, слайд-лекция, лекция-конференция, лекция-консультация, лекция-пресс конференция); практикалык сабактар; семинарлар, коллоквиумдар; олимпиадалар; рефераттардын конкурстары; текшерүүчү иштер, тегерек

столдор, пресс-конференциялар; курстук жана бүтүрүүчү иштер; өз алдынча иштер; консультациялар; зачет; экзамендер; стажировкалар; өндүрүштүк практикалар; оюндун түрлөрү (уюштургуч, ситуациялык, имитациялык, башкаруучулук, дидактикалык, таймаштык, технологиялык ж.б.); конкреттүү жагдайларды талдоо; имитациялык көнүгүүлөрдү аткаруу ж.б. Мындан тышкары окутуунун күндүзгү, сырттан окуу жана аралыктан окутуу (дистанттык) [70].

*Көйгөйлүү лекция* – лекцияда көйгөйлүү суроо, милдет жана кырдаал берилет. Окутуучу көйгөйдү, милдетти коюп жатып студенттердин изилдөөчүлүк маданиятын калыптандырат. Көйгөйдү чечүүдө студенттер салттуу жана жаңы көз карашты колдонуу менен жоопторун айтышат. Мисалы: “Тарбиялоонун базалык теориялары жана инсанды өнүктүрүү” лекциясында айыл жергесинин шартына, регионалдык өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоону өзүнө камтыйт. Бул тема окуу пландын “Тарбиялоонун теориясы” бөлүмүнө кирет. Семинардык сааттарда болсо, жогорудагы темага кайрылууда, м: “класс жетекчинин функциясы жана ишмердигинин багыттары” темада айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кандай кесиптик өзгөчөлүктөрү, маданияттуулугу, классты жетектөөдө көрсөтсө болот деген маселелерди козгоо менен келечектеги кесипкөй адисти даярдоого толук мүмкүн.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда жогорку окуу жайдын окуу стандартынын атайын блокто белгиленген психологиялык-педагогикалык дисциплиналар чоң роль ойнойт. Өзгөчө, педагогика предмети келечектеги мугалимдин педагогикалык, инсандык, кесиптик сапаттарынын калыптанышына теориялык, практикалык жана психологиялык даярдык мааниге ээ болот.

Ал эми педагогикалык кырдаалдарды чечүү боюнча сабактарда пайда болгон педагогикалык маселелерди чечүүнүн жол жобосун, айыл мектеп окуучуларын тарбиялоодо кесиптик-педагогикалык маданияттын кайсы компоненттери керектелет экендигин окутуп, кырдаалдарды чечүүдө

колдонулат. “Психологиялык-педагогикалык диагностика”, “Педагогикалык жагдайларды моделдештирүү”, “Педагогикалык маселелерди жаратуу жана аларды чечүү технологиялары” – ушул дисциплиналарда студенттердин өз алдынча изилдөө ишин шарттайт, ал иши келечекте айыл мектептеринде иштөөгө кандай сапаттар керектелет экендигин өз алдынча аңдап билүүгө жардам берет [70].

Лекциялардан, семинарлардан, практикалык сабактардан тышкары жана салттуу эмес инновациялык формадагы атайын курстарда жана семинарларда айыл мектебинин окуучуларынын коомго аралашуу өзгөчөлүктөрүн окуса болот. Мындай формадагы сабактар келечектеги педагогдордун илимий-изилдөө ишинин негизин калыптандырууга жардам берет. “Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу” төмөндөгү темаларды чыгармачылык менен иштөөдө “Педагогикалык чеберчилик”, “Мугалимдин профессиограммасы” жана башка темаларды кароо менен калыптандырууну жакшытабыз.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик даярдоодо кандай гана формада сабак өтүлбөсүн студент активдүү позицияны карманса айыл мектеп мугалиминин кесиптик ишмердигинин ар кыл аспектилерин моделдөөдө, студент өзүнүн компетенциясын жогорулатууга кызыктар болсо, анда даярдык натыйжалуу болот [41].

*Педагогикалык практика.* Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда педагогикалык практиканын орду чоң.

Келечектеги мугалимдердин педагогикалык практиканы айыл мектебинде өтүүсү алардын кесиптик мотивдерин, компетенцияларын калыптандыруунун натыйжалуулугун камсыз кылат [3].

Студенттерди практикалык ишмердикке теориялык жактан атайын даярдоо сабактарын уюштуруп, ал сабактарда окуу-тарбия ишмердиктеринин өзгөчөлүктөрүн баса белгилөө менен өтүлөт [31].

Педагогикалык практика учурунда келечектеги мугалим көптөгөн

көрүнүштөргө күбө болуу менен кандайдыр бир тыянактарга ээ болот. Мисалга алсак мугалимдердин, сабак берүүдөгү окуу жана тарбия процесстерин уюштуруу учурунда кемчиликтерин, байкашы мүмкүн. Мына ушул убактан тартып болочоктогу мугалим педагогикалык кесипте өзүн-өзү сын көз караш менен баалап, жаралган оор кырдаалдардан туура жол таба билүү мүмкүнчүлүгүн ойлоно баштайт. Мындай ишмердик педагогикалык рефлексияны калыптандыраарын көптөгөн окумуштуу-педагогдор изилдөөлөрүндө баса белгилешкен [31, 85-б.].

Айыл мектептеринде практика өтүүнүн өзгөчөлүгү – бул студенттин педагогикалык коллектив, ата-энелер менен тыгыз байланышта болуусун камсыз кылды. Мына ушуга байланыштуу, алардын окуу тарбия ишин пландаштырып жана өзгөчөлүктөрүн, педагогикалык иш аракеттин түрлөрү, формалары менен кеңири тааныштыруу зарыл. Бул өз кезегинде педагогикалык практиканы туура, максаттуу пландаштырууну талап кылат.

Ал эми практика учурунда алдыңкы мугалимдердин педагогикалык тажрыйбалары менен таанышуусу, методикалык семинарларга, мектептеги тарбиялык иш чараларга катышуусу студенттердин өзүнө өзгөчө ишеним жаратып жана келечектеги кесибине кызыгууларды арттырат.

Айыл мектептеринде педагогикалык практиканы уюштурууда ырааттуулук принцибин эске алуу зарыл. Мындай шартты ишке ашыруу эки аспектиге көз каранды: студент тарабынан аткара турган ишине жана кесиптик ишмердиктин мазмунуна. Бул өз кезегинде практикалык деңгээлде колдонуу үчүн айыл мектебинде 1-курстан тартып практикадан өтүүнүн зарылдыгын көрсөтөт. Мына ушул жагдай келечектеги мугалимдин коомдогу социалдык педагогикалык ролу уламдан-улам татаалданып жаткандыгы, аны чечүү үчүн теориялык, практикалык жана технологиялык даярдыкка ээ болууну түшүнүүгө жардам берет [205].

*Өз алдынча иштерди аткаруу.* Изилдөөнүн жүрүшүндө айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда алардын өз алдынча иштерин уюштуруу жакшы

натыйжаны камсыз кылат:

– билим алуунун максатын, изилденип жаткан материалдын баалуулугун түшүнө жана таанып билүү жөндөмдүүлүгү, илимий фактыларды жалпылоо жөндөмдүүлүгү боюнча *гносеологиялык* билгичтиктерди калыптандырат. өз кезегинде гносеологиялык билгичтиктер таанып билүү муктаждыктарынын базасын түзөт;

– окуу процессинде өз алдынча таанып билүү ишмердигинин конструктивдик билгичтиктерине ээ болуусун камсыз кылат. *конструктивдик* билгичтиктер өздөштүрүп жаткан өсүү материалдарынын билүү менен байланышат;

– өз алдынча таанып билүү ишмердигинин келечектеги айыл мектебинин мугалиминин *уюштургуч* көндүмдөрүнө ээ (ылайыктуу методдорду тандоо, өзүн-өзү көзөмөлдөө жана таанып билүүгө өзүнө-өзү түрткү берүү) болуусуна жардам берет;

– окуу процессинде өз алдынча таанып билүү процесси туура, максаттуу уюштурулушу студенттердин *коммуникативдик* көндүмдөрүнө ээ болуусуна таасирин тийгизет. мындай көндүмдөр болочоктогу мугалимдин эң маанилүү компетенцияларынын топтомунун катарына кирет;

– коммуникативдик көндүмдөр таанып билүүгө болгон кызыгууларды арттырып, окуу процессин максаттуу баалуулук деңгээлге жеткирип студенттердин-келечектеги мугалимдердин керектүү кесиптик сапаттарды өздөштүрүүгө муктаждыктарын калыптандырат [72, 8-17-бб.]

*Көйгөйлүү семинарлар жана практикумдар*. Көйгөйлүү семинарлар жана практикумдар айыл мектебинин келечектеги мугалимин теориялык жана практикалык жактан даярдоонун бүтүндүгүн камсыздап, анын өзүн-өзү өнүктүрүүгө муктаждыктарын пайда кылат. Педагогдор жогорудагы сабактарда келечектеги мугалимдердин керектүү сапаттарын калыптандырууга жардамын берет. Көйгөйлүү семинарлардын мазмунун заманбап педагогикалык теориялар түзүп, аларды талкуулоо келечектеги мугалимдин кесипкөйлүгүн кеңейтүүгө шарттайт. Мына ушуга ылайык

практикалык сабактар активдүү формада өтүлдү: ролдук жана иштик оюндар, практикум-оюндары, уюштуруучулук-ишмердик оюндар жана инсанга багытталган тренингдер.

Семинардык сабактын мазмунун “кайра айтып берүүдөн” баш тартылса, анда анын натыйжалуулугу күчөйт. Мындай учурларда атайын көйгөй жаратып аны чечүү үчүн “мээге чабуул”, “тегерек стол”, “педагогикалык пресс-конференциялар” жана башка активдүү сабактарды өтүү зарыл. Активдүү семинарды өтүп жатып гипотеза (божомолдоо), аргументтер жана контраргументтер коюлуп, ага умтулуу бирдиктүү иш катары болуп кала берет. Мындай иште студенттердин бири-бирине болгон толеранттуулугу, башка адамдын оюна сый мамиле кылууну, абстрактуу ой жүгүртүүнү калыптандырууга толук мүмкүн. Ал эми практикалык сабактардын милдеттери болуп “окутуучу-студент”, “студент-студент” пикир алышуу системасындагы негизги кыйынчылыктардын себептерин билүү жана диагностикалык методикаларды өздөштүрүүсү эсептелинет [79].

Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу ишинде иликтөө, моделдештирүү, прогноздоо жана конкреттүү кесиптик жагдайларды уюштуруу өзгөчө орунга ээ. Педагогикалык кырдаалдарды чечүүнүн технологиясынын негизинде ролдук жана ситуациялык тренингдер өткөрүлдү. Мындай иш чаралар педагогикалык билгичтиктерди актуалдаштырууга, педагогикалык интуицияны өнүктүрүүгө, башкаларды кабыл алууга жана баалоого, өзүн башкалардын көз карашы менен таанып билүүгө багытталат.

Бул максатка жетүү үчүн окуу-ролдук, иштик оюндар жана жалпы комплекстик ролдук оюндар колдонулду. Мындай оюндардын мазмуну студенттердин педагогикалык ишмердүүлүгүн имитациялоого, оюнда студенттер көз караштарды, божомолдорду моделдештирет. Катышуучулардын өз ара аракеттешүүсү бөлүштүрүлгөн ролдордун алкагында жүрүп, жогоруда аталган жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүгө түрткү берди [84].

Азыркы реалдуу жашоодо мугалимдин улам өзүнүн квалификациясын, жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатууда бош убактысынын тартыштыгы таасирин тийгизет. Мына ушул убакта ал кесиптин ар кыл жактарын ага болгон мамилесин назарынан чыгарбоосу керек. Өз кезегинде анын өзүн-өзү жана кесибин баалоосу фрагментардуу, ситуативдүү мүнөзгө ээ болгондуктан, пайда болгон проблемаларды чечүүгө багытталган (дисциплинаны өздөштүрүү, коллективди уюштурууга, мектептин жетекчилиги менен карым катнашты орнотуу ж.б.) иш аракеттерди уюштуруп жана күчөтүү зарыл.

Кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоо башка ишмердиктердей эле татаал мотивдердин системаларынан жана активдүүлүктүн булактарынан турат. Келечектеги мугалимдин өзүн-өзү тарбиялоосунун булагы катары өзүн-өзү өзгөртүү жана жакшыртуу болуп эсептелинет. Бирок мындай муктаждык автоматтык түрдө пайда болбойт. Активдүүлүктүн тышкы булактары (коомчулуктун талабы жана муктаждыгы) болочоктогу мугалимди өзү менен иштөөгө стимул берет же болбосо ар кандай “көз боемочулук” иш менен алектенүүгө алып барат [102].

Психологияда мындай карама-каршылыктардан арылуунун көптөгөн компенсатордук механизмдери бар: *рационалдаштыруу, инверсия, проекция,* “*реалдуулуктан качуу*” ж.б. Кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоодо дагы жана келечектеги мугалимдин педагогикалык ишмердигинде дагы коюлган максат менен мотивдердин кагылышуусу байкалат. Мындай мезгилде мотивди максатка айландыруу – өзүнүн кесипкөйлүгүн жогорулатуу үчүн чыныгы муктаждыкты пайда кылат. Келечектеги мугалимдин өзүн-өзү тарбиялоо муктаждыгы анын жеке активдүүлүгүнөн көз каранды (ишенимдери, кесибине карата милдеттемелери, жоопкерчиликтери, кесиптик намыс, адекватту өзүн-өзү баалоосу ж.б.). Булардын баардыгы өзүн-өзү жакшыртууга багытталган системаны түзүп, ал өз учурунда кесиптик идеалды таап, ага оңдонуп түздөнүүгө шарт түзөт, башкача айтканда, студенттин көз алдында мугалимдик кесип өзгөчө мүнөзгө ээ

болгондо гана студент өзүн өзү өнүктүрүп, кесиптик-педагогикалык маданиятты өздөштүрүүгө умтулат [175;178].

*Илимий-педагогикалык конференция.* Ал эми илимий-педагогикалык конференциялар методикалык иштердин жыйынтыктоочу бөлүгү катары өткөрүлүп, көптөгөн методисттерди бириктирет. Мындай иш-чаралар келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда чоң роль ойнойт. Илимий-педагогикалык конференцияларды уюштурууда келечектеги мугалимдерди уюштуруу иштерине аралаштыруу менен окумуштуу-педагогдордун алдыңкы илимий-методикалык тажрыйбалары менен тааныштырат.

Окуу жайдагы педагогикалык коллективдин тандалып алынган илимий-методикалык ишмердүүлүгү келечектеги мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатууга чоң салым кошот. Уюштурулган иш-чаралар педагогикалык коллективдин тандалып алынган теманын үстүндө иштөөгө мүмкүндүк берет. Мисалга алсак, болочоктогу мугалимдерди максаттуу айыл мектептерине даярдоо боюнча иш чаралардын бири, мектеп бүтүрүүчүлөрү максаттуу иш алып баруу мектептеринде иштөөгө өбөлгө түзөт [160, 38-б.].

*Тандоо курсу.* Тандоо курстарынын негизи болуп жалпы дидактикалык принциптер: **илимий багыттуулугу**, **аң-сезимдүүлүгү** жана **активдүүлүгү**, **системалуулугу** жана **ыраттуулугу, теориянын практика** менен байланышы. Тандоо курстарынын дисциплиналарынын мазмунун түзүүдө азыркы убактагы мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл.

Изилдөөнүн жүрүшүндө айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин даярдоодо тандоо курстардын мааниге ээ боло тургандыгын аныктай алдык. Калыптандыруу процессин ишке киргизүү үчүн, аларды этаптарга бөлүү зарыл. Ал этаптардын биринчиси – *мотивациялык этап* – (1-2-курс) бул мезгилдин негизги мазмунун психологиялык жана педагогикалык тесттерди уюштуруу, студенттерге кесипке багыттоо ишин жүргүзүү жана айыл мектептерине кайтып баруу мотивдерин калыптандыруу менен бул этап

жыйынтыкталат да, айылда иш алып баруу бакалаврлар группасынын негизги түзүмү катары аныкталат. Бул мезгилдеги базалык дисциплиналар катары психология жана педагогика болуп эсептелинет.

Айыл мектебинде педагогикалык практика өтүп жаткан мезгилде эксперименталдык группанын изилдөө ишин эксперименталдык жол менен текшерилди. Базалык окуу дисциплиналары келечектеги сабак берүүчү предметинин теориясын жана методикасын өздөштүрүү, ал эми тандоо курсу “Айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты” өтүлдү. Бул этаптын жыйынтыгы тандаган курс боюнча тест, конференцияларда илимий баяндама окуу, реферат, курстук иштерди жакташты.

Атайын курстун милдеттери төмөндөгүдөй:

1. Заманбап билим берүүдө кесиптик-педагогикалык маданияттын маанисин жана ролун аныктоо;

2. Кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттеринин маанисин жана маңызын аныктоо;

3. Студенттерге кесиптик-педагогикалык маданияттын методологиялык жана социалдык-педагогикалык негиздери жөнүндө түшүнүк берүү;

4. Кесиптик-педагогикалык маданият боюнча чет элдик тажрыйбаларды чагылдыруу жана иликтөө;

5. Мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун ар кандай формаларын жана методдорун колдонуу: иштик оюндары, конкурстар, викториналар, диспуттар, конференциялар жана экскурсиялар.

Айыл мектептиринин көйгөйлөрү менен байланышкан тандоо курсун өздөштүрүүнүн методикасы төмөндөгү жоболор менен көрсөтүлгөн. *Биринчиден*, айыл мектептеринин бүтүрүүчүлөрүнүн мектептен кийин билим алуусун жогорку окуу жайда улантууда окуу процессинде лекциянын таасири чоң. Ошол эле мезгилде окуучуларды интеллектуалдык ишмердүүлүккө аралаштыруучу интерактивдүү лекциялардын мааниси чоң.

*Экинчиден*, көпчүлүк айыл мектептеринде жогорку класстарды бүтүргөн окуучулардын саны азайып, мына ушундан улам өтүлүүчү сабактарды саны аз класстарга ылайыкташтырууну зарылчылыгын пайда кылган.

Сунушталган тандоо курсун өздөштүрүүнүн методикалары айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин керектүү компетенцияларын, кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу менен гана чектелбестен, студенттердин методикалык базасын толтурууга жакшы өбөлгө түзөт. Ишибизде “Айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты” тандоо курсун өздөштүрүүнүн методикасы жетишээрлик деңгээлде каралып чыкты. Жумушчу программада темаларды кантип өздөштүрүүнүн методикалары берилип, окутуунун интерактивдүү формасы болгон лекция-пикир алышуу (аудитория менен диалог кылуу), лекция – дискуссия, конкреттүү жагдайларды карап чыгууга багытталган лекция, бинардуу лекция, “пресс-конференция” – лекциясы, визуалдаштыруу лекциясы жана байланыш түзүү техникасын колдонгон лекциясын өткөрүүнүн мисалдары берилди (2-тиркеме).

Илимий булактарга таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин окутуудагы тандоо курсунун мазмуну айыл мектептеринин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөндөгүдөй тандоо курсунун структуралык элементтерин камтылды:

*Биринчи* структуралык элементтерин – студенттердин педагогикалык жана методикалык билимин кеңейтүүчү жалпы педагогикалык жана жалпы методикалык материалдар. Аталган материалдар өздөштүрүү менен студенттер кесиптик компетенцияларга ээ болушту. *Экинчи* структуралык элемент – айыл мектеп шарттарында билим берүүнүн өзгөчөлүгү менен байланышкан жалпы методикалык жана педагогикалык кошумча материалдар. Бул кошумча материалдын болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин атайын кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууга оң таасирин тийгизет.

*Келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча иш-чаралардын программасын иштеп чыгуу (2-тиркеме).* Иштелип чыккан программанын негизги элементи катары студенттердин практика жүзүндө психологиялык-педагогикалык маселелерди чече билүүсү, мындай иш-аракетте болочоктогу мугалимдер байкаганды, салыштырганды, иликтегенди, классификациялаганды, топтоштурганды, жыйынтыктаганды жана мыйзамченемдүүлүктөрүн так аныктаганды үйрөнүштү [103].

Студенттердин бул курсту тандоосунун негизи болуп алардын жашоого койгон планы, кызыгуулары жана окуучулар менен иш алып баруу жөндөмдүүлүктөрү эсептелинет. Курстун программасынын негизин теориялык жана практикалык окуу жүктөмдөрү, ролдук оюндар жана пикир алышууга багытталган тренингдер түздү. Жыйынтыктоочу зачеттук иштер жеке же топтук проекттер түрүндө жүргүзүлдү.

Көпчүлүк студенттердин теориялык материалды кабыл алуудан жана иликтөөдөн качышат. Мындай көрүнүштөрдөн арылуу үчүн окутуунун активдүү формалары колдонулду, студенттин “угуу” позициясынан “катышуучу” позициясына өтүү натыйжалуулугун арттырды. Чыныгы кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган педагог окутуу процессинде теориялык билим менен чыныгы жашоону, кесиптик тажрыйбаны айкалыштырып студенттердин куректык жана жеке-психикалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бураарын студенттер аңдап билишти.

Сунушталган программада (2-тиркемеде) студенттердин интеллектуалдык, инсандык жана кесиптик багыттулугун өркүндөтүүгө арналганын баса белгилейбиз.

**2.** ***Окутуунун методдору*** педагогикалык процесстин компоненттеринин бири. “Метод” термини грек сөзүнөн “methodos” чындыкты таануунун, өздөштүрүлгөн билимдерди өзгөртүүнүн жана максатка жетүүнүн жолун, ыкмасын түшүндүрөт. Педагогикалык практикада "окутуунун методу” өзгөрүлүп турган тарыхый категория катары

педагогикалык процесстин максатын, мазмунунун жана каражаттарын түшүндүрөт; педагог менен окуучулардын окутуунун милдеттерин (дидактикалык милдеттер) чечүүгө багытталган биргеликтеги иш аракети; окуучулардын таанып билүү иш аракетин уюштуруу өзгөчөлүктөрү; билимдерди жеткирүү жолдору, билгичтиктерди жана көндүмдөрдүн калыптанышы; педагог менен окуучулардын билим берүүнүн максатына жетүү үчүн өз ара байланышкан, системалуу иш аракеттери [84].

*Окутуунун методдору:*

1. Педагогдун окутуу ишинин жана окуучулардын билим алуусунун жол-жобосу жана алардын байланышы.

2. Алардын билим берүүнүн тарбиялык, калыптандыруучулук жана өнүктүрүүчүлүк максаттарына жетүү боюнча ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрү.

Ар бир метод үч белги менен мүнөздөлөт: окутуунун максаты; өздөштүрүүнүн ыкмасы, окутуунун субъектеринин өз ара аракеттешүүсүнүн мүнөзү [2].

Мындан тышкары дидактикада “окутуунун ыкмасы” деген түшүнүк бар – ал методдун түзүмдүк курамына кирип, методдун жеке жагы катары берилет. Кээ бир ыкмалар методдун курамына кирет.

Педагогикалык адабияттарда методдордун классификациясы кеңири берилген, ошого ылайык И.Я. Лернер жана М.Н. Скаткиндин ишине таяндык, анда негизгиси болуп, окуучулардын окуу-таанып билүү эмгегине багытталган. Бул классификация 5 элементтен турат [127]:

1. *Маалыматтык-рецептивдүү* (түшүнүктүү-иллюстративдик) (айтып берүү, лекция, экскурсия ж.б.) даяр маалыматты сөз, кыймыл аракет менен түшүндүрүү. Билимдер жаттоо менен гана өздөштүрүлөт. Бул метод менен текшерүүчү группага сабак өтүлдү. Өздөштүрүүнүн биринчи деңгээли – билим менен таанышуу.

2. *Репродуктивдүү же кыймыл аракеттердин ыкмаларын кайра чагылдыруу методу*. Адам баласы тарабынан топтолгон иш аракеттердин тажрыйбаларын даярдап өткөрүп берүү. Бул методсуз маданиятты сактоо

жана аны өнүктүрүү дагы мүмкүн эмес. Руханий жана материалдык баалуулуктарды муундан муунга өткөрүп берүү жана аларды активдүү колдонуу аталган методсуз ишке ашпайт. Метод көнүгүү, кайталоо, оозеки айтып берүү жана типтүү милдеттерди инструкция аркылуу аткарууну түшүндүрөт. Билимдерди өздөштүрүүнүн экинчи деңгээли – үлгү менен тааныш кырдаалдарда аракет кылуу.

Биринчи жана экинчи методдор тез жана экономдуу, ошондуктан салттуу окутуунун методу болуп эсептелинет [2].

*Көйгөйлүү окутуу методу* студенттердин чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүп жогорудагы эки методдон кескин айырмаланат. Ал көйгөйлүү баяндоо менен мүнөздөлөт. Студенттер өздөштүрүлүп жаткан билимдерди аңдап, пайда болгон көйгөйдү чечүүдө системалуулукту сактоо менен өзүнүн көз карашын коргой алат. Билимдерди өздөштүрүүнүн үчүнчү деңгээли – билим. Эксперименталдык топтун студенттерине көйгөйлүү жагдайлар берилип, алардан чыгуунун жолдорун, натыйжалуу ыкмаларды сунуштоо ж.б. уюштурулуп өткөрүлдү

*Изилдөөчү методдор* – педагог көйгөйлүү кырдаалдарды берип аны чечүүдө көзөмөл жүргүзөт. Бул окутуунун методунун алкагында студент өз алдынча билим алуу процессине көзөмөл жүргүзүп чечүү планын этаптарга бөлүп жыйынтыктайт жана баалайт. Бул методдун артыкчылыгы студент өзүн-өзү мотивациялай алат. Эксперименталдык топтун студенттери үчүн өз алдынча иштин темалары сунушталды. М.: айыл мектебин кантип өнүктүрүүгө болот? Өнүккөн мамлекетердин айыл мектептери жана андагы билим берүүнүн сапаты деген тапшырма коюлуп, ал тууралуу баяндамалар жасалды.

Педагогикалык дисциплиналарды окуу мезгилинде окутуучу тарабынан педагогикалык кырдаалдар берилип, мисалы: “Окуучуң сабак учурунда сени менен айтышып жатса эмне кылат элең?”, “Өзүнө ишенбеген, өзүн сулуу эмес эсептеген окуучуга кат жаз”, “Жаңы эле мектепке орноштуң, сага эң көйгөйлүү классты беришти, ишти кандай баштайт элең?” ушул ж.б.

кырдаалдар берилип, кесиптик-педагогикалык маданияттын кайсы функциялары, компоненттери аркылуу чечүүнү дагы көрсөтүштү.

*Дискуссия методу* – көз караштары менен эркин алмашуу. Талаш тартышта бардыгы бирдей. Ар бирөө макул эмес жагдайда өзүнүн оюн эркин айтат. Дискуссияда эң негизгиси болуп – фактыларды келтирүү, ой толгоосунун логикалуулугу жана аларды далилдөө жөндөмдүүлүгү. Эмоциялык реакциялар дискуссияды кабыл алынбайт. Окутуучудан аудиторияда конструктивдик-иштик талкуу атмосферасын түзүү.

Дискуссия методу эксперименталдык топко гана колдонулду, анын жардамы менен студенттер өзүлөрүнүн оюн так жана аргументтүү айтканды үйрөнүштү. Дискуссия семинардык сабактарда уюштурулуп "Мугалимдин имиджи", "Менин идеалымдагы мугалим", "Педагогдун психологиялык саламаттыгы, окуучунун саламаттыгы!", "Мугалимдин айлык маянасы" ж.б. эксперименталдык топко уюштурулуп, ага тажрыйбалуу мугалимдер чакырылып, ой пикирлери, көз караштары менен бөлүшүштү.

*Мээге чабуул* – пайда болгон көйгөйлүү жагдайлар топтук жол менен альтернативдүү жоопторду табышат. Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырып жатып эксперименталдык топту экиге бөлүп, биринчиси идеяларды айтып турса, экинчи топ аларды талдоо менен чечим чыгарышат. М.: "Мугалимдин ишмердиги эмне үчүн маданият жаратуучу ишмердик?", "Кесипкөйлүүлүк менен кесиптик-педагогикалык маданияттын айырмачылыгы жана окшоштугу" ушул ж.б. суроолор берилип студенттердин өтүлгөн темаларды эсине түшүрүшүн, топтук иштөөнүн оң жактарын белгилей алдык.

*Долборлоо методу* – долборлоо методу бир канча убакта студенттердин өз алдынча ишин (жеке, шериктик, топтук) камтыйт.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин даярдоодо чыгармачылык жана дилгирлик менен иштөөгө болгон муктаждыктарын калыптандыруу мааниге ээ болот. Таанып билүүчүлүк-кесиптик муктаждык – бул комплекстүү муктаждык катары, анын негизин жеке инсандын билимин

кеңейтүүгө, тереңдетүүгө умтулуусу жана алардын акыл эмгегин чыгармачылык менен колдонулган ишмердүүлүгү деп түшүнөбүз.

Долборлоо методунун изилдөөчү, чыгармачыл, маалыматтык, ролдук-оюндар ж.б. колдонулду. Мисалы, "Заманбап айыл мектеби", аттуу темада эксперименталдык топтун студенттери системалуу түрдө долбоор даярдашып, анда коюлуучу талаптардын баарын сакташты максат коюудан, жыйынтыкка чейин. Бул метод аркылуу студенттер алган билимдерин практика жүзүндө колдонууга, элес, прогноздоо, пландаштыруу, талдоо ж.б. өнүктүрүшөт.

*Ишкер оюндар методу.* Иштик оюндар реалдуу процесстерди шарттуу жагдайда моделдештирүүнү түшүндүрөт. Иштик оюндар комлекстүү милдеттерди аткарууда, жаңыны өздөштүрүүдө, материалды эсте сактап калууда, студенттердин чыгармачыл жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө колдонулат.

Оюнга аралашуу менен студенттердин инсандар аралык пикир алышуусун, оң эмоционаны башынан өткөрүүгө түрткү берет.

Кесиптик ишмердикти оюн формасында чагылдыруу өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө, күчүнө ишенбеген студенттерге жакшы мүмкүнчүлүк берет [153].

Мындан тышкары *инсанга багытталган окутуу* методунун негизинде окумуштуу И.Бекбоев [28] жана Н.Б. Крылова [112] келечектеги мугалимдин маданиятынын өнүгүшүнүн негизги шарты катары окутуу жана тарбиялоо процессин маданий негизде уюштуруу зарыл деп белгилешет. Анын ою боюнча: "Көпчүлүк билим берүү мекемелеринде туура эмес педагогикалык багытты тандашууда, алар сөз формасына басым жасоо менен окуу-тарбиялоо процессинде окуучунун инсандык сапаттарын экинчи планга калтырышууда. Ошонун натыйжасына адеп-ахлактык чөйрөнү түзүүчү бала менен чоңдордун пикир алышуусунун мазмуну супсак болуп, ой жүгүртүүнүн, жүрүм турумдун, пикир алышуунун маданияты жоголууда. Кээ бир мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүндө маданияттан коркуу

сезими – маданият фобиясы байкалууда" [112, 37-б.].

Илимий адабияттарды инсандын структурасы боюнча бирдей ой пикир жок. Инсандын структурасы жалпы, өзгөчө жана жеке (кайталангыс) касиеттерге бөлүнүп, 4 кичи структураны түзүшүп пирамида түрүндө берилет: анын негизин биологиялык шартталган сапаттар, ал эми төбөсүн – социалдык сапаттар түзөт. *Жалпы касиеттерине*: идеялык, саясаттык, адеп-ахлактык, эстетикалык ж.б.лар, *өзгөчөсүнө* жеке тажрыйба жана кесиптик ишмердик менен байланышкан сапаттар кирет. Мугалимдин сапаттары – бул өзүнүн предмети боюнча теориялык жана методикалык даярдыгы, психологиялык жана педагогикалык жактан компетенттүүлүгү, кесиптик көндүмдөрү жана *таанып билүүчүлүк, конструктивдик, коммуникативдик, маалыматтык* жана *уюштуруучулук* жөндөмдүүлүктөрү кирет [203, 23-б.].

Кыргызстандын окумуштуулары тарабынан педагогикалык дисциплиналарды окутуу процессинде кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу маселелери жетиштүү изилдене элек. Кесиптик-педагогикалык маданияттын ар тараптуулугунан, конкреттүүлүктүн жоктугунан улам калыптандыруу процессин натыйжалуу кылуу кыйла оор иш. Калыптандыруу натыйжалуу болбой жаткандыгынын бирден бир себептери теориялык-методологиялык, психологиялык-педагогикалык жоболордун иштелип чыкпагандыгында.

Студенттердин жалпы жана кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптанышынын деңгээли ошол окуу жайдагы окуу процессинин түздөн түз билим берүү сапатынан көз каранды.

Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу - бул педагогикалык процессте аң сезимдин, жүрүм-турумдун жана мамиленин жыйындысы менен коштолгондуктан, окуу процессине студенттердин таанып билүү ишмердиктерин, активдүүлүгүн; болочоктогу кесибине сый мамиле кылуусун; мамилешүүнүн тажрыйбага ээ болуусун; муктаждыктарынын, мотивдеринин, максаттарынын жана ишенимдеринин өсүү деңгээлин камтыйт [206, 138-б.].

Айыл мектебинин келечектеги адис-мугалими керектүү багыт боюнча даярдоодо билим, билгич жана көндүмдөрүн калыптандырбастан өзүнүн кесиптик таанып билүүсүн жана жеке муктаждыктарын дайыма чыгармачылык менен камсыздандырууга даярдыгын калыптандыруу керек.

Окуу процессинде студенттин чыгармачылык ишмердиги жана анын жыйынтыгына туура ой-пикири калыптанган жагдай гана анын кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптанышына түрткү болот.

Педагогдун иши качан ийгилиги туруктуу кесиптик кызыгуунун калыптанышына байланышат. Кесиптик кызыгуулар – бул тышкы мотивациялык мейкиндикте болуп жаткан кубулуштар (мотивдер, максат, маани-маңыздар, эмоциялар, коюлган максаттар жана ага болгон умтулуулар ж.б.). Туруктуу кесиптик кызыгуу жана аны ишке ашырылуучу мүмкүнчүлүктөргө ээ болсо анда ал *кесиптик багыттуулукка* айланат.

Окуу процессинде болочоктогу мугалимдердин таанып билүүгө болгон муктаждыктарын калыптандыруу менен алардын өз алдынча изденүүсүн мектептерде тарбиялык жана билим, тарбия берүү ишмердигине даярдыгын өнүктүрө алабыз.

ЖОЖдогу окуу-тарбия ишинин жүрүшүндө болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессинде алардын сапаттарын калыптандыруу манилүү.

Педагогикалык маданияттын негизинде окутуучунун жалпы маданиятынын дүйнө таанымдык, адеп-ахлактык, эстетикалык, интеллектуалдык компоненттери камтылган. Өзүнүн жеке сапаттарынын үстүндө иштебесе мугалим эч качан жогорку кесиптик-педагогикалык маданиятка жетише албайт. Ал жеке чыгармачыл өзүн-өзү тарбиялоо ишинин жемиши болуп эсептелинет.

## 2.4. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун модели

Айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-

педагогикалык маданиятын калыптандыруу комплекстүү иш аракет. Калыптандыруунун шарттарын, факторлорун жана кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттерин эске алуу менен калыптандыруу процесстин натыйжалуулугун арттырат. Мына ушуга ылайык, калыптандыруунун комплекстүү механизимдерин ишке киргизүү үчүн модель иштелип чыкты.

«Модель» түшүнүгү азыркы мезгилде маанилүү жалпы илимий категория болуп саналат. “Модель” түшүнүгү (француз тилинен modele, ит. modello, лат. modulus – өлчөм, үлгү), предметти кичирейтилген же чоңойтулган схема, сүрөт түрүндө же болбосо табиятта жана коомчулуктагы кайсы бир предметти, кубулушту, процесстин аналогун кайра чагылдырууну түшүндүрөт [187]. Ошону менен бирге модель – бул элесте пайда болгон же материалдык жактан ишке ашкан система, ал изилденип жаткан объектини кайра чагылдыруу менен, аны алмаштырып бизге изилденип жаткан объект жөнүндө жаңы маалымат берет [215].

Моделдин негизги милдети катары: көрсөтмөлүүлүк, абстракташтыруу, илимий фантазия жана элестин элементтери, логикалык жайгаштыруу методун колдонуу боюнча окшоштуктарды табуу, башкача айтканда модель – бул божомолду, көрсөтмөлүүлүк формасында чагылдыруу.

“Моделдештирүү – бул ойдо реалдуу жана оригиналду системаны элементтерге, бөлүктөргө ажыратуу жана талдоо (анализ)”, – дейт окумуштуу С.Ю. Агафонова [5, 25].

Мына ушул аныктамаларга таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун этаптарын чагылдыралык:

1. *Мазмундук:*

1. ***Максат:*** айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу.

- <u>*Билим берүү стандартынын негизиндеги жалпы компетенциялар*</u>

*А) Жалпы илимий компетенциялар (ЖК)*

- Курчап турган чөйрө жөнүндө системалык илимий көз карашка ээ,

заманбап дүйнөнүн концепцияларын, дүйнө таанымдардын системасын, адамдын коомчулукта жана табияттагы ордун түшүнүү, турмуштун жана маданияттын баалуулуктарын кабыл ала билүү (ЖК-1);

- заманбап окутуунун илимий-технологиялык жетишкендиктеринин негизинде билим берүү процессин уюштура билүү мүмкүнчүлүгү (жетектөөнүн астында) (ЖК-2);

- маалыматты кабыл алууга, жалпылаштырууга жана иликтөөгө жөндөмдөмдүү жана аны ишке ашыруунун жол жобосун (ЖК-5);

Б) *Иструменталдык компетенциялар (ИК)*

- маалыматты иштеп чыгуунун, чогултуунун, сактоонун ыкмаларына жана каражаттарына ээ болуу, компьютерде иштөө (ИК-1);

- оозеки жана жазуу жүзүндө логикалык жактан туура, негиздүү жана так мамлекеттик жана расмий тилдерде сүйлөө (ИК-2);

- билим берүү процессинде окуучулардын саламаттыгын жана коопсуздук үчүн шарттарды түзү (ИК-6);

*В) социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖ):*

- мектеп жамаатынын деңгээлинде толеранттуу инсандык жана кесиптик мамилелерди курууну билет (СИЖ-1);

- жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарына негизделген жана жигердүү жарандык позицияны ээлей алган диалогго даяр (СИЖ-5);

*Г) кесиптик компетенциялар (КК)*

- кесиптик милдеттери чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктү жана кесиптик ишмердүүлүктөгү изилдөө натыйжаларын кесиптик ишмердикте колдоно алат (КК-1);

- билим берүү уюмдарында билим берүүнү уюштуруу процессинде окутуунун заманбап усулдарын жана технологияларын колдоно билүү жөндөмдүүлүгү (КК-2);

- окуучуларды социалдаштыруунун методдоруна, ыкмаларына жана окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (КК-4);

- окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуп, педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзө алат, предметти комплекстүү окутуунун методдорун колдоно алат (КК-5);

- коюлган максаттарга жетүү үчүн маалыматтык-коммуникативдик технологияларды жана ММК колдонуу менен ар кандай тайпалар (кесиптештери, ата-энелер, партнерлор ж.б.) иштөөгө даяр (КК-7).

- окуучулардын курактык индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн жана билим берүүнүн өзгөчө муктаждыктарын эске алуу менен мамиле түзө билүү (ЖК-12);

- ар бир баланын күчтүү жана алсыз жактарына таянып, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүнүн алкагында иштеп чыгуу менен жекече мамиле түзө алат (ЖК-25) [57].

- <u>Айыл мектебинин мугалиминин атайын компетенциялары</u>

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин атайын компетенцияларын аныктоо үчүн билим берүү стандартын, мугалимдин профессиограммасы, мугалимдин кесиптик ишин жөнгө салуучу квалификациялык мүнөздөмөлөрү жана ченемдик укуктук документтери, айыл мектебинин новатор-мугалимдеринин (Б.Исаков, А.Сманбаев, С.Абдрахманова, Ш.Кулуев ж.б.лар) иш-тажрыйбалары талданды.

Алынган маалыматтарды талдоонун негизинде төмөнкү компетенциялары аныкталды:

- *маданий жана бош убакытты колдонуу* (рекреациялык технологиялардын ар кандай түрлөрүнө ээ болуу; социалдык-маданий программаларды уюштуруу жана ишке ашыруу ж.б.) [63].

- *маалыматтык технологиялар колдоно билүүсү* (маалыматтык жана компьютердик технологияларды өз алдынча билим берүү иш-аракеттеринде, окуу процессинде ж.б. колдонуу мүмкүнчүлүгү);

- *социалдык-педагогикалык* (ар кыл курактагы топтордун, балдар жамаатынын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүнүн педагогикалык технологияларын өздөштүрүү, жамааттык чыгармачыл иштердин

методикасы; этнопедагогикалык билим берүү технологиялары; улууну урматтоо улуттук каада-салттарынын контекстинде социалдык-геронтологиялык технологиялар ж.б.) негиздерин өздөштүрүү [66];

- *айылдарды таануу* (улуттук кол өнөрчүлүктү, каада-салттарды үйрөнүү, окуу-тарбия процессинде край таануу материалдарын пайдалануу боюнча мектеп окуучулары менен айылдарды таануу иштерин уюштуруу мүмкүнчүлүгү) [158];

- *студенттердин айыл мектебинде иштөөгө багыттуулугун калыптандыруу*, ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн айыл мектептеринде иштөөгө кесиптик мотивдерин калыптандыруу, айылдык окуучуларды тарбиялоого жана мындай ишмердикти аткарууга психологиялык жактан даяр болуусун камсыздоо;

- *айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин сабак өтүү боюнча билим*, билгичтик жана көндүмдөрдүн системасын калыптандыруу, ал үчүн студенттерге айыл мектептерде педагогикалык ишмердиктин функцияларынын заманбап методдору менен тааныштыруу;

- студенттерге өз алдынча педагогикалык ишмердиктин милдеттерин аныктоого шарт түзүп берүү, бул үчүн максат кою процессин уюштуруу, мына ушул убакта студент өз алдынча аңдап, кесиптик максаттарга ээ болот.

2. ***Мазмундук:***

– айыл мектептеринде окуу-тарбия процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн камтыган материалдар. Айыл мектебин бүтүн педагогикалык кубулуш катары кабыл алып, ушундай типтеги окуу жайлардын тарбиялык системасы жөнүндө маалыматты, анын элементтерин жана байланыштарын камтыйт. Айыл жергесиндеги мектептин иш алып баруусунун идеяларын, принциптерин, айыл мектеп мугалиминин окуу-тарбия ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын, ар кыл курактагы коллектив, ата-энелер жана коомчулук менен иштөөнүн натыйжалуу формаларын жана методдорун дагы камтыйт. Айыл мектеби менен байланышкан жаңы педагогикалык изилдөөлөр кошумчаланып, окутуунун жаңы жолдору, каражаттары тууралуу

методикалык сунуштар.

– тандоо курсу - сунушталган тандоо курсту кайталоо өздөштүрүүнүн методикалары айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин керектүү компетенцияларын, кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу менен гана чектелбестен, студенттердин методикалык базасын толтурууга жакшы өбөлгө түзөт. Ишибизде “Айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты” тандоо курсун өздөштүрүүнүн методикасы жетишээрлик деңгээлде каралып чыкты. Жумушчу программада темаларды кантип өздөштүрүүнүн методикалары берилип, окутуунун интерактивдүү формасы болгон лекция-пикир алышуу (аудитория менен диалог кылуу), лекция – дискуссия, конкреттүү жагдайларды карап чыгууга багытталган лекция, бинардуу лекция, “пресс-конференция” – лекциясы, визуалдаштыруу лекциясы жана байланыш түзүү техникасын колдонгон лекциясын өткөрүүнүн мисалдары берилди (2-тиркемеде).

– *педагогикалык шарттар*: этнопедагогикалык, айыл мектептеринин новатор-педагогдорунун тажрыйбасын колдонуу, айыл мектептери менен таанышуу, жекечелештирүү жана дифференциалдаштыруу шарттарынын негизинде кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу.

3. ***Технологиялык этап.***

– *каражаттар* – курстук иштер, маалыматтык жана инновациялык технологиялар, бүтүрүүчү квалификациялык иштер жана тандоо курстары. студенттердин чыгармачыл иштерин, рефераттарын, курстук жана дипломдорун жазуу процессинде илимий-изилдөө ишмердигин уюштуруу [167, 54-б.];

– *методдор* – инновациялык, интерактивдүү ж.б.;

– *формалар* – маектешүү лекция, визуалдаштыруу лекциясы, пресс конференция, дискуссия лекциясы, кайра байланыш түзүүчү лекциясы жана көйгөйлүү лекция. ЖОЖдогу окутуунун формаларынын болгон мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу; студенттердин чыгармачыл потенциалын

активдештирүүгө, өз алдынчалыгын (ролдук жана жумушчу оюндар, проектерди жактоо, тажрыйба алмашууга багытталган конференциялар, педагогикалык практикалардын жыйынтыгы тууралуу чыгармачыл отчеттор).

*Жыйынтыктоо.*

– өздөштүрүлгөн билимдер;

– өздөштүрүлгөн жалпы кесиптик компетенциялар;

– өздөштүрүлгөн атайын кесиптик компетенциялар;

– *Критерийлер:*

– *баалуулук мамиле* – педагогикалык ишмердүүлүктүн максаттарын жана милдеттерин түшүнүү, баалоо, педагогикалык билимдердин баалуулугун, субъективдүү мамилелерди кабыл алуу жана негизгиси педагогикалык ишмердик менен канааттануу;

– *технологиялык активдүүлүк* – бул критерий аналитикалык-рефлексивдик, конструктивдик-алдын алуучулук, уюштуруучулук-ишмердиктик, баалоочулук-маалыматтык жана коррекциялык-көзөмөлдөөчүлүк педагогикалык көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгү. Чечүүнүн сапаты инсандык жана кесиптик сапаттарынын өнүгүшү менен түшүндүрсө болот.

– *чыгармачылык активдүүлүк;*

– *педагогикалык ойлом;*

– *өзүн-өзү өркүндөтүү.*

– *Деңгээлдер*

– репродуктивдик,

– продуктивдик,

– креативдик

– *калыптанган кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттери;*

– жана семинардык сабактарда жеке тапшырмаларды аткарып, айыл

*жалпы маданиятынын калыптангандыгы;*

– *келечектеги мугалимдерди айыл мектептерине даярдоодо* алардын кесиптик маданиятынын калыптанышынын, билиминин, билгичтигинин, көндүмдөрүнүн ортолук жана жыйынтыктоочу бааларына көңүл буруу менен болочоктогу мугалимдерди натыйжалуу даярдап керектүү учурда оңдоп-түздөгөнгө жетишүүгө мүмкүн [3, 156-б.].




**3.-сүрөт. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптаныдыруунун вариативдик модели.**

– *диагностирлөө;*

– *көзөмөлдөө;*

– *текшерүү;*

– *баалоо;*

– *прогноздоо.*

– *натыйжа.*

Мына ошондой көйгөйлөрдү чечүүдө төмөндөгүдөй структуралык түзүмдөрдү белгилөө зарыл.

*Көйгөйлөр.* Педагогикалык окуу жайды бүтүргөн студенттердин айыл мектептеринде иштөөгө даяр эместиги.

*Чечүүнүн жолдору жана механизмдери.*

1. Айыл мектептеринин бүтүрүүчүлөрүн максаттуу кабыл алуу (айыл өкмөттөрү, ата-энелер, мектеп жана ЖОЖдор тарабынан төрт тараптуу келишимдерди түзүү).

2. Атайын курстун киргизилиши “Айыл мектеп мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты”.

3. Айыл мектептеринде педагогикалык практикаларды уюштуруу, айыл мектебинин суроо-талаптары жана муктаждыктары менен байланышкан дипломдук иштерди жазуу.

*Көйгөйлөр.* Айыл мектептеринде квалификацияны жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү.

*Чечүүнүн жолдору жана механизмдери.*

– айыл мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуучу атайын программаларды, модулдарды иштеп чыгуу;

– райондук деңгээлде квалификацияны жогорулатуучу курстарды уюштуруу;

– дасыккан педагогдордун алдында стажердук “мектептерди” уюштуруу;

– көйгөйлүү педагогикалык группалардын ишин уюштуруу, аларга методикалык жардам көрсөтүү.

*Көйгөйлөр.* Предметтик мугалимдердин жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу адистердин жоктугу.

– көчмө педагогикалык коллективдерди райондук деңгээлде уюштуруу. адистер менен алмашуу жана окуучуларды тандалма сабактарга окутуу;

– Интернет ресурстарды жана электрондук булактарды колдонуу [188].

Студенттин окуу ишмердүүлүгүндө теориялык маалыматтын кабыл алынып жаткандыгын текшерүү иштери менен көзөмөлдөнөт. Лабораторлук

Моделди жүзөгө ашыруу процессинде тутумдаштырылган уюштурууга өзгөчө көңүл бурулган: университеттин базасында студенттер менен мугалимдердин айылдык мектептердин жогорку квалификациялуу мугалимдери менен жолугушуусу; аймактагы айыл мектептеринин базасында окуучулар үчүн сырттан уюштурулган семинарлар; студенттердин жана окутуучулардын таануу, этнографиялык экспедициялары; айылдык көп улуттуу коомдогу педагогикалык иштин теориясынын жана практикасынын актуалдуу проблемаларына арналган илимий-практикалык конференциялар.

Эксперименталдык иштин калыптануу баскычында айылдык мектептеги педагогикалык практика өзгөчө мааниге ээ болду, бул айылдык коомдогу мектептин билим берүү процессинин табигый шарттарында өздөштүрүлгөн кесиптик компетенттүүлүктү ишке ашыруунун табигый этабы, алынган тестирлөө каражаты кесипкөйлүк, анын ичинде регионалдык жактан аныкталган көндүмдөр, кесиптик педагогикалык мотивацияны өнүктүрүү.

## Экинчи бап боюнча корутунду

Өлкөбүздүн билим берүү тармагында болуп жаткан өзгөрүүлөр, болочоктогу мугалимдерге дагы өзгөчө талаптарды коюуда. Коомчулукка маданий, адеп-ахлактык, эстетикалык баалуулуктары калыптанган, дүйнө таанымы терең, билим деңгээли жогору мугалим керектиги бүгүнкү күндүн буйрутмасы. Мындай мугалим айыл жергесинде өзгөчө ролду аткарып, маданият таратуучу, жаратуучу жана муун аралык байланышты камсыздап

жумушу көп фукнционалдуу мүнөздө.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык модели түзүлүп максаттык, мазмундук, технологиялык компоненттерден турду. Теориялык моделдин *максаты:* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу. *Мазмундук блок* – педагогикалык дисциплиналардын мазмунун айыл мектеп мугалим ишмердүүлүгүнүн материалдары менен байытуу. “Айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты” тандоо курсу аудиториядан тышкаркы убакта эксперименталдык группага өткөрүлдү.

Мазмундук блокко кирген КПМды калыптандыруунун *4 педагогикалык шарты* аныкталган. Биринчиси, этнопедагогикалык шарт, каада-салт, үрп-адат аркылуу таасир этүү жана калыптандыруу иши жүргүзүлдү. Экинчиси, айыл мектептеринде эмгектенген новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү болду. Үчүнчүсү, айыл мектептери жана алардын милдеттери менен таанышуу. Төртүнчүсү, жекечелештирүү жана дифференцирлөө.

Технологиялык блок келечектеги мугалимдин КПМын калыптандыруунун форма, метод жана каражаттарын камтыды. Ал эми сунушталган моделдин акыркы этабы – жыйынтыктоочу-баалоочу блок болуп студенттин канчалык деңгээлде КПМы калыптанганын, анын репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдик деңгээлдери берилди. Критерийлери катары баалуулук мамиле, технологиялык активдүүлүк жана инсандык чыгармачылык берилди.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТТЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТТИ УЮШТУРУУ

## 3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу

Келечектеги мугалимдердин КПМын калыптандыруу маселесин чечүү үчүн изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык 3 этаптан турган тажрыйбалык эксперимент 2013-2019-жылдардын аралыгында өткөрүлдү. Экспериментке И. Арабаев атындагы КМУ жана Ж. Баласагын атындагы КУУ тандалып алынып, 180 студент катышты.

**3.1.-таблица. – Студенттердин эксперименталдык жана текшерүүчү топторго бөлүнүшү**

| | **Ж. Баласагын атындагы КУУ, Педагогика факультети** | **И. Арабаев атындагы КМУ** | | **Баардыгы** |
|---|---|---|---|---|
| | | Социалдык экономикалык билим берүү факультети | Биология жана химия факультети | |
| **Текшерүүчү группа** | 28 | 32 | 30 | 90 |
| **Эксперименталдык группа** | 29 | 31 | 30 | 90 |
| **Баардыгы** | 57 | 63 | 60 | 180 |

Изилдөө иштери төмөндөгүдөй үч этапта аткарылды:

*2013-2014-жж. – констатациялык этап.* Бул этапта келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптанышын жана деңгээлдерин аныктоо үчүн диагноздоо жүргүзүлдү. Изилдөөнүн максатына ылайык айыл мектебинде эмгектенген мугалимдердин, ЖОЖдун окутуучуларынын иш тажрыйбаларын үйрөнүп талдадык. ЖОЖдордо өтүлгөн окуу-тарбия ишинин жүрүшүндө келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын үйрөндүк. Бул максатта

мектеп мугалимдеринин, студенттердин арасында сурамжылоо жүргүзүлдү. Констатациялоочу этапта алынган натыйжалардын негизинде педагогикалык шарттары, окуу тарбия ишинин алгылыктуу формалары, методдору, кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу модели жана изилдөөнүн программасы аныкталды. Эксперименттик иштин натыйжалуулугун аныктоо критерийлерин иштеп чыктык. Иштелип чыккан критерийлердин негизинде диагностикалык иштер жүргүзүлдү жана тийиштүү оңдоолор киргизилди.

*Экинчи калыптандыруучу этапта 2015-2017-жж.* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча иштелип чыккан модель, педагогикалык шарттар, метод, сунуштар практикага киргизилди. Иштин натыйжасында студенттер, айыл мектебинин мугалимдери, окутуучулар, новатор-педагогдор жана Эл мугалимдер менен жолугушуулар өткөрүлдү, тегерек столдордо талкуу ж.б.у.с. уюштурулду. Эксперименттин жыйынтыктарын эксперименталдык группаларга киргизүү боюнча методикалык сунуштар иштелип чыкты.

*Үчүнчү этапта 2018-2019-жж.* Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу максатында моделде иштелип чыккан компоненттердин (аксиологиялык, технологиялык жана чыгармачылык компоненттер) критерийлери сынактан өткөрүлдү. Студенттердин келечектеги мугалим катары кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу максатында (педагогикалык дисциплиналардын мисалында) сунуштар иштелип чыкты, диссертациялык иш даярдалып бүтүрүлдү.

Констатациялык этапта (2013-2014-жж.) айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптанышынын деңгээлдери, педагогикалык шарттары, окуу-тарбия иштеринин алгылыктуу форма-методдору жана аны ишке ашыруунун модели аныкталды.

Мына ушуга байланыштуу төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү:

– айыл жана шаар мектептеринин мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлдери;

– студенттердин педагогикалык окуу жайга тапшыруусунун мотиви жана кесипке болгон мамилеси;

– студенттердин кесиптик-педагогикалык маданият жөнүндө түшүнүктөрү;

– айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптануу деңгээлдери.

Констатациялоочу эксперименттин жүрүшүндө айыл мектептеринде иштеген мугалимдердин, педагогикалык багытта окуган ЖОЖдун студенттеринин арасында изилдөө жүргүзүү менен алардын КПМ деңгээлдерин аныктай алдык. КПМдын компоненттерин камтыган үч блоктон турган анкета түзүлдү. Келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруудан мурун айыл жана шаар мектептеринде эмгектенген 5 жылдан кем эмес эмгек стажы бар мугалимдерге сурамжылоо жүргүзүлдү. Анкетага Жалал-Абад областынын Токтогул районунун Токтогул шааарынын №38 орто мектеби, Талас областынын Талас районунун А. Бөрүбаев атындагы орто мектеби, Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун Д. Иманов орто мектеби, Дархан айылынын орто мектеби, Тоң районунун Тоң айылынын А. Салиев ат. орто мектеби. Нарын областынын Жумгал районунундагы А. Сулайманов жана, Чүй областынын Чүй районундагы Садовое айылынын И. Укуев орто мектеби. Ошондой эле Бишкек шаарындагы №84 орто мектеби, №68 мектеп-гимназиясы, №1 Ч. Айтматов атындагы окуу-тарбиялык комплекси жана №31 мектеп-гимназиясында, 1-курс жана 4-курстар арасында кесиптик-педагогикалык маданияттын деңгээлдери аныкталды. Тесттин жыйынтыктары 3.2-таблицада көрсөтүлдү.

3.2.-таблицада көрсөтүлгөндөй КПМдын деңгээлдери ар кандай, айыл мектебинин мугалимдеринин көрсөткүчтөрү репродуктивдик жана продуктивдүү деңгээлде экенин көрмөкчүбүз, ал эми шаар мектебинин

мугалимдери продуктивдик жана креативдик көрсөткүчтөрү жогорураак экенин көрүүгө болот. Шаар мектептеринин мугалимдеринин мындай көрсөткүчтөрүн маданий борборлорго жакын болуусу, башка мектептин

**3.2-таблица. – Кесиптик-педагогикалык маданияттын деңгээлдери**

| № | | Баардыгы | Компоненттер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Репродуктив дик** | | **Продукти вдик** | | **Креативдик** | |
| | | | Саны | % | Сан ы | % | Саны | % |
| **1.** | **Айыл мектебинин мугалимдери** | 150 | 70 | 46,7 | 55 | 36,7 | 25 | 16,6 |
| **2.** | **Шаар мектебинин мугалимдери** | 150 | 55 | 36,7 | 60 | 40 | 35 | 23,3 |

мугалимдери менен тажрыйба алмашуу, квалификациясын жогорулатуусу, ар кандай симпозиум, тегерек стол жана конференцияларга катышып туруусу менен түшүндүрсөк болот. Ушул эле көрүнүш биринчи жана төртүнчү курстардын студенттериники айырмаланып турганын көрө алдык. Кесиптик-педагогикалык маданияттын аксиологиялык компонентине кирген педагогикалык кесипке баалуулук мамиле кылуу окуу жайдын алгачкы курстарында жана бүтүрүүчү мезгилде айырмаланганын көрө алдык. 1-курстун башында педагогикалык дисциплиналарды теориялык жактан гана өздөштүрүү менен чектелсе, 2-3 жана 4-курстарда педагогикалык практикага чыгуу менен студенттердин келечектеги мугалим катары өзүнүн кесиптик арсеналын байытуу менен алектенишет. 2-таблицада берилген %дык катыштар констатациялык экспериментте баштапкы абалды аныктоого жана КПМды калыптандыруу боюнча программаны түзүүгө мүмкүндүк берди.

Калыптандыруучу эксперименттин натыйжалуулугун күчөтүү максатында келечектеги мугалимдердин педагогикалык адистикке кантип келип калгандыгы биз үчүн маанилүү. Анткени өз калоосу менен келген

студенттердин аракети чоң, тандаган кесибинин түйшүктүүлүгүн аңдап билип керектүү кесиптик жана инсандык сапаттарды калыптандырууга умтулат. Бирок сурамжылоого катышкан студенттердин арасында ата-энесинин сунушу жана башка себептердин натыйжасында тапшырып, убакыт өткөн соң мугалимдик кесипти кабыл алып кеткен студенттер көп болгон. Студенттердин педагогикалык окуу жайга тапшыруу себептерин билүү үчүн атайын анкеталык суроолор даярдалып, алардын жоопторуна талдоо жүргүзүлдү. Ата-энесинин сунушу менен 29,4%, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен 36,6 %, мугалимдик кесип жагат 27,7 %, дос, курбулардын айтуусу менен 2,7 %, башка себептерден улам 3,6 %.

Студент тандаган кесибине кызыкса, билим алуу процесси жемиштүү болуп, кесипкөй адис катары калыптануусуна чоң түрткү берет. Инсандын структурасында кесиптик кызыгуу өзгөчө орунду ээлейт. Кызыгуу түшүнүгү «инсандын багыттуулугу» менен, ал эми “кесиптик кызыгуу” – инсандын кесипти тандоосу менен байланышкан. Кесиптик кызыгуу кээ бир кесиптик ишмердиктерге тандалма эмоционалдык мамилени гана түшүндүрбөстөн, инсандын кесипти өздөштүрүүгө багытталган таанып-билүү активдүүлүгүн түшүндүрөт. Кесиптик кызыгуу бири-бири менен байланышкан, бири-бирин толуктап турган компоненттерден турат: таанып-билүүчүлүк, эмоционалдык-эрктик жана муктаждык-ишмердик. Таанып билүүчүлүк компонент тандаган кесибинин мазмуну менен терең таанышууну түшүндүрөт. Эмоционалдык-эрктик кесипке оң мамилени жана кесиптик ишмердикте пайда болгон маселелерди чечүүгө умутулуу. Муктаждык-ишмердик компонент болсо конкреттүү кесипке болгон муктаждыкты гана чагылдырбастан, андагы активдүүлүктү түшүндүрөт [5].

Мына ушуга ылайык айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин кесиптик кызыгууларын калыптандыруу үчүн окуу-тарбия ишин башкаруунун системасын түзүү зарыл:

1. Студенттердин тандаган кесиби боюнча теориялык-методологиялык жана практикалык даярдыгын жакшыртуу.

2. Келечектеги айыл мугалимдеринини кесиптик муктаждык-мотивациялык сфераны өнүктүрүү.

3. Педагогикалык-психологиялык адистик боюнча дисциплиналардын байланышын камсыздоо.

4. Студенттердин билим алууга болгон муктаждыктарын өнүктүрүү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө мына ушул башкаруунун системасын ишке ашырууда Е.Б. Тесля аныктаган кесиптик кызыгууну калыптандыруунун төмөндөгүдөй психологиялык-педагогикалык шарттарын эске алдык:

- билим берүү процессинин катышуучуларын биргелешип иш алып барууга даярдыгы;

- ЖОЖдун материалдык-техникалык базасынын деңгээли;

- “педагог-студент” системасында диаглогдук пикир алышуунун болушу;

- “студент-педагог” системасы аркылуу кайра байланышты орнотуу жана педагогдун кесиптик кызыгуулары боюнча иш аракетин оңдоп түзөө [189].

Бул максатта В.Ядов тарабынан сунушталган методиканын (Н.В.Кузьмина менен А.А.Реан тарабынан модификацияланган) жардамы менен студенттердин кесипке кызыгуусун жана мамилесин аныктадык [215]. Изилдөөнүн жүрүшүндө студенттерге тандаган мугалимдик кесипке болгон мамилесин көрсөтүүчү студентти “кызыктырган” А, “кызыктырбаган” Б факторлор сунушталган.

**3.3-таблица. Кесиптик кызыгууларды аныктоочу суроолор**

| А | Б |
|---|---|
| 1. Коомчулук үчүн маанилүү кесип. | 1. Жумуштун маанилүүлүгү аз бааланат. |
| 2. Адамдар менен иш алып баруу. | 2. Адамдар менен иш алып бара албайм. |
| 3. Кесип чыгармачылыкты талап кылат. | 3. Чыгармачылыкты көрсөтүүгө шарт жок. |
| 4. Жумуш анча деле чарчатпайт. | 4. Жумуш аябай чарчатат. |
| 5. Айлык акы чоң. | 5. Айлык акы аз. |

| | |
|---|---|
| 6. Өзүңдү өзүң өркүндөтүүгө мүмчүлүк бар. | 6. Өзүңдү өзүң өркүндөтүүгө мүмчүлүк жок. |
| 7. Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келет. | 7. Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келбейт. |
| 8. Жумуш мүнөзүмө дал келет. | 8. Жумуш мүнөзүмө дал келбейт. |
| 9. Иш күн узак эмес. | 9. Узак иш күн. |
| 10. Адамдар менен байланыштын бардыгы. | 10. Адамдар менен ашыкча байланыш. |
| 11. Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүгү. | 11. Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүктүн жоктугу. |

2 фактор боюнча маанилүүлүк коэффициенти (МК) төмөндөгү формула аркылуу аныкталат:

$$МК=[(n_{+}) - (n-)/N]$$ [215]

N – тандоонун саны (катышуучулардын саны); ($n_{+}$) – А колонкасында факторлорду белгилегендердин саны; (n-) – Б колонкасында факторлорду белгилегендердин саны; Маанилүүлүктүн коэффициенти -1 ден +1 чейин өзгөрүп турат. Группа боюнча диагностиканын жыйынтыктары таблицага түшүрүлөт. Эгерде +1ге жакын болсо, анда студент тандаган кесиби менен канааттанат жана окуу ишмердүүлүгүн кызыгуу менен аткарат, ал эми -1ге жакын болсо, тандаган кесиби менен канааттанбайт.

Жогоруда көрсөтүлгөн Н.В.Кузьмина менен А.А.Реандын методикасына таянуу менен студенттердин тандап алган кесиби менен канааттануусун аныктай алдык.

Констатациялык экспериментте алынган маалыматтар студенттердин кесип менен жогорку деңгээлде канааттанбай турганын көрсөтүп турат (МК=-0,26). Адамдар менен иш алып баруу фактору салыштырмалуу эң позитивдүү болду (МК=0,26), жумуш чыгармачылыкты талап кылат (МК=-0,08). Мугалимдик кесипти тандаган студенттер чыгармачылыктын маанисин аңдап билээри белгилүү болду. Ошону менен бирге мугалимдик кесиптин айлык маянасы төмөн экенин белгилешип, мына ошого ылайык студенттердин тандоосу терс көрсөткүчтө экени көрүнүп турат. Ал эми калган факторлор терс көрсөткүчтөрдү көрсөттү, демек студенттер

педагогикалык кесиптин теориялык негиздерин изилдөө менен гана чектелишип анын практикалык маанисин жана жакшы маанай тартуулоочу жактарын түшүнө электиги көрүнүп турат. Калыптандыруучу экспериментке чейин текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын жооптору жалпысынан бирдей экенин көрө алдык (3.4. таблица).

**3.4-таблица. Калыптандыруучу экспериментке чейин кесипке болгон кызыгуунун жыйынтыктары**

| Факторлор | МК (маанилүүлүк коэффициенти) | |
|---|---|---|
| | Текшерүүчү группа | Эксперименталдык группа |
| 1 Коомчулук үчүн маанилүү кесип. | -0,08 | -0,06 |
| 2 Адамдар менен иш алып баруу. | 0,26 | 0,13 |
| 3 Кесип чыгармачылыкты талап кылат. | 0,08 | 0,06 |
| 4 Жумуш анча деле чарчатпайт. | -0,26 | -0,20 |
| 5 Айлык акы чоң / Айлык акы аз. | -0,91 | -0,8 |
| 6 Өзүңдү-өзүң өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк бар | -0,31 | -0,20 |
| 7 Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келет. | -0,28 | -0,33 |
| 8 Жумуш мүнөзгө дал келет. | -0,73 | -0,13 |
| 9 Иш күн узак эмес. | -0,13 | -0,26 |
| 10 Адамдар менен байланыштын бардыгы. | -0,48 | -0,33 |
| 11 Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүгү. | -0,26 | -0,46 |

Изилдөөнүн жүрүшүндө студенттердин “кесиптик-педагогикалык маданият” жөнүндөгү түшүнүктөрү аныкталды. Студенттерге “Кесиптик-педагогикалык маданиятты кандай түшүнөөрүн белгилешип, мугалимдин кайсы сапаттары менен салыштыраарын текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын студенттери тандашты. Анкеталык суроолор кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттерине жараша үч блокко бөлүндү – аксиологиялык, технологиялык, инсандык-чыгармачылык. Студенттер КПМдын негизин түзүүчү үч түшүнүктү белгилөөгө тапшырма берилди. Анкетанын жыйынтыгы 3.5-таблицада көрсөтүлдү. Суроолорго берген

жоопторун талдоонун негизинде төмөндөгүдөй натыйжа алдык (3.5-таблица).

**3.5-таблица. – Студенттердин "кесиптик-педагогикалык маданият" түшүнүгүн аныктоосу**

| | Сапаттар | Текшерүүчү группа | | Экспер.к группа | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны | % | Саны | % |
| 1 | Гумандуулук | 12 | 13,3 | 11 | 12,2 |
| | Толеранттуулук | 10 | 11,1 | 10 | 11,1 |
| | Окуучуларды түшүнө билет | 15 | 16,7 | 18 | 20 |
| 2 | Өз кесибин мыкты билет | 14 | 15,5 | 15 | 16,6 |
| | Педагогикалык чеберчиликке ээ | 11 | 12,2 | 8 | 9 |
| | Педагогикалык рефлексиянын калыптангандыгы | 4 | 4,4 | 3 | 3,3 |
| 3 | Ишине чыгармачыл мамиле кылуу | 11 | 12,2 | 14 | 15,5 |
| | Жаңычылдыкка умтулуу | 10 | 11,1 | 8 | 9 |
| | Интуиция жана импровизация | 3 | 3,3 | 5 | 3,3 |

Негизинен студенттер калыптандыруучу экспериментке чейин КПМдыга кирген сапаттардын арасынан негизги сапат катары "окуучуларды түшүнө билүүсүн" текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын студенттери 18,8% жана 20%ды түздү. Мындай тандоо жаңы эле окуу жайга келген биринчи курстун студенттери ЖОЖдун шарттарына көнүү-ыңгайлашуу мезгилинде окутуучу көмөк көрсөтүүсүнө муктаж экенин көрсөтүп турат. Студенттер менен маектешүүдө белгилүү болгондой "Мен үчүн мынчалык тапшырмаларды аткаруу кыйын!", "Окутуучулар студенттерге кайдыгер мамиле кылышат", "ЖОЖдун шарттарына, талаптарына көнүүдө кыйынчылыктарды жолуктуруудамын" 1-курстун студенттеринин ушул жана башка пикирлери окутуучудан уга жана түшүнө билүүсүн талап кылат. Ал эми экинчи маанилүү "Өз кесибин мыкты билүү" сапаты боюнча 15,5% жана 16,6%, бул тандоо кесиптик-педагогикалык маданияттын технологиялык компонентин түшүндүрөт. Ал эң аз тандашкан КПМдын компоненттерине кирген сапат катары мугалимдин рефлексиясы

жана интуиция-импровизациясы болду. Мындай аз тандоо студенттердин мугалимдин инсандык-кесиптик сапаттары жөнүндө аз маалым болгонун көрсөтүп турат.

Таблицадан текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын студенттери негизинен мугалимдердин окуучуларды түшүнөт жана өз кесибин билет деген сапаттарды баса белгилешип, андан соң гумандуулуктун маанисин көрсөтүшкөн.

Биз мындан көпчүлүк студенттердин “кесиптик-педагогикалык маданият” жөнүндө толук маалыматка ээ эмес экендигин көрө алабыз. Анткени, студенттер кесиптик-педагогикалык маданият түшүнүгүн бир тараптуу кабыл алышып, алардын ойлору жалпы жолунан окшош. Бул жагдайда студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятын жана аны калыптандыруу маселесине жетишээрлик көңүл бурулбагандыгын белгилемекчибиз.

Изилдөөнүн жүрүшүндө атайын түзүлгөн анкетанын жардамы менен кесиптик-педагогикалык маданияттын үч компонентинин критерийлери жана деңгээлдерин аныктадык (аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачыл).

Мына ушуларга ылайык изилдөөнүн жүрүшүндө айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптангандыгын өлчөп анын критериалдык аппаратын аныктоого көңүл бөлдүк.

Философиялык, педагогикалык адабияттарда “критерий” грек тилинен алганда criterion – ойлонуунун каражаты, баалоонун каражаты, белгилүү көйгөйдү квалификациялоонун жол жобосу деп берилет [108]. Ал эми ушул эле түшүнүктү И.Ф. Комогорцеванын ою боюнча критерий – бул белгилүү бир кубулушту, болуп өткөн окуяны же болбосо фактыны баалоонун белгилери деп түшүндүрөт.

Жогорудагы маалыматка ылайык айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын өлчөөдө критерийлер жана анын калыптануу деңгээлин аныктоо маанилүү.

Педагогикалык адабияттарда кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттеринин байланыштарын аныктаган көрсөткүчтөр бар. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун критерийлерин жана деңгээлдерин системалаштырууда В.ФИсаевдин ЖОЖдун окутуучуларынын кесиптик-педагогикалык маданиятын баалоо критерийлерине таяндык [90]. Окумуштуулардын пикири боюнча студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлин критериалдык аппарат аркылуу текшерүүдө ар деңгээлде кеминде эки көрсөткүч болушу керек, андай болбосо ал критерийдин болушу күмөн. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын негизги критерийлери жана деңгээлдери 3.6.-таблицада берилди.

**3.6-таблица. – Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун критерийлери жана деңгээлдери**

| **Критерийлер** | **Деңгээлдер/упайлар** | | |
|---|---|---|---|
| | **Репродуктивдүү (төмөн)** | **Продуктивдүү (орто)** | **Креативдүү (жогорку)** |
| **Баалуулук мамиле** | Педагогикалык реалдуулукка туруксуз мамиле кылуу, педагогикалык ишмердүүлүктүн милдеттерин, максаттарын түшүнбөстөн иштелип чыккан схема аркылуу мамиле кылат жана окуучуларды баалай албайт. Педагогикалык | Педагогикалык реалдуулукка туруктуу мамиле кылуу, психологиялык-Педагогикалык кесипке *баалуулук мамиле кылуу* педагогикалык ишмердүүлүктүн милдеттерин, максаттарын түшүнүү жана баалоо. | Кесиптик-педагогикалык маданияттын бул деңгээли максаттуулугу жана туруктуулугу менен мүнөздөлөт. Өзүнүн кесиби менен сыймыктанат. субъектдик мамилелердин, педагогикалык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | билимдин баалуулуктарын кабыл албайт жана мугалимдик кесип менен канааттанбайт. | | билимдин баалуулуктарын аңдап билүү. |
| **Технологиялык активдүүлүк** | Активдүүлүгү уюштуруучулук-ишмердүүлүгү мүнөздө болуп, аны аткарууда өзүнүн тажрыйбасына гана таянат. Педагогикалык ишмердикте алдын алуу принцибин кабыл албайт, окуу-тарбия процессинде өзүнүн ишмердигин баамдай албашы, педагогикалык рефлексиянын жоктугу. Педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө бир тараптуулугу жана ойлонуунун ийкемсиздиги. | Конструктивдүү-прогноздуу иш аракетти камтыйт. Аны аткарууда максат кою жана жыйынтыгын прогноздоону түшүндүрөт. ой жүгүртүүсүндө репродуктивтүү формадан изденүүчүлүккө өтүүсү. Окуучунун жүрүм турумун, инсандык сапаттарын терең билүүдө педагогикалык багыттуулугунун калыптанышы | Аналитикалык-рефлексивдик, конструктивдик-прогноздоочулук, уюштуруучулук-ишмердик, баалоочулук-маалыматтык жана коррекциялык-көзөмөлдөөчүлүк милдеттерди аткаруу жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Педагогикалык рефлексиянын калыптангандыгы, педагогикалык аң сезимдин позитивдүү маанайда болушу. |
| **Инсандык-чыгармачылык активдүүлүк** | Педагогикалык ишмердиги шаблондуу, коюлган нормадан алыстабоо жана эреже сактоого умтулуу. Чыгармачылык жокко эсе. Кесиптик-педагогикалык жактан өзүн-өзү | Чыгармачылык ишмердиги дагы да болсо аткаруучу мүнөздө, бирок стандарттуу педагогикалык кырдаалдарда жаңы жолдорду табуунун элементтери байкалат. | Келечектеги мугалимдин инсандык сапатынын *чыгармачыл активдүүлүгү* интеллектуалдык, педагогикалык интуиция жана импровизация аркылуу мүнөздөлөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | өркүндөтпөйт, эгерде өтө турган болсо каалоосуз ишке ашырат. | Квалификацияны жогорулаттуу формаларына тандалма мамиле кылуу. | Ишмердиги дайыма изденүү менен коштолуп, окутуунун, тарбиялоонун жаңы технологияларын киргизет. |

Ошентип теориялык булактарга жана изилдөөдө алынган натыйжаларга таянуу менен келечектеги мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптануусун жогорудагы үч деңгээлге бөлө алдык. Жогоруда белгиленген критерийлер кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптанган деңгээлдери 3.6 -таблицада берилди.

Ар бир суроого 1 ден 3кө чейин упай коюлду, эгерде тигил же бул сапатты же тастыктаманы өзүндө жок деп эсептесе 0, жолуктурса, бирок кээ бир учурда-1, жагдайга жараша десе 2, ал эми дайыма жолуктурса-3 упай коюшту. Констатациялык экспериментте текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын жыйынтыктарына таянуу менен 3 деңгээл аныкталды (1-тиркеме).

Изилдөөнүн жүрүшүнө эксперименталдык жана текшерүүчү группалардын КПМ калыптандыгынын деңгээлин аныктоо.

**3.7-таблица. –Калыптандыруучу экспериментке чейин айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптануу деңгээлдери**

| | **Компоненттер** | **Репродуктивдүү** | | **Продуктивдүү** | | **Креативдүү** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| **Текшерүүчү группа** | Аксиологиялык | 12 | 13,3 | 8 | 9 | 6 | 6,6 |
| | Технологиялык | 15 | 16,6 | 9 | 10 | 8 | 9 |
| | Инсандык-чыгармачыл | 15 | 16,6 | 10 | 11,1 | 7 | 7,8 |
| **Эксперим** | Аксиологиялы | 12 | 13,3 | 8 | 9 | 7 | 7,8 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **группа** | к | | | | | | |
| | Технологиялык | 16 | 17,7 | 9 | 10 | 8 | 9 |
| | Инсандык-чыгармачыл | 15 | 16,6 | 9 | 10 | 6 | 6,6 |




**4-сүрөт. Кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптандыруучу экспериментке чейинки деңгээлдери**

3.7-таблицада текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын көрсөткүчтөрү жалпысынан бирдей экени көрүнүп турат. Эки группанын студенттери педагогикалык чындыкка туруксуз мамиле кылуу менен, педагогикалык ишмердүүлүктүн милдеттерин, максаттарын түшүнбөстөн, окутуучулар айтканды жана көрсөткөндү аткарып жатышты. Ал эми педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө бир тараптуулугу жана ойлонуунун ийкемсиздиги менен айырмаланып, чыгармачылык ишмердиги дагы да болсо аткаруучу мүнөздө экени көрүүгө болот.

Констатациялык эксперименттин жыйынтыгына таянуу менен калыптандыруучу эксперименттин материалдарын тактоого, педагогикалык шарттарды аныктоого, теориялык моделди иштеп чыгууга жардам берди. ***Калыптандыруучу этапта*** (2015-2018-жж.) айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча иштелип чыккан модель, педагогикалык шарттар, методикалык сунуштар практикага киргизилип педагогикалык эксперментте текшерилди.

Калыптандыруучу экспериментте педагогикалык дисциплиналарды окутууда келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын компоненттери калыптандыруу максатында төмөндөгү жагдайларга көңүл бурулду. Эксперименталдык топтун студенттерине педагогика предмети боюнча максаттуу багытталган лекциялар, семинардык сабактар, кошумча тандоо курсу өткөрүлдү (2-тиркеме).

Иштелип чыккан окуу программа, реферат, эсселердин темаларын, тесттик тапшырмаларды, контролдук иштердин жыйнагын жана башка салттуу эмес окутуу технологияларды колдонуу – окутуунун натыйжалуулугун камсыздап, ага ылайык окутуу процессинин кызыктуулугу жана көрсөтмөлүүлүгү арттырды.

Диссертацияда сунушталган окутуу технологиялардын башкы өзгөчөлүгү катары дидактикалык максаттардын ар түрдүүлүгүн эсептөөгө болот. Педагог-новаторлордун, эл мугалимдеринин өмүр таржымалы тууралуу материалдар жана алардын новатордук окуу-методикалык тажрыйбалары студенттерге окуп үйрөнүүгө, кайталоого, бышыктоого, окулуп жаткан же окулуп бүткөн кесиптик компетенттүүлүккө байланыштуу педагогикалык билгичтерди жалпылоого мүмкүндүк түзөт. Кээ бир өз алдынча иштердин мазмуну педагогикалык практика учурунда, заманбап айыл мектептин ишмердүүлүгүн моделдештирүүгө жана аны презентациялоого мүмкүндүк түздү. Бир жагынан биз сунуштаган педагогикалык шарттар (инновациялык, жекечелештирүү жана дифференциялаштыруу, этномаданий, новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбасын изилдөө) студенттин аң-сезимине тез таасир этип, практикада өздөштүрө турган кесиптик-педагогикалык маданиятты айыл мектебиндеги ишмердик менен байланыштырды. Экинчи жагынан тандап алган кесибинин маани-маңызын, максатын жана баалуулуктарын кабыл алууга мүмкүнчүлүк берди.

*1. “Педагогикалык кесипке киришүү” дисциплинасынан* “Педагогикалык кесиптин жалпы мүнөздөмөсү жана педагогдун инсаны”

темасын окутууда билим берүүнүн сапатына таасир этүүчү факторлорду белгилөө менен педагогдун маанилүү сапаттарын окуп үйрөттүк. Бул дисциплинаны окууда мамлекеттик билим берүү стандартында 550700 – Педагогика багыты боюнча бакалаврларды даярдоодогу компетенциялар калыптанмакчы, алар жалпы илимий (ЖК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар (СИЖК), кесиптик компетенциялар (КК). “Педагогикалык кесипке киришүү” дисциплинасын окутууда төмөнкү маселелерге көңүл бурулду:

– айыл мектептеринин мугалимдеринин кесиптик иш аракеттери жетектөөчү, башкаруучу, гуманисттик, чыгармачыл, ар тараптуу ж.б. өзгөчөлүктөргө ээ;

– айыл мектебинин мугалими педагогикалык иштин субъектиси катары ал төмөндөгүдөй сапаттарга ээ болуусу зарыл: маалыматточу, дос катары, кеңешчи, суроочу, шыктандыруучу;

– айыл мектебинин мугалиминин педагогикалык иш аракети окуучуну инсан катары калыптандырып, аны эмгекке жана коомдук турмушка даярдоого багыттайт. Бул педагогикалык процессте окуучунун өнүгүүсү үчүн зарыл шарт түзүү, уюштуруу жана анын ар түрдүү иш аракетин башкаруу менен чечилет;

– айыл мектебинин мугалиминин кесиптик сапаттарына уюштургуч, конструктивдик, интеллектуалдык, жөндөм жана талант керек;

– педагогикалык кесипке даярдыктын негиздери.

Мугалимдик кесипке даярдыкты төмөндөгүдөй бөлүштүрсөк болот: 1) теориялык, 2) практикалык, 3) психологиялык. теориялык даярдыктын мазмуну педагогикалык, психологиялык, атайын билимдер жана бир катар билгичтиктер менен аныкталат. теориялык даярдыкка *аналитикалык, прогноздоочу, долбоорлочу* жана *рефлексивдик* билгичтикти камтыйт. Ал эми практикалык даярдыктын мазмуну билгичтик менен көндүмдөрдү өз ара айкалышынан көрүнөт. Ага коммуникативдик жана уюштуруучулук билгичтиктер кирет. уюштуруучулук иш аракетке – багыттоочу,

маалыматточу, өнүктүрүүчү билгичтиктер кирет. Коммуникативдик билгичтик мугалимдин окуучулар, ата-энелер менен өз ара мамилешүүсүн камсыз кылат, ага перцевтивдик билгичтик, педагогикалык техника, пикир алышуу жана прикладдык билгичтик кирет. Психологиялык даярдык болсо мугалимдин психологиялык законченемдүүлүктөрдү билип, аны практикада колдоно билүүсү зарыл;

– педагогдун өзүн-өзү тарбиялоо, мугалим өзүн-өзү тарбиялоо инсандык сапаттарды калыптандырууну, жекече өзгөчөлүктөрүн, педагогикалык кесипке ыңгайлануусун, кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууну, социалдык-адептик жана башка касиеттерди өнүктүрүүнү көздөйт;

– педагогикалык чеберчилик жана ага ээ болуунун жолдору; педагогикалык чеберчилик – бөлүнгөн убакытта педагогдун оптималдуу натыйжага жетишүүсү, иш аракеттин жогорку деңгээли. Мугалимдин иш аракетинин чыгармачылыгы, оптималдуулугу педагогикалык чеберчиликтин критерийи катары каралат. педагогикалык чеберчиликке ээ болуу узакка созулган процесс. Айыл мектебинин шарттарында иш алып барууну көздөйт, м: мал чарба жана дыйканчылык менен айкалыштырып табигый илимдерге багыттоо, убакытты туура пайдалануу (билим алуу, чарбачылыкка жардам берүү ж.б.). Мына бул процесс педагогикалык окуу жайларда окуп жүргөн мезгилде эске алынып чеберчилик калыптана баштайт (окуу процесстеринде, педагогикалык практикада, жолугуушуларда, ачык лекция жана семинарларда).

Мына ушуга ылайык мугалимдик кесипке коюлуучу талаптар:

– предметти терең билүү жана аны окутуунун методикасын терең өздөштүрүү (КПМдын аксиологиялык жана технологиялык компоненттеринин негизинде);

– билим берүүгө болгон каалоо жана билгичтик, өзүнүн кесибине болгон кызыгуу жана берилүү (КПМдын аксиологиялык компоненти – өз

кесибине баалуулук мамиле кылуу, анын негизинде өзүнүн инсандык-чыгармачылык сапаттарын өнүктүрүү);

– жогорку маданий деңгээлдери жана кругозорунун тереңдиги (КПМдын коммуникативдик, гноселогиялык, маалыматтык функцияларынын өнүгүшү);

– педагогикалык сылыктык – толеранттуулук, сабырдуулук жана өзүн-өзү кармоо (КПМдын үч компонентинин негизинде жана гуманитардык, адеп-ахлактык, эмпатиялык, рефлексивдик функцияларынын алкагында);

– уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөр: демилгелүү, энергия, өзүнө-өзү ишенүү, актердук жана режиссердук жөндөмдүүлүктөр (КПМдын баардык компоненттери);

– иш аракетке болгон түрткү берүүчү күч же болбосо туура эмес кыймыл аракетти жана эмоционалдык маданияттын негиздери (эмоцианы туура жана орундуу башкаруу, өзүнүн сезимдерине ишенүү жана вербалдаштыруу);

– тышкы келбети, мугалим дайыма элдердин назарында болуп үлгү катары жүрөт (жалпы маданияттулугу – кийинген кийими, стили, сүйлөө речи ж.б.).

*2. “Педагогикалык теория, системалар жана технологиялар”* дисциплинасын окутууда төмөндөгү маселелерге көңүл бурабыз:

а) педагогиканын илимдер системасындагы орду, милдеттери жана тармактары жөнүндө;

б) окутуу жана тарбиялоонун маселелерин окутууда; в) окутуунун формалары. Мисалы, алыскы Баткен областынан №3 эксперименталдык гимназияда эмгектенген Г. Мадаминовдун ж.б. айыл мектептеринен окутуу формаларын талдоо жүргүзүү менен чеберчилиги, сапаттарына талдоо жүргүзүп, мугалимдин инсандык сапаттарынын калыптанышынын ролун ачып көрсөттүк. Мугалим тарбиялоонун методдорун жакшы билиши студенттердин көңүлүн тарбиялоонун методдорун өздөштүрүүгө жана кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууга багыттайбыз.

“Педагогикалык технологиялар” темасын окутууда: окуу процессин уюштуруу, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн форма жана методдорун өздөштүрүүгө багыттайт. Бул теманы өздөштүрүүдө студенттердин маалыматты кабыл алуу, сактоо жана кайра иштетүүнүн көндүмдөрүн, ыкмаларын жана каражаттарын өздөштүрүү компетенциясына ээ болот (ИК1).

Педагогикалык технологияга максаттар, милдеттер, мазмуну, методдору (ыкмалары, каражаттары) жана окутуунун формалары кирээрин окутат. Технология максат менен тыгыз байланышып окутуунун кеңири таралган түрлөрүн камтыйт, окутуучу менен студенттин иш аракетинин тышкы белгисинен лекция, маектешүү, айтып берүү, инструкция кылуу, демонстрация кылуу, көнүгүүлөр, маселелерди чечүү, китеп менен иштөө. Билимдерди алуу боюнча булактарга карата *кептик, көрсөтмөлүү*: плакат, схема, таблица, диаграмма жана моделдерди көрсөтүү, техникалык каражаттарды колдонуу, кино жана теле программаларды көрүү. *Практикалык*: практикалык тапшырмалар, тренингдер, иштик оюндар, конфликтик жагдайларды анализдөө жана чечүү. *Окуучулардын таанып билүүсүнүн активдүүлүгү боюнча:* иллюстративдик, көйгөйлүү, изденүүчүлүк, изилдөөчүлүк. Мындай учурду окуучулардын кабыл алуу каналдарын билүү жана ага жараша окутуунун тигил же бул форма-методдорун колдонуу окутуу процессинин натыйжалуулугун күчөтөт. Аларга учкай токтоло кетсек аудиал, визуал жана кинестетик. Келечектеги мугалим көрүп кабылган жана түшүнгөн окуучуларга маалыматты көрүү анализаторлору аркылуу кабыл алганга багыттайт. Ал эми угуп түшүнгөндөргө угуучу каражаттарды (диктофон, үн жазуучу аппараттар ж.б.) колдонуусу зарыл. Үчүнчү типтеги окуучулар үчүн эң натыйжалуу жол – бул өзү кылып көрүү.

Мындан тышкары түшүндүрүүчү иллюстративдик метод, репродуктивдүү метод, көйгөйдү чагылдыруу методу, эвристикалык метод жана башкалар окутуунун методдорун активдүү чагылдырып келет.

*Педагогикалык каражаттарга:* окуу-лабораторлук аппараттар, дидактикалык техникалар, окуу-көрсөтмөлүү куралдар, окутуунун техникалык каражаттары, жана окутуунун автоматташтырылган системалары, компьютердик класстар, уюштуруучулук-педагогикалык каражаттар (окуу пландар, экзамендик билеттер, карточка-тапшырмалар, окуу куралдар ж.б.). Окутуунун формалары жөнөкөй, курамдык жана комплекстүү болуп үчкө бөлүнөт. *Жөнөкөйлөрүнө* маектешүү, экскурсия, викторина, зачет, экзамен, лекция, консультация, диспут, маданий мекемелер менен таанышуу, "эрудиттердин таймашы", концерт ж.б. Курамдыкка сабак, чеберчилик конкурсу, майрамдык жолугушуулар, конференция, "КВН", комплекстүүгө ачык эшик күндөр, тандаган кесипке арналган күндөр, балдарды коргоо күндөрү, театр, китеп, музыка, спортко ж.б. арналган.

3. Педагогика дисциплинасынын "*Билим берүүнүн жана педагогикалык ойлордун тарыхы"* окутууда студенттердин көңүлүн педагогиканын тарыхында орун алган педагогдордун иш тажрыйбалары менен тааныштырабыз, ошондой эле кыргыз педагогикасынын тарыхында көрүнүктүү инсандардын, новатор педагогдордун мисалында студенттердин КПМтын калыптандырууга көңүл бөлөбүз, мисалы, бөлүмү кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууда өзгөчө орунду ээлейт, дүйнөлүк коомчулук тарабынан педагогдордун чеберчилигин тааныткан ж.о.э. Кыргызстандын белгилүү агартуучуларынын агартуу боюнча "Кыргыз элинин биринчи агартуучу-илимпозу Ишеналы Арабаев", "Социалдык эмгектин баатыры, СССРдин Эл мугалими Ж.Үтүров ж.б. аттуу темаларда өмүр таржымалы менен таанышуу аркылуу кесиптик-педагогикалык маданияттын баалуулук компонентин калыптандырдык.

Изилдөөгө катышкан эксперименталдык группанын студенттери тарабынан "Өмүрү өрнөктүү инсандар" аттуу тегерек столдордо Кыргыз элинин агартуусуна салым кошкон инсандар тууралуу баяндамалар окулуп, талкуу-диспуттар байма-бай өтүп турду.

"Кыргыз элинин биринчи агартуучу-илимпозу "Ишеналы Арабаев"

аттуу темада алгачкы агартуучунун өмүр таржымалы менен таанышуу аркылуу кесиптик-педагогикалык маданияттын баалуулук компонентин калыптандырдык. Ишеналы Арабаев 1882-жылы Кочкор районунун Күн-Батыш айылында туулган. Ал башталгыч мектептин көлөмүндө билим алгандан кийин, айыл-кыштактарда мугалим болуп (1900-1910) иштеген. Кийин (революцияга чейин) Варшава, Казань, Саратов, Оренбург, Уфа, Алма-Ата шаарларынан окуп, жогорку жана орто билимге ээ болгон. Уфадагы жогорку диний мектеп – "Медресе-Галиядан" окуп жүргөндө эле Сарсекеев деген казак студент менен кыргыз, казак балдарына арналган "Алиппе жаки төтө окуу" аттуу туңгуч окуу китебин 1911-жылы Уфа шаарындагы "Шарк" басмасынан араб тамгасы менен чыгарат.

Ал эми 1912-жылы "Жазуу өрнөктөрү" (таза жазуунун үлгүлөрү) (1912-ж.) аттуу Оренбург шаарындагы "Вакыт" басмасынан чыгарган китебинде жазуу эрежелери, каллиграфия, тамгаларды кооз жазуу үлгүлөрү берилген. Бул китеп казак тилинде жазылса да, анын ичинде фонетика жагынан кыргызча жазылган сөздөр көп кездешет. Ошол эле жылы "Оренбургдан Ташкенге чейин" деген жол очерки "Айкан" журналынын биринчи санына басылган.

Ишеналы Арабаев 1913-жылы "Медресе-Галияны" бүткөндөн кийин, Ысык-Көл, Нарын аймактарында мектептерди ачып, элдин сабатсыздыгын жоюуга, илим-билимге тартууга зор аракет жасайт.

1916-жылы үрккөн эл менен бирге Кытайдын Үч-Турпан деген жерине качып барып, 1917-жылы өз элине кайтып келген.

1918-1922-жылдарда Түркстандын Жети-Суу областында ар түрдүү жооптуу кызматтарда иштеп, кыргыз мектептеринде мугалимдерди даярдай турган алгачкы курстарды уюштурат. Ошондой эле Жети-Суу областтык "Кошчу" союзунун төрагасына орун басар, Түркстан Эл комиссарлар Советинде (Ташкентте) (1922-1924-жж.) иштеп, анын илимий комиссиясын жетектеген. Ал жетектеген илимий комиссия кыргыз тилинин алфавитин түзүп, башталгыч класстардын окуучулары үчүн алиппени, усулдук

сунуштарды даярдашкан жана кыргыз терминологиясынын маселелерин изилдешкен.

Кыргыз фольклоруна кызыккан И. Арабаев 1922-жылы “Манас” эпосун эл оозуна жыйнатуу ишинин эң биринчи демилгечиси болуп, атактуу манасчы Сагынбай Орозбак уулунан “Манастын” биринчи бөлүмүн, Актан уулу Тыныбектен “Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөн” жерин жазып алып, 1925-жылы Москвадагы СССР Элдеринин Борбордук басамасынан китепче кылып чыгарган.

1924-жылы Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөндө, ал Облревкомдун мүчөсү, илим комиссиясынын төрагасы болуп иштеп жүрүп, “Эркин-Тоо” гезитин уюштурууга катышып, биринчи санына “Эркин-Тоо” деген макала жазат. Ошол эле жылы араб графикасынын негизинде туңгуч кыргыз алфавитин, “Кыргыз алиппесин”, грамматика жана табият таануу боюнча биринчи кыргызча окуу китебин, “Сабатсыз чоңдор үчүн алиппени” (1925) жана кыргыз мугалимдерине колдонмо иретинде “Саамалык” аттуу китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. 1928-жылы К.Карасаев экөө латын тамгасында түзүшкөн чоңдор үчүн “Жаңылык” аттуу алиппеси Фрунзе шаарындагы Кыргызмамбас тарабынан жарык көрөт. Бул китеп кыргыз эли латын тамгасын кабыл алган кезде жаңы тамга менен биринчи басылып чыккан эң мыкты окуу куралы болуп, сабатсыз элдин сабатсыздыгын жоюуда зор кызмат кылган. Бүгүнкү күндө “Жаңылыктын” бир даанасы Москвадагы “Революция музейинде” сакталуу. ЮНЕСКОнун сейрек жана кызык китептеринин тизмесине алынган кыргыз китеби болуп калган.

XX кылымдын башындагы биринчи кыргыз мугалими, улуттук мектептерин негиздегендердин бири катары тарыхта калган И. Арабаев 1933-жылы 11-майда “улутчул” деген жалган жалаа менен камакка алынып, ошол эле жылы 7-июнда Ташкент түрмөсүнөн каза болгон. Ал эми 1958-жылы толугу менен акталган.

И. Арабаевдин 1992-жылы 110 жылдык мааракеси белгиленип, ысымы

Бишкектеги Жогорку окуу жайынын бирине ыйгарылып, ошол университетте музейи уюштурулуп, анын эмгектери, китептери, газета-журналдарга ал жөнүндө жазылган макалалар коюлган [222].

Мындай маалыматты берүү менен студенттердин мугалимдик кесипти кабыл алуу, ага сый мамиле кылуусун камсыздадык. Келечектеги мугалимдердин өмүрү өрнөктүү инсандардын кылган эмгектерин, алардын агартуучу кесипке болгон мамилесин аңдап билишет. Бул иш аракеттин натыйжасы менен кесиптик-педагогикалык маданияттын баалуулук, технологиялык жана чыгармачылык компонеттерин калыптандырууга жетиштик. Ошону менен бирге КПМдын функцияларын белгилүү агартуучунун билим алуу жолундагы иш аракеттерин гносеологиялык, изденүүчүлүк, адептик, баарлашуунун ж.б. функцияларынын алкагында баамдалып, келечектеги мугалимдер тарабынан бүтүмдөр чыгарылды.

4. Билим берүү системасын башкаруу деп аталган структуралык бөлүмүн окутууда *Педагогика дисциплинасы боюнча билим берүү системасын башкаруу* сабагынан “Мектеп директорунун башкаруу маданияты” аттуу темасында мектеп директору кандай кесиптик жана инсандык сапаттарга ээ болушу керек деген суроого жооп берди. Жогоруда көрсөтүлгөндөй бул дисциплинаны окутууда дагы келечектеги мугалимдердин белгилүү компетенцияларын калыптандырууга умтулдук. Мектептин башчысынын башкаруучу маданияты – бул мектепти башкаруунун технологияларын жакшыртуу жана баалуулуктарды жаратууга багытталган, башкаруучулук ишмердүүлүктө директор өзүнүн инсандык сапаттарынын жакшыртуунун чен өлчөмүн жана жол жобосун түшүндүрөт. Кесиптик-педагогикалык маданияттай эле болуп башкаруучу маданият 3 компоненттен турат аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык. Мектепти натыйжалуу башкаруу үчүн директордун керектүү сапаттарын талдоо менен кесиптик-педагогикалык маданияттын кандай компоненттери иш жүзүнө ашаарын байкап көрмөкчүбүз. Алар мектеп коомчулугунун деңгээлинде толеранттуу инсандар аралык жана кесиптик

мамилелерди куруу көндүмү (СИЖМ-1); көп маданияттуу коомчулукта адептик жана укутук нормалардын негизинде мамилелерди көзөмөлдөө жана бирдей мүмкүнчүлүк түзүү жөндөмдүүлүгү (СИЖМ-2); окуучуларды окутууга жана өнүктүрүүгө коопсуз чөйрөнү (психологиялык, социалдык жана физкалык) түзүү, ар кайсы курактагы окуучулардын сергек жашоо образы, чөйрөнү, энергияны сактоо жөндөмдүүлгү (СИЖМ-3), өзүнүн жакшы жактарын жана кемчиликтерин сынчыл баалаганга жана аларды өнүктүрүүгө же арылуу каражаттарын билүү (СИЖМ-4).

Башкаруучу маданият кесиптик-педагогикалык маданияттын бир бөлүгү болуп эсептелинет. Мектептин башчысынын башкаруучу маданияты – бул мектепти башкаруунун технологияларын жакшыртуу жана баалуулуктарды жаратууга багытталган, башкаруучулук ишмердүүлүктө директор өзүнүн инсандык сапаттарынын жакшыртуунун чен өлчөмүн жана жол жобосун түшүндүрөт. Кесиптик-педагогикалык маданияттай эле болуп башкаруучу маданият 3 компоненттен турат аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык. Эгерде мектеп директорунун функционалдык-милдеттери жөнүндө сөз кыла турган болсок, алар:

– мамлекеттин жана коомчулуктун алдында балдардын укуктарын коргоо боюнча жоопту, окуу-тарбиялык ишти пландаштырат жана уюштурат, анын жүрүшүнө жана жыйынтыгына көзөмөл жүргүзөт, билим берүү мекеменин эффективдүлүгүн жана сапатын камсыздайт. КПМдын укуктук жана башкаруучулук маданиятын өздөштүрүү жана өнүктүрүү келечектеги мугалимдерди тарбиялоонун маанилүү милдеттеринин бири;

– мамлекеттик жана коомдук уюмдарда мектептин кызыкчылыктарын коргойт (укуктук маданият);

– класстан тышкаркы иштерди уюштурууда керектүү шарттарды түзөт (эстетикалык, экологиялык, креативдик, физикалык);

– директордун орун басарларын өзү кабыл алат, алардын милдеттерин аныктайт, педагогикалык коллективдин, окуучулардын жана ата-энелердин пикирин эске алуу менен педагогикалык кадрларды жана класс

жетекчилерин аныктайт (башкаруучулук, баарлашуучулук маданияттары);

– окуу мекеменин педагогикалык, административдик, окуу-тарбиялык жана тейлөөчү персоналды жумушка алат;

– мектеп мугалимдердин чыгармачыл өнүгүүсүнө, окутуунун, тарбиялоонун алдыңкы методдорун жана формаларын колдонууну шарттайт.

Мектепти натыйжалуу башкаруу үчүн директордун керектүү сапаттарын талдоо менен кесиптик-педагогикалык маданияттын кандай компоненттери иш жүзүнө ашаарын экенин байкап көрмөкчүбүз.

Бул этапта республикабыздын эл мугалимдеринин, алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбаларын үйрөнүп талдоо жүргүздүк. М.: Талас областынын Арал орто мектебинде эмгектенген Б.Исаковдун иш тажрыйбаларын үйрөнүп изилдөөнүн максатына ылайык пайдаландык. Ошондой эле педагогикалык кесипке жаңыдан киришкен жаш мугалимдердин арасында изилдөө жүргүзүлүп, алардын көз караштары аныкталды.

Студент тандаган кесибине кызыкса, билим алуу процесси жемиштүү болуп, кесипкөй адис катары калыптануусуна чоң түрткү берет. Инсандын структурасында кесиптик кызыгуу өзгөчө орунду ээлейт. Кызыгуу түшүнүгү «инсандын багыттуулугу» менен, ал эми “кесиптик кызыгуу” – инсандын кесипти тандоосу менен байланышкан. Кесиптик кызыгуу кээ бир кесиптик ишмердиктерге тандалма эмоционалдык мамилени гана түшүндүрбөстөн, инсандын кесипти өздөштүрүүгө багытталган таанып-билүү активдүүлүгүн түшүндүрөт. Кесиптик кызыгуу бири-бири менен байланышкан, бири-бирин толуктап турган компоненттерден турат: таанып-билүүчүлүк, эмоционалдык-эрктик жана муктаждык-ишмердик. Таанып билүүчүлүк компонент тандаган кесибинин мазмуну менен терең таанышууну түшүндүрөт. Эмоционалдык-эрктик кесипке оң мамилени жана кесиптик ишмердикте пайда болгон маселелерди чечүүгө умтулуу. Муктаждык-ишмердик компонент болсо конкреттүү кесипке болгон муктаждыкты гана чагылдырбастан, андагы активдүүлүктү түшүндүрөт [5].

КПМды калыптандырууда аудиториядан тышкаркы иштерге дагы көңүлүбүздү бурдук. Кыргызстандын Эл мугалимдери, новатор-педагогдор, айыл мектебинде иштеген новатор жана жаш мугалимдер жолугушуулар, талкуулар, тегерек столдор ж.б.у.с. иштер уюштурулду. Эксперименттaлдык топтун студенттери “Мен күткөн мугалим”, “Мугалимдер күнү”, “Педагогикалык декада”, “Кыргызстандын новатор-педагогдору” деген темаларда талкуулар, “Дилетант”, “Учитель года” ж.б. көркөм фильмдери көрсөтүлүп, дискуссиялар, педагогикалык кырдаалдарды чечүү уюштурулду.

Калыптандыруучу экспериментте педагогикалык циклга кирген дисциплиналарды, тандоо курсун окутууда жана аудиториядан тышкаркы иштерде “Дискуссиялык селкинчек” (айыл мектепте эмгектенүүгө көнүү, ыңгайлашуу); “Дебаттар” (айыл мектебинин маданият түзүүчү жана маданият жаратуучу борбор катары); “Семинар-дискуссия” (айыл мектеп мугалими маданият таратуучу), ролдук жана ишкер оюндары: тегерек стол “Айыл мектеби: көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору”; пресс-конференция ж.б.лар колдонулду.

Педагогикалык дисциплиналарды окутууда КПМдын компоненттери жана фукцияларын калыптандыруунун натыйжасында эксперименталдык группанын жыйынтыктары өзгөрдү.

Эксперименталдык изилдөөлөрүбүздүн биринчи этабында (констатациялоочу) алынган натыйжаларына таянуу менен төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:

1. Студенттердин мугалимдик кесипти тандоосу боюнча ата-энелери, ЖРТнын жыйынтыгы, мугалимдер, жолдоштору, жеке өзүнүн кесипке кызыгуусу таасир тийгизген. Алардын арасында кокусунан келгендер дагы көп.

2. Студенттердин көпчүлүгү өзүлөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн толук баалай алышпайт.

3. Келечектеги мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлдери адаптациялык деңгээлде, студенттердин айрымдары тандаган

кесибине туруктуу кызыгуулардын жоктугунан мектепте иштөөгө умтулушпайт.

Констатациялык эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжаларды төмөндөгү маселелерди чечүүдө колдондук:

1. айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун моделин аныктоодо;

2. айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана аны ишке ашырууда технологияларын аныктоодо;

3. сунушталган педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн калыптандыруучу экспериментте жүргүзүү практикалык сунуштарды иштеп чыгууда.

Айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын компоненттерин калыптандырууда педагогикалык шарттарды жана моделин пайдалануу иштин натыйжалуулугу артты. Констатациялоочу эксперименттин жыйынтыгынын негизинде калыптандыруучу эксперименттин программасы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен даярдалды.

Изилдөө көрсөткөндөй, айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияттын маңызын окуп үйрөнүү ар бир студенттин мүмкүнчүлүгүнө жана окууга болгон мотивациясына жараша жүргүзүлөт. Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу төмөндөгү этаптарды камтышы керек: *максат кою, көйгөйдү аныктоо, ойдун пайда болушу (идеянын калыптанышы), иш аракетти пландоо жана уюштуруу, идеянын ишке ашыруунун оптималдуу жолдорун аныктоо, контролдоо жана баалоо менен жыйынтыкталат.* Мына ушуга байланыштуу калыптандыруу иштин натыйжалуулугун арттыруу үчүн төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

– изилдөөнүн максатына ылайык, интерактивдүү окутуу технологиялардын жардамы менен жаңы билимдерди алуу, кайталоо, бышыктоо, өзүн-өзү текшерүү ишмердүүлүктөрү уюштурууга;

– кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттеринин айыл мектеп мугалиминин ишмердүүлүгү менен байланыштыруу зарыл;

– педагогикалык циклдагы сабактарды өтүүдө жөн гана теманы өздөштүрүү эмес, кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууга багыттоо зарыл;

– болочоктогу мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу максатында, өз алдынча иштөөнүн, практикалык көнүгүүлөрдүн, психологиялык-педагогикалык практикумдардын мазмунун маданиятты калыптандырууга багытталуу.

Студенттердин пикири боюнча сунушталган тандоо курсу натыйжалуу өтүп, студенттердин өз алдынчалуулугун системалаштырганга, кесиптик-педагогикалык маданияттын бардык компоненттеринин негизинде билим алууга чоң түрткү берди.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин инсандык сапатынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, маданияттуулугун бааласак, анда маалыматыбыз тагыраак болот. Бул системаны иш жүзүнө ашырууда өзгөчөлүктөргө көңүл буруу зарыл:

*Биринчиси* – педагогикалык циклдагы дисциплиналарды өтүүдө жана класстан тышкаркы тарбиялык иштерде кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптануу деңгээлин аныктоо инсандын жогорку маданияттуу чөйрөдө калыптанышына көзөмөл жүргүзүү менен аныкталат.

*Экинчиден* – ойлонуштурулган кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу системасы дагы тез жыйынтыкка алып келбейт, анткени маданиятты жаратуу, калыптандыруу көп убакытты, мээнетти талап кылган процесс.

*Үчүнчүдөн* – келечектеги мугалимдин инсандык сапаттарынын калыптанышы адамдардын активдүү таасири астында жүргөндүктөн, мына ошондуктан болочоктогу мугалимдин кандай чөйрө факторун эске алуу.

Студенттердин руханий муктаждыктарынын таардыгы тынчсыздандырбай койбойт. Көбүнчө (эки группа тең) студенттер үчүн театр, искусство популярдуу эмес. Бирок тандоо курсунун негизинде уюштурулган "Классикалык музыка жан дүйнөнүн азыгы" аттуу, "Менин айылым" аттуу көргөзмө, "Мен спектакльга барам!" аттуу ж.б. иш чаралар эксперименталдык группанын студенттери бош убактысын колдонууда спектакль, музей, галерея ж.б. барууну көрсөтүштү. Эксперименталдык группанын студенттери блогерлик кыла баштаганын көрүп турабыз, Instagram, facebook социалдык тармактарында "Мен күткөн мугалим", "Дилгир жаштар" деген жана башка барактарга келечектеги мугалимге керектүү материал, сүрөт, видео жүктөп жатышты. Ден соолукту чыңдоо маданияты начар калыптанбаганын көрүп турабыз, бирок эксперименталдык группанын студенттеринин көрсөткүчтөрү айырмаланып турат. Ыктыярчылык менен студенттер аз алек болоорун билгизишти, анткени ага кеткен убакытты акча табууга жумшоо пайдалуурак экенин баса белгилешти. Бирок калыптандыруучу эксперименттин убагында эксперименталдык группа менен ар кандай иш чаралар өткөрүлгөндөн кийин, студенттердин көз караштары өзгөрдү.

### 3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо

Калыптандыруучу эксперименттен кийин кесипке болгон мамилени аныктоо 3.8. таблицада берилди. Көрүнүп тургандай педагогикалык кесип коомчулук үчүн маанилүү экени экспериментке чейин –0.08 болсо эксперименттен кийин +0.13 өзгөрдү. Калыптандыруучу эксперименттен кийин болочоктогу мугалимдер мугалимдик кесиптин оң жактарын кабыл алып, окуучулары үчүн алардын аракети маанилүү жана керек экенин баамдай алышты. Адамдар менен иш алып баруу шкаласы боюнча сандардын

өсүшү азыраак болгонун байкай алмакчыбыз экспериментке чейин 0.26 болсо эксперименттен кийин 0.33. Кесип чыгармачылыкты талап кылат деген суроого эксперименталдык группанын студенттери кыйла айырмаланышты, анткени ЖОЖдо окуу мезгилинде чыгармачылык менен иштеген окутуучулардын сабактары жакшы кабыл алынып окуучулар активдүүлүгүн көрсөтүп келет. Эгерде экспериментке чейин 0.08 болсо эксперименттен кийин 0.40. Айлык маяна боюнча эки топтун студенттери бирдей -1 жакын санды көрсөтүштү. Мүнөзүм жана жөндөмдүүлүктөрүм тандагам кесибиме туура келет дегендердин саны кыйла өстү -0.31 ден 0.43 чейин жана -0.28 ден 0.24 чейин. Анткени психологиялык-педагогикалык дисциплиналарды окуу мезгилинде келечектеги мугалимдер өзүнүн мүнөзүн, темпераментин, жөндөмдүүлүктөрүн атайын психодиагностикалык методикалар менен аныкташкан. Анда эксперименталдык группанын студенттери адам-адам кесибине жакын экени көрсөтүлдү. Бул студенттер өзүнүн кесибин кабыл алып, билим деңгээлин жогорулатууга умтулушат дегенди билдирет. Текшерүүчү топтун студенттери мугалимдик кесипте иш күн узак экенин кабыл алышып, ал чарчап жана тажоого алып келээрин белгилешкен -0.13, ал эми эксперименталдык топтун студенттери өзүн-өзү жакшыртууга, окуучулар менен кошумча иш алып барууга убакыт керек экениндигин баса белгилешти 0,19. Айырмачылыгын көрүп турабыз.

**3.8-таблица. Калыптандыруучу эксперименттен кийин кесипке болгон кызыгуунун жыйынтыктары**

| Факторлор | МК (маанилүүлүк коэффициенти) | |
|---|---|---|
| | Текшерүүчү топ | Эксперименталдык топ |
| 1 Коомчулук үчүн маанилүү кесип. | -0,08 | 0,15 |
| 2 Адамдар менен иш алып баруу. | 0,26 | 0,29 |
| 3 Кесип чыгармачылыкты талап кылат. | 0,08 | 0,4 |
| 4 Жумуш анча деле чарчатпайт. | -0,26 | 0,33 |
| 5 Айлык акы чоң / Айлык акы аз. | -0,91 | -0,97 |
| 6 Өзүндү-өзүң өркүндөтүүгө мүмчүлүк | -0,31 | 0,44 |

| | | |
|---|---|---|
| бар | | |
| 7 Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келет. | -0,28 | 0,24 |
| 8 Жумуш мүнөзгө дал келет. | -0,73 | 0,37 |
| 9 Иш күн узак эмес. | -0,13 | 0,19 |
| 10 Адамдар менен байланыштын бардыгы. | -0,48 | 0,09 |
| 11 Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүгү. | -0,26 | 0,21 |

Кесиптик-педагогикалык маданият түшүнүгүн аныктоодо калыптандыруучу эксперименттен кийин тандоолор өзгөрдү. Эксперименталдык топтун студенттери көрсөтүлгөн сапаттардын арасынан рефлексиялык сапаттарга көңүл бурганын көрүп турабыз, анткени кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган мугалим өзүнүн ишмердигине дайыма талдоо жүргүзүп, кылган аракетинин натыйжасын көрө билүүгө умтулат. Чыгармачылыктын дагы мааниси өскөнүн көрүп турабыз, КПМдын калыптанган критерийлеринин бири чыгармачылык болуп жаткандан кийин, келечектеги мугалимдер үчүн чыгармачылык чоң роль ойноору белгилүү болду. Сунушталган сапаттардын арасынан мугалимдин интуициясы жана импровизациясы өскөнүн 3.9-таблицадан көрүүгө болот. Эксперименталдык топтун студенттери мугалимге импровизациялык жөндөмдүүлүк керек экендигин калыптандыруучу эксперименттин алкагында өткөрүлгөн тренингдерде аныкталды.

**3.9-таблица. – Студенттердин "Кесиптик-педагогикалык маданият" түшүнүгүн аныктоосу**

| | **Сапаттар** | **Текшерүүчү группа** | | **Экспер.к группа** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** |
| 1. | Гумандуулук | 12 | 13,3 | 9 | 10 |
| | Толеранттуулук | 10 | 11,1 | 10 | 11,1 |
| | Окуучуларды түшүнө билет | 15 | 16,7 | 12 | 13,3 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Өз кесибин мыкты билет | 14 | 15,6 | 12 | 13,3 |
| | Педагогикалык чеберчиликке ээ | 11 | 12,2 | 12 | 13,3 |
| | Педагогикалык рефлексиянын калыптангандыгы | 4 | 4,4 | 10 | 11,1 |
| 3. | Ишине чыгармачыл мамиле кылуу | 11 | 12,2 | 12 | 13,3 |
| | Жаңычылдыкка умтулуу | 10 | 11,1 | 8 | 9 |
| | Интуиция жана импровизация | 3 | 3,3 | 5 | 5,6 |

Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптангандыгынын критерийлери 3.6-таблицада ар бир көрсөткүчү менен комплекстүү түрдө берилди. Калыптандыруучу эксперименттен кийин эксперименталдык топтун студенттери кесиптик-педагогикалык маданиятка мугалимдин чыгармачылыгына жана импровизациясына маани бере турганын көрмөкчүбүз. Анктени чыгармачыл мугалимдин иш аракети дайыма изденүү, дилгирлик менен коштолуп. Окутуунун интерактивдүү форма-методдорун колдонот. Айыл мектеп шарттарында эмгектенген мугалим үчүн маалымат технологияларын колдонуп, сабак учурунда көйлүү кырдаалдарды жаратып аны чечүү үчүн юмор, импровизация, акторлук чеберчиликтин маанисин белгилешкен.

Айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын, *баалуулук мамиле, технологиялык активдүүлүк, инсандык-чыгармачылык* деңгээлдери жакшырганын көрө алдык:

**Баалуулук мамиле.** Кесиптик-педагогикалык маданияттын бул деңгээли максаттуулугу жана туруктуулугу менен мүнөздөлөт. Эксперименталдык группанын студенттери өзүлөрүнүн кесиби менен сыймыктанып, эгерде мүмкүнчүлүк болсо кошумча билим алаарын көрсөтүп педагогикалык билимдин баалуулуктарын аңдап билишти. Ошол эле мезгилде педагогикалык кесип – бул инсандар менен иштеп жаткандан кийин, алардын жекечелигине, өзгөчөлүктөрүн эске алуу, педагогикалык кесиптин башкы милдеттеринин бири.

**Технологиялык активдүүлүк.** Аналитикалык-рефлексивдик,

конструктивдик-прогноздоочулук, уюштуруучулук-ишмердик, баалоочулук-маалыматтык жана коррекциялык-көзөмөлдөөчүлүк милдеттерди аткаруу жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Педагогикалык рефлексиянын калыптангандыгы, педагогикалык аң сезимдин позитивдүү маанайда болушу.

Педагогикалык практика учурунда, педагогикалык дисциплиналарды окуп жатып эксперименталдык группанын студенттери көйгөлүү жагдайларды чечүүдө ар-тараптуулугу, ар бир деталга көңүл буруу менен, алдын ала прогноздоону көрсөтүштү. Ошол эле мезгилде өзүлөрүнүн кыймыл аракетин обьективдүү баалашып, групплаштарынын баалоосун уга билип, анын натыйжасында ченем, регламент, эреже, система жана чектөө түшүнүктөрүн конструктивдүү кабыл алышып, анын натыйжасын келечекте колдоноорун көрсөтүштү. Педагогикалык рефлексиянын негизинде ар бир кыймыл аракети жогорку аң-сезимдүү, өзүнүн реакцияларын баалап ошого жараша педагогикалык процессти уюштураарын белгилешти, “Эгерде окуучуларын чарчап, окууга болгон кызыгуусу начарлап турса эмне кылат элең?” деген суроого – мындай учурга жеткирбээрин, анткени окуучунун мимика, жесттеринен, көз караштарынан ж.б. байкоого болот, мындай көрүнүштөр мугалимдин канчалык деңгээлде окуучулары менен байланыша алгандыгын көрсөтүштү.

**Инсандык-чыгармачылык активдүүлүк.** Келечектеги мугалимдин инсандык сапатынын *чыгармачыл активдүүлүгү* интеллектуалдык, педагогикалык интуиция жана импровизация аркылуу мүнөздөлөт. Өзгөчө натыйжалуу окутуунун форма-методдоруна басым кылуу менен Интернет айдыңынан мастер-класс, презентация, семинар жана проекттерге көңүл бураарын белгилешти. Мындай студенттердин ишмердиги дайыма изденүү менен коштолуп, ар бир тапшырмасы өзгөчө аткарылып, келечектеги мугалимдик кесибинде окутуунун, тарбиялоонун жаңылоого ынтызаар экенин көргөзүп өттү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияттын 3.10-таблицада берилген

критерийлерин жана деңгээлдерин эске алдык. 5-сүрөттөн эксперименталдык топтун студенттеринин КПМдын деңгээлдеринин жогорулаганын көрүп турабыз. Калыптандыруучу экспериментке чейин текшерүүчү жана эксперименталдык топтордун КПМдын деңгээлдери бирдей болсо, эксперименттен кийин кыйла өзгөргөнүн көрүп турабыз.

**3.10-таблица. Кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптандыруучу эксперименттен кийинки деңгээлдери**

| Группалар | Компоненттер | Репродуктивдүү | | Продуктивдүү | | Креативдүү | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| Текшерүүчү группа | Аксиологиялык | 12 | 13,3 | 8 | 9 | 6 | 6,6 |
| | Технологиялык | 15 | 16,6 | 9 | 10 | 8 | 9 |
| | Инсандык-чыгармачыл | 15 | 16,6 | 10 | 11,1 | 7 | 7,8 |
| Эксперименталдык группа | Аксиологиялык | 6 | 6,6 | 8 | 9 | 13 | 14,4 |
| | Технологиялык | 7 | 7,7 | 9 | 10 | 15 | 16,6 |
| | Инсандык-чыгармачыл | 7 | 7,7 | 9 | 10 | 16 | 18 |



**5-сүрөт. Текшерүүчү жана эксперименталдык группалардын калыптандыруучу эксперименттен кийин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлдери.**

Калыптандыруучу эксперименттин соңунда, эксперименталдык группадагы студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээли жогорулаганын белгилемекчибиз. Ошону менен бирге педагогикалык процессте педагогикалык эмпатия жана рефлексиясы жогорку деңгээлде өнүккөн. Студенттер билимин кесиптик жана адистиги жөнүндө адабияттарды маалыматтык технологияны пайдалануу, маалыматты өз алдынча алып, иликтөө жүргүзүү менен өнүктүрүүгө умтулушат.

Калыптандыруучу эксперименттин соңунда, эксперименталдык группадага студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээли жогорулаганын көрсөк болот. Креативдик деңгээлди көрсөткөн студенттер мугалимдик кесип менен сыймыктаныл, багыттуулугу туруктуулугу менен айырмаланышат. Группалаштарына, окутуучуларына гумандуу толеранттуу мамиле жасашат. Ошону менен бирге педагогикалык процессте педагогикалык эмпатия жана рефлексиясы жогорку деңгээлде өнүккөн. Студенттер билимин кесиптик жана адистиги жөнүндө адабияттарды маалыматтык технологияны пайдалануу, маалыматты өз алдынча алып, иликтөө жүргүзүү менен өнүктүрүүгө умтулушат.

Ошентип, эксперименттин башында коюлган божомол толугу менен тастыкталды, эгерде студент билим берүү, өздөштүрүү процессинин активдүү катышуучусу болсо, иш аракети маданият жаратууга багытталса, анда анын кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптанышы натыйжалуу болот.

8. Педагогикалык кырдаалдарда, сабак учурунда импровизацияны канчалык деңгээлде колдоносуз? (пландан чыкпайм / кырдаалга жараша болот / дайыма колдонуп турам).
9. Жаңычылдык (новаторлук) – бул мыкты мугалимдин белгиси (андай деп эсептебейм / мүнкүн / толугу менен кошулам).

10. Өзүңүздү чыгармачыл мугалим деп эсептейсизби, эгерде эсептесеңиз канча упай коет элеңиз? (1; 2; 3)

11. Өзүңүздүн билимиңизди дайыма өркүндөтүп турасызбы? (жок / ооба бирок администрациянын көрсөтмөсү менен / өзүмдүн каалоом менен өтүп турам).

12. Сабак берүүдө канчалык деңгээлде жаңы маалыматтык-технологияларды колдоносуз? (колдонбойм / темага жараша колдоном / дайыма колдоном).

13. Сиз үчүн окуучуларыңыздын курактык өзгөчөлүктөрү канчалык маанилүү? (маанилүү деле эмес / айтуу кыйын /курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша мамиле кылам).

14. Окуучуларды тарбиялоодо жана окутууда тартип маселесине канчалык деңгээлде көңүл бурасыз? (тартип маселеси мени түйшөлтпөйт / кырдаалга жараша / толугу менен кошулам).

15. Айлык маяна сиздин аракетиңизге дал келеби? (дал келбейт – аз / айтуу кыйын, айдан айга жашаганга жетет / аракетибизге жараша алабыз).

16. Мектептин материалдык базасын байытууда өзүңүздүн аракетинизди канчалык деңгээлде баалайт элеңиз? (1; 2; 3).

17. Өзүңүздү толеранттуу мугалим деп эсептейсизби, эгерде эсептесеңиз канча упай коет элеңиз? (1; 2; 3)

18. Сиздин сабагынызда окуучулардын бүт кыймыл-аракети алгоритмдештирилгенби? (жок; айтуу кыйын; ооба алгоритмдештирилген).

19. Сиз үчүн жумуш убактысы узакпы? (ооба узак; кээде ошондой сезилет; узак эмес, көп нерсени кылып жетишпейм).

20. Сиз иштеген мектеп канчалык деңгээлде билим берүүнүн заманбап талаптарына жооп берет? (1 жооп бербейт; 2 / жооп берет)

21. Окуучу сабакка тиешеси жок өзүнүн жеке көйгөйүн айтып жатса канчалык деңгээлде уга билесиз (0-укпайм, ал үчүн ата-энеси бар; 1-угумуш болом; 2- угам бирок абалды түшүнбөйм; 3-угам, абалды түшүнөм, сабакка жана жеке жашоосуна кандай таасир эткенин аңдап билем).

22. Мугалимдин баардык буйруктарын аткарган окуучуларды сыйлайсызбы (жок / мугалимди угуп турган окуучу кимге жакпасын / дилгирликке көп басым жасайм;

23. Сабак учурунда сиздин окуучулар талкуулаганды, стандарттуу эмес чечимдерди кабыл алганды көндүмдөрүнө ээби (1; 2; 3)

24. Сиздин берип жаткан сабагыңыз боюнча өз алдынча иштеп чыккан дидактикалык жана методикалык материалдарыңыз барбы? (жок, бирөөлөрдүкүн колдоном / айтыш кыйын / жок өзүм түзүп чыккан материалдарды колдоном жана аны байытып турам).

**2-тиркеме**

# АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫ

**Курс 16 окуу саатка эсептелинген (жумасына 1 жолу).**

Курс – 2
Семестр – 3
Семестрдагы окуу сааттардын саны – 16
Жыйынтыктоочу текшерүү иштин формасы (экзамен) – 3 семестр
Кредиттердин саны - 2
Окуу план боюнча жалпы сааттардын саны - 60
Лекция – 16
Практика (семинар) – 16
СӨИ – 28

**1-бөлүм Жалпы жоболор**

1.1. **Дисциплинанын аннотациясы.** Болочоктогу айыл мектеп мугалимдин инсандык потенциалын активдештирүү, айыл мектебинде натыйжалуу иш алып баруу үчүн билимдерди, билгичтиктерди калыптандыруу жана өнүктүрүү, маданий чөйрө жаратууну шарттайт. Заманбап айыл мектеби көптөгөн факторлордун таасири астында өз ишмердигин жүргүзүп келет. Аларды атай турган болсок, экономикалык, политикалык, демографиялык, маданияттык, социалдык көйгөйлөр бар.

Саналып өткөн көйгөйлөр айыл тургундарынын маданий салттарын мектеп менен айылды интеграциялоого багыттайт. Бүгүнкү күндө мектеп айылдын социалдык жактан өнүгүшүнө чоң салым кошоору белгилүү. Мектеп айыл тургундарынын социалдуулугунун жана маданияттулулугун калыптанышынын борбору болууга тийиш. Ошону менен бирге айылдагы маанилүү жана баалуу болгон каада салттар, мамилелер жана үрп адаттар үч дүйнөнүн тегерегинде өкүм сүрүп келет: үй-бүлөө дүйнөсү, мектеп дүйнөсү жана айыл дүйнөсү – айылдын интеллегенциясы, ишмерлери, жана чыгармачыл адамдары менен маектешүү. Мындай мамиле оозеки фольклорду, адабиятты, көркөм өнөрдү жана социалдык-экономикалык абалды жакшыртууга мүмкүндүк түзөт.

Бул программа жогоруда аталып өткөн айыл жергесин мыкты билген жана ошого жараша өз ишмердүүлүгүн уюштурган болочоктогу кесипкөй адиске арналган.

## 1.2. Курсту өздөштөрүүдө калыптануучу компетенциялар

Мамлекеттик билим берүү стандартына таянуу менен төмөндөгү жалпы маданий компетенцияларды божомолдодук:

*А) Жалпы илимий компетенциялар (ЖК)*

- Курчап турган чөйрө жөнүндө системалык илимий көз карашка ээ, заманбап дүйнөнүн концепцияларын, дүйнө таанымдардын системасын, адамдын коомчулукта жана табияттагы ордун түшүнүү жана турмуштун жана маданияттын баалуулуктарын кабыл ала билүү (жалпы компетенция - 1);
- заманбап окутуунун илимий-технологиялык жетишкендиктеринин негизинде билим берүү процессин уюштура билүү мүмкүнчүлүгү (жетектөөнүн астында) (ЖК-2);
- маалыматты кабыл алууга, жалпылаштырууга жана иликтөөгө жөндөмдөмдүү жана аны ишке ашыруунун жол жобосун (ЖК-5);
- дайыма өсүп-өнүгүүгө даяр (ЖК-6).

*Б) кесиптик компетенциялар (КК)*

- билим берүүнүн сапатын жакшыртууга багытталган жаңы шарттар боюнча идеалар жана инновациялар (КК-1);
- билим берүү уюмдарында билим берүүнү уюштуруу процессинде окутуунун заманбап усулдарын жана технологияларын колдоно билүү жөндөмдүүлүгү (КК-2);
- инсандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү окутуу, кесиптик карьерасын өнүгүү траекториясын аныктай билүү жөндөмдүүлүгү (КК-6);
- коюлган максаттарга жетүү үчүн маалыматтык-коммуникативдик технологияларды жана ММК колдонуу менен ар кандай тайпалар (кесиптештери, ата-энелер, партнерлор ж.б.) иштөөгө даяр (КК-7).

**1.3. Курсту окутуунун максаты:** айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптандырууга көмөк көрсөтүү. Кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттерин айыл мектеп мугалиминин ишмердигиндеги ордун жана маанисин иликтөө.

## 1.4. Курстун милдеттери:

- Мугалимдин жогорку маданиятты алып жүрүүчү жана айылдын өнүгүшүнүн катышуучусу катары ордун иликтөө.
- Инновациялык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү: рефлексивдик ой жүгүртүүнү, проективдик билгичтиктерди, окуу процессин модельдештирүү билгичтиктерин калыптандыруу.
- Кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттеринин негизинде иш алып баруу: аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык иликтөө.

- Айыл мектебинде окуу процессин уюштурууда заманбап технологияларын колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Курсту өздөштүрүүгө болгон талаптар**

Программаны өздөштүрүүдө студенттер **билиши керек**:

- маданияттын теориялык негиздерин жана анын түрлөрүн;
- “кесиптик маданият”, “экологиялык маданият”, “этномаданият” жана “педагогикалык маданият” түшүнүктөрүнүн айкалышын;
- кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттерин жана функцияларын;
- жаш муундарды тарбиялоодо элдик педагогиканын ордун жана маанисин;
- айыл мектептеринде окутуу жана тарбиялоо процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн.

**Аткара билиши керек:**

- педагогикалык ишмердүүлүктө маданияттын бардык түрлөрүн колдоно билиши керек;
- өзүнүн болочоктогу ишмердигинде керек болуучу инсандык-адеп ахлактык жана кесиптик позициясын өркүндөтүү;
- педагогикалык ишмердүүлүктөгү карама-каршылыктарды чечүү;
- болочоктогу мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлин жогорулатуу.

Курстун программасында предметтер аралык байланыш:

философия, тарых, психология, этика, этнография ж.б.

**2-бөлүм. Курстун мазмуну жана сааттарга бөлүштүрүлүшү**

**1-таблица.**

| | **Теманын аталышы** | **Академиялык сааттардын саны** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Лек.** | **Пр. (сем.)** | **СРС** |
| . | Айыл мектебинин мугалими жана айылдын маданий жактан өзгөрүшү | 4 | 4 | 7 |
| . | Заманбап айыл мектеп мугалиминин окуу-тарбия жана коомдук иштерди уюштуруусу жана мазмуну | 4 | 4 | 7 |
| . | Айыл мектеп мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты жана анын мааниси | 4 | 4 | 7 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 4 | 4 | 7 |
| **Бардыгы** | | 16 | 16 | 28 |

Курстун мазмунунда айыл мектеп ишмердиги жана анда эмгектенген мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданияты камтылды. Программада студенттер болочоктогу ишмердигинде керектелүүчү билим, билгичтиктер жана класстан тышкарды иш чараларды уюштурууга багытталганын баса белгилейбиз. Кесиптик – педагогикалык багыттуулуктун каражаты болгон педагогикалык кырдаалдар жана маселелерди чечүүгө көңүл бурулду.

*1-тема.* **Айыл мектебинин мугалими жана айылдын маданий жактан өзгөрүшү** (4 саат)

Айыл мектеп мугалимдеринин элеттик турмуш тиричилигин учун улоо. Мугалимдердин жана окуучулардын санитардык-агартуучулук иш аракеттери. Айыл мектебинин агрономиялык жана алдыңкы айыл чарба методдорун иштерин пропагандалоо. Айыл мектеп мугалимдеринин жаман адат (спирт ичимдиктери, токсикомания) ашыкча диний берилгендикке каршы жана айыл тургундары арасында маданиятты жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу.

*2-тема.* **Заманбап айыл мектеп мугалиминин окуу-тарбия жана коомдук иштерди уюштуруусу жана мазмуну (4 с.)**

1. *Заманбап айыл мектебине жана мугалимине мүнөздөмө берүү.* Айыл мектебинин акыркы жылдардагы жетишкендиктери. КР билим берүү стратегиясында коюлган милдеттерди чечүүдө айыл мектебинин ролу. Болочоктогу кеңири тармактын кесипкөй адистерин даярдоодо айыл мектеп мугалимдеринин орду жана ролу. 2003-жылдагы кабыл алынган “Айыл мектеби” аттуу билим берүү программасынын орду жана мааниси. Азыркы айыл мектеби менен байланышкан орчунду маселелер жана аларды чечүүнүн жолдору. Айыл мектеп мугалимдеринин деңгээли жана мектептеги материалдык-техникалык шарттар.

2. *Айыл мектеп окуучулары менен тарбиялык жана окуу иштерин уюштуруу жана анын мазмуну.* Айыл мектеп шарттарында окуу-тарбия иштерин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү. Айыл мектептеринде кээ бир окуу предметтерин окутуунун өзгөчөлүктөрү. Окуучуларды өзүлөрүнүн кичи мекенин, айылын жана чарбалык иштерди сүйүүгө тарбиялоо. Айыл мектеп шарттарында класс жетекчинин адеп ахлактык, эстетикалык, физикалык жана билим алууга умтулуусун тарбиялоосунун форма жана методдору. Жашаган жерине жараша класстан жана мектептен тышкаркы иштерин уюштуруу. Жайкы мектептерди уюштуруу.

3. *Айыл мектеби, үй-бүлөө жана коомчулук менен окуучуларды тарбиялоо боюнча иш алып баруусу.* Айыл мектеп шарттарында коомдук

жана үй-бүлөлүк тарбиялоонун айкалышы. Мугалимдин ата энелер менен иш алып баруусунун өзгөчөлүктөрү. Мектептерде ата энелерди окутуу, ар кандай программаларга катыштыруу.

*3-тема.* **Айыл мектеп мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты жана анын ишмердигиндеги орду**

Кесиптик-педагогикалык маданияттын түрлөрү: методологиялык, изилдөөчүлүк, интеллектуалдык; дидактикалык, технологиялык, усулдук; эстетикалык, физикалык ж.б. Кесиптик-педагогикалык маданияттын аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык компоненттери. Айыл мектеп мугалимдеринин ишмердигинин негизинде. Этномаданий баалуулуктар. Үрп адат жана каада салттар. Руханий жана адеп ахлактык баалуулуктар. Мугалимдин чыгармачылык потенциалы жана чеберчилиги. Кесиптик-педагогикалык маданияттын фукциялык компоненттери: гносеологиялык, гуманистикалык, коммуникативдик, окутуучу, тарбиялоочу, нормативдик жана маалыматтык.

**3-бөлүм. Өз алдынча иштердин темалары, аткаруу формалары жана аны баалоонун критерийлери**

1. Жазуу иштери (эссе, реферат).
2. Жеке чыгармачыл тапшырмаларды аткаруу.
3. Айылдан чыккан мыктылар аттуу – Интернет ресурстарды кароо жана презентация жасоо.

**3.1. Рефераттардын темалары:**

1. Эл мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгү тууралуу.
2. Педагогикалык ишмердүүлүктүн маданияты.
3. Педагогикалык пикир алышуунун маданияты.
4. Айыл мектептеринде ден соолукту чыңдоо иштерин уюштуруу.
5. Заманбап окуу технологияларын жана методикаларын айыл мектеп шарттарына киргизүү.
6. Айыл мектептердин жана аны курчап турган социумдун өзгөчөлүгүнө жараша окуу – педагогикалык процессти уюштуруу жөндөмдүүлүгү.
7. Айыл мектептеринде окуучулардын өз алдынча иши.
8. Айыл мектеп окуучуларын адис тандоого даярдоо.
9. Айыл мектеп мугалимин жалпы республикалык тестирлөөгө окуучуларды даярдоо методикалык иши.
10. Айыл мектеп окуучуларын профильге чейин даярдоо иштерин уюштуруу.
11. Айыл мектебинин маданияттүзүүчү жана маданиятжаратуучу борбор катары.

12. Айыл мектеби: көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору.

13. Айыл мектептеринин жана кичи комплектүү айыл мектептеринин мугалимдери жана студенттер.

14. XXI кылымдын айыл мектеби.

15. Айыл тургундарынын коомдук активдүүлүгүн өнүктүрүүдө билим берүүнүн ролу.

16. Айыл мектеп мугалимдерин даярдоо.

17. Айыл метептерине болочоктогу кенже мектеп мугалимдерин даярдоо.

18. Айыл мектеп мугалимдеринин өзүн-өзү өнүктүрүүдө уюштуруучулук-педагогикалык шарттардын жана факторлордун таасири.

19. Айылдагы билим берүү мекемелерине таасир этчү объективдүү жана субъективдүү факторлор.

20. Эмгекке окутуу жана тарбиялоо менен окуучулардын коомго аралашуусун камсыздоо, улуттук каада салттарды жандандыруу.

21. Илимий-методикалык иш айыл мектебинин инновациялык ишмердигинин шарты катары.

22. Айыл мектебинде заманбап дидактикалык технологияларды колдонуу.

23. Айыл мектебинин социалдык-педагогикалык көйгөйлөрү.

24. Айыл мектебинде коомдук маданий өзгөрүүлөр.

25. Айылдагы билим берүү мекемесинде билим берүү сапатын көзөмөлдөө жана башкаруу.

Программа маданияттын продуктусу болгон адамдын, маданиятты алып жүрүүчү адамга айлануусун аңдап билүүгө; мектептеги өзүнүн миссиясын түшүнүүгө; айыл коомчулугунда прогрессивдүү идеяларды алып жүрүүчү, жогорку маданияттуулукту, руханий байлыкты, сабаттуулукту көрсөтүүгө умтулат. Айылды жакшы жакка өзгөртүүгө, өзүнүн дүйнөсүнүн конструктору болгонго үйрөнүшөт.

**а. СӨИнин баалоо критерийлери**

| **СӨИни аткаруу формасы** | **СӨИнин баалоо критерийлери** | **Упайлардын саны** |
|---|---|---|
| **1-модуль** | | |
| Сунушталган адабият боюнча курстун теориялык жагын окуу | Тексти түшүнүү | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| Программаларды иликтөө | Салыштыруу жана иликтөө | 3 |
| Слайд түзүү | Туура түзүү | 2 |
| бардыгы | | **10** |
| Реферат | Рефератты аткаруу | 3 |
| **2-модуль** | | 10 |
| Реферат жазуу | Рефератты аткаруу | 3 |
| Практикалык тапшырмаларды чыгармачылык менен аткаруу | Материалдарды туура баалоо | 3 |
| Маалыматтар менен иштөө | Маалыматтарды иликтөө | 4 |
| Жалпы: | | **10** |
| Бардыгы : | | **20** |

4. **Студенттердин жетишкендиктерин текшерүүчү аралык, модулдук жана жыйынтыктоочу иштердин критерийлери**

**Оперативдүү текшерүү** – модулдук текшерүүгө чейинки аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы иштерди көзөмөлдөө жана текшерүү.

**Модулдук текшерүү** – модуль боюнча билимдин, билгичтиктин жана көндүмдөрдүн тереңдигин текшерүү. Модулдук текшерүү семестр ичинде бекитилген график боюнча эки жолу ишке ашырылат.

***Жыйынтыктоочу текшерүү*** **–** семестр бою окулган материалдарды жыйынтыктоо ирээтинде өткөрүлүүчү жыйынтыктоочу иши.

Студенттердин билиминин рейтингин 100 упайлык шкала менен текшерилет.

Аралык жана жыйынтыктоочу текшерүү иштери 60% ашпашы керек (60 упай – 1-модульда 30 жана ушунча экинчи модульда. Ал эми калган 40% (40 упай) жыйынтыктоочу ишке берилет.

***Баалоонун критерийлери:***

Семинардык сабактагы иштөө: студенттердин активдүүлүгүнө жараша максимум 10 упай коюлат.

– Тизмеде берилген суроого 1 же 2 туура жооп бергендиги үчүн **4** упай.

– 1 толугу жооп **2** упай.

– Талкууга катышуу 1 упай.
– Жооптун жоктугу жана талкууга катышпагандык 0 упай.
– 1 сабактан ашык калтырбагандар 4 упай.
– 2-3 сабактан ашык калтырбагандар 3 упай.
– 3-4 сабак калтыргандар 2 балл.
– 5 сабактан ашык калгандар 0 упай.

**10 упай (5+)** окуу материалдарды студент терең өздөштүргөн, программага ылайык студент өз алдынча аткарган, негизги жана кошумча адабияттарды терең өздөштүргөн, практикалык жана семинардык сабактарда активдүү окуган, окуп жаткан дисциплинанын негизги илимий концепциялары жөнүндө түшүнүгү бар, сабак учурунда чыгармачылык менен иштеген жана дисциплинага тийиштүү терминдерди билгендик.

**9 упай (5)** окуу программаны ар тараптуу, системдүү өздөштүргөн, өз алдынча тапшырмаларды аткара алган, негизги жана кошумча адабияттарды терең билген, практикалык жана семинардык сабактарда активдүү окуган, өздөштүрүлгөн материалдарды системдүү, дисциплинанын терминдери аркылуу жооп берүүсү.

**8 упай (4+)** окуу-программалык материалды толугу менен өздөштүргөн, жооп берүүсүндө тактык жана системдүүлүк байкалган, негизги жана кошумча адабияттарды өздөштүргөн, өз алдынча иштей билген, практикалык жана семинардык сабактарда активдүүлүгүн көрсөткөн.

**7 упай (4)** окуу-программалык материалды жетишээрлик деңгээлде өздөштүргөн, жооп берүүсүндөө маанилүү темаларды кынтыксыз айткан, программага ылайык берилген тапшырмаларды аткарган, билимин өз алдынча толуктай алган.

**6 упай (4 -)** окуу-программалык материалды жетишээрлик деңгээлде өздөштүргөн, жооп берүүсүндөө маанилүү темаларды кынтыксыз айткан, практикалык жана семинардык сабактарда активдүүлүгү менен айырмаланган.

**5 упай (3+)** негизги окуу-программалык материалды келечекте өз алдынча окуу кетүүгө жана кесибинде колдоно билүү денгээлинде өздөштүрүү, практикалык жана семинардык сабактарда активдүүлүгү менен айырмаланбайт, өз алдынча берилген тапшырмаларда бир катар катарларды кетирет, бирок аны оңдоого билими жетиштүү.

**4 упай (3)** негизги окуу-программалык материалды келечекте өз алдынча окуп кетүүгө жана кесибинде колдоно билүү денгээлинде өздөштүрүү, практикалык жана семинардык сабактарда активдүүлүгү менен айырмаланбайт, өз алдынча берилген тапшырмаларда бир катар катарларды кетирет, бирок аны оңдоодо окутуучунун жардамына муктаж.

**3 упай (3-)** негизги окуу-программалык материалды келечекте өз алдынча окуу кетүүгө жана кесибинде колдоно билүү денгээлинде өздөштүрүү, практикалык жана семинардык сабактарда активдүүлүгү менен айырмаланбайт, өз алдынча берилген тапшырмаларды каталар менен аткарат, аларды оңдоодо окутуучунун жардамына муктаж.

**2 упай (2)** окуу-программалык материал боюнча билимдин жоктугу, өз алдынча ишти аткарбагандыгы, практикалык жана семинардык сабактарда пассивдүүлүгү менен айырмаланып, келечекте өз алдынча билим алуусун уланта албайт жана кесиптикишмердикте кошумча даярдыксыз иштей албайт.

**1 упай -** жооп жок (жооп берүүдөн баш тартуу, ж.б. жообу экзаменде берилген суроого дал келбеши).

100-85 упай – эң жакшы;

84-70 упай – жакшы;

55-69 упай – канааттандырарлык;

54 жана андан төмөн – канааттандырарлык эмес.

**5.1. Модулдук текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн суроолор жана тапшырмалар**

1. Педагогикалык маданиятка түшүнүк бериңиз.
2. Кесиптик-педагогикалык маданияттын компонети болгон мугалимдик рефлексия жөнүндө.
3. Айыл жана шаар мектептеринин окшоштуктары жана айырмачылыгы.
4. Кесиптик-педагогикалык маданияттын аксиологиялык компоненти.
5. Кесиптик-педагогикалык маданияттын технологиялык компоненти.
6. Айыл мектеп шарттарында коомдук жана үй-бүлөлүк тарбиялоонун айкалышы.
7. Айыл мектеп шарттарында окуу-тарбия иштерин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү.
8. Жашаган жерине жараша класстан жана мектептен тышкаркы иштерин уюштуруу.
9. Үрп адат жана каада салттардын айыл мектебинде окуу-тарбия процессине тийгизген таасири.
10. Айыл тургундары арасында маданиятты жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруунун өзгөчөлүктөрү.
11. Айыл жергесиндеги экономикалык, политикалык, демографиялык, маданияттык жана социалдык көйгөйлөр.
12. Заманбап айыл мектеби – көйгөйлөрү жана перспективасы.
13. Мектептерде ата энелерди окутуу программалары.

14. Айылдагы билим берүү мекемелерине таасир этчү объективдүү жана субъективдүү факторлор.

15. Мугалимдин чыгармачылык потенциалы жана чеберчилиги.

16. Айыл мектеп мугалиминин руханий жана адеп ахлактык баалуулуктары.

17. Айыл мектептеринде окуучулардын өз алдынча иши.

18. Айыл мектеп окуучуларын адис тандоого даярдоо.

19. Кесиптик-педагогикалык маданияттын фукциялык компоненттери.

20.Кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптангандыгынын критерийлери.

**5.2. Модулдук текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн суроолор жана тапшырмалар**

1. Кесиптик-педагогикалык маданияттын инсандык-чыгармачылык компоненти.

2. Үй-бүлөө, мектеп жана айылдын өз ара аркеттеши.

3. Болочоктогу кеңири тармактын кесипкөй адистерин даярдоодо айыл мектеп мугалимдеринин ролу.

4. Кесиптик-педагогикалык маданияттын тарбиялоочу, нормативдик жана маалыматтык компонеттери.

5. Айыл мектебине ички жана тышкы миграциянын тийгизген таасири.

6. Болочоктогу айыл мектеп мугалимдерин даярдоодо педагогикалык практиканын орду.

7. Дифференциация жана индивидуализация педагогикалык принцип катары.

8. Айыл мектеп мугалимдеринин инвариативдик жана вариативдик көндүмдөрү жөнүдө айтып бер.

9. Педагогикалык процесстеги инновациялык процесстер.

10. Айыл мектеп мугалиминин этнопедагогикалык компетенттүүлүгү.

11. Кичи коплектүү айыл мектеп шарттарында педагогикалык жана ата-энелер жамаатынын өз ара аракеттешүүсү.

12. Мектеп окуучуларынын изилдөөчүлүк маданиятын уюштуруу.

13. Мектеп айыл жергесинин демократиялык жашоонун модели катары.

14. Айыл мектебинде компьютердик телекоммуникациялардын орду.

15. Мектеп окуучуларынын ата-энелеринин билим алуу муктаждыктарын калыптандыруу.

**Сунушталган адабияттар:**

1. Абасов, З.А. Профессиональное становление педагога // Педагогика.

– 1992. – №1. – 66 с.

2. Абросимова, З. Ф. Педагогическая культура учителя // Наука и образование Зауралья. – 1998. – № 2(3). – С. 18-20.)

3. Андрюхина, Л. М. Сельская школа как социокультурный феномен современного российского общества // Дополнительное педагогическое образование в XXI веке: материалы Всерос. науч.-практ. конф. – М., 2001.– С. 155-158.

4. Белоусова Т.Ф. Педагогическая практика как фактор формирования основ педагогической культуры у студента педвуза. – Ростов н/Д, 1989. – 229 с.

5. Величкина В.М., Жильцов П.А. Учитель сельской школы. – М.: Просвещение, 1984.

6. Воробьев, Н.Е. О педагогической культуре будущего учителя // Педагогика . – 1992. – №1. – С. 66-71.

7. Воронцов А.В. Управление развитием инновационных процессов в сельских школах. – Екатеринбург, 1995.

8. Горелова, С. А. Подготовка будущего учителя биологии к работе в сельской школе: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08. – Орел, 2010. – 21 с.

9. Гурьянова, М. П. Сельская школа и социальная педагогика Текст. : пособие для педагогов / М. П. Гурьянова. – Минск: Амалфея, 2000. – 448 с.

10. Драничников А.Ф. Профессиональное становление молодого учителя в условиях сельской школы // Вестник КГУ им. Н.А. Некрасова. – 2002. – №3. – С. 32-38.

11. Дровалева, Л.С. Затруднения учителей малокомплектных сельских школ в воспитательной деятельности и пути их предупреждения. – Ростов н/Д., 1990. – 219 с.

12. Зарецкая , И. И. Профессиональная культура педагога. – М.: АПКиППРО, 2006. – 116 с.

13. Исаев И.Ф. Теоретические основы формирования профессионально-педагогической культуры преподавателя высшей школы: дис. д-ра пед. наук. – М., 1994. – 468 с.

14. Казыханова Д.А. Педагогические факторы развития самообразования учителя сельской школы в современных условиях. – М., 1996.

15. Ковалев, В. П. Формирование профессиональной готовности будущих учителей начальных классов к работе в сельской малокомплектной школе. – Чебоксары, 1998. – 538 с.

16. Колмогорова, И. В. Культурологический подход к формированию

педагогической культуры учителя [ Текст] / И.В. Колмогорова // Известия Уральского государственного университета . – 2008. – №60. – С. 163-167.)

17. Кузьмина, Н.В. Актуальные проблемы профессионально-педагогической подготовки учителя // Педагогика. – 1992. – №3. – С. 18-21.

18. Листратенко, В. А. Формирование творческого педагогического коллектива в сельской школе: автореф. дис. …. канд. пед. наук. – Минск, 1997. – 24 с.

19. Металова И.Г. Личностно-ориентированный подход и подготовка будущих учителей иностранного языка для сельских школ: технологические основы: монография. – Чебоксары, 2006. – 116 с.

20. Обучение в малокомплектной сельской школе: Книга для учителей / Под ред. Суворой. – М.: Просвещение, 1990. – 159 с.

21. Савинков Ю. А. Специфические педагогические компетенции многопрофильного педагога сельской малочисленной школы. Вестник Воронежского государственного университета. Серия: Проблемы высшего образования, 2005.

22. Старцева, О.Г. Формирование профессионально важных качеств будущего педагогапрофессионального обучения средствами информационных технологий : монография. – Уфа: БГПУ, 2011. – 124 с.

23. Шерайзина Р.М. Сельский учитель: социально-педагогический портрет. – СПб.: ИОВ РАО, 1993. – 134 с.

24. Шерайзина Р.М. Сельская инновационная малокомплектная школа (социально-педагогические основы управления). – СПб.: ИОВ РАО, 1994. – 82 с.

**3-тиркеме**

## Мугалимдик кесипке болгон мамилесин жана ЖОЖду бүткөндөн кийинки суроолор

**1. Педагогикалык ишмерүүлүк жөнүндө**

1. Мугалимдик кесипти тандооңдун себеби эмне?

А) ата-энемдин каалоосу менен;

Б) мугалимдик кесип жагат (окуткан, тарбиялаган);

В) ЖРТ (ОРТ) жыйынтыгы менен;

Г) дос, курбулардын айтуусу менен.

**2. ЖОЖду аяктагандан кийин мугалимдик кесипти аркалайсыңбы?**

А) ооба, мугалимдик кесипти аркалайм;

Б) жок, башка кесипке кетем;

В) үй-бүлөө курганга жараша (турмушка чыксам, үйлөнсөм) аркалайм;

Г) айтуу кыйын

**3. Кандай жана кайсы мектепте педагогикалык ишмердүүлүктү аркалагың келет?**

А) өзүм бүткөн мектепте;

Б) айыл мектебинде;

В) шар мектебинде;

Г) бүткөндө байкап көрөм (турмуш курганга байланыштуу).

4. ЖОЖго тапшырып жаткандагы күтүүлөрүңөр ишке аштыбы?

А) ооба;

Б) жок;

В) айтыш кыйын;

**4-тиркеме**

**Кесиптик-педагогикалык маданият жөнүндө тесттик тапшырмалар**

**1. Маданият түшүнүгүнө аныктама бер...**

А) адамдардын жүрүм туруму;

Б) тарбияланууучу баалуулуктар;

В) материалдык жана руханий баалуулктардын топтому;

Г) кругозордун тереңдигин түшүндүрөт.

2. **Окумуштуулардын белгилөөсү боюнча маданияттын ___ ашык аныктамасы бар.**

А) 30 дан;

Б) 50 дөн;

В) 200 дөн;

Г) 400 дөн.

3**. Педагогикалык маданият кимдерге тийиш?**

А) оркестрдагы маэстрого;

Б) окутуу же тарбиялоону ишке ашыргандарга.

В) жаныбарларды үйрөткөндөргө;

Г) мугалимдерге гана.

**4. Кесиптик-педагогикалык маданияттын кайсы компоненти баалуулуктарды камтыйт?**

А) аксиологиялык;

Б) технологиялык;

В) чыгармачылык компоненти.

**5. Кесиптик-педагогикалык маданияттын функционалдык компоненттерине (туура эмесин танда).**

А) аракеттик;

Б) гносеологиялык;

В) коммуникативдик;

Г) гуманистикалык;

Д) маалыматтык.

**6. Эстетикалык маданияты калыптанган мугалим – бул?**

А) окуучуну уга билүү...

Б) изилдөөнү уюштура билүү...

Б) сулуулук, коздукту көрө билүү...

Г) табиятты сактай билүү...

**7. Мугалимдин этномаданий компетенциясына**

А) окутуу-тарбиялоодо каада салт, үрп адаттарды колдонуу;

Б) мугалимдин педагогикалык процессти уюштуруу;

В) укуктук билгичтиктери;

Г) окутуу-тарбиялоодо интерактивдүү методдорду колдоно билүүсү.

**8. Кесиптик-педагогикалык маданияттын канча компоненти бар?**

А) 2.

Б) 5.

В) 3.

Г) 4.

**9. Педагогикалык рефлексия – бул?**

А) көйгөйлүү кырдаалдарды жарата билүүсү;

Б) мугалимдин өзүнүн иш аракетин окуучулары аркылуу иликтей билүүсү;

В) педагогикалык кырдаалдардан чыга билүүсү;

Г) өзүн өзү өнүктүрө билүү жөндөмдүүлүгү.

**10. Педагогикалык маданияттын струтуралык деңгээлдери (ашыгын танда).**

А) потенциалдык деңгээл;

Б) реликтикалык деңгээл;

В) актуалдык деңгээл;

Г) төмөн дегээл.

**11. Н.В. Кузьмина кесиптик компетенттүүлүктү канчага бөлүп караган?**

А) 5;

Б) 4;

В) 3;

Г) 2.

**12. ... - өзүнүн кесибин мыкты деңгээлде билген, атайын билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болгон кесиптик-педагогикалык маданияттын түрү.**

А) социалдык;

Б) инсандык;

В) атайын.

**13. Кесиптик-педагогикалык маданияттын тарбиялоочулук функциялык компонеттерине (туура эмесин танда):**

А) эстетикалык;

Б) физикалык;

В) экологиялык;

Г) политехникалык;

Д) багыттоочулук.

**14. Кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненттерине (туура эмесин танда).**

А) максаттык;

Б) сапаттык;

В) мазмундук;

Г) технологиялык.

**15. Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун 2 түрү бар:**

А) алгоритмдик жана квазиалгоритмдик;

Б) стихиялуу жана пландаштырылган;

В) структуралык жана системалык;

Г) максаттуу жана пландаштырылган.

**16. А.Б. Каганов кесиптик-педагогикалык маданиятты төмөндөгүдөй этаптарга бөлүп карайт (туура эмесин танда).**

А) өткөөл;

Б) чогултуучу,

В) аныктоочу;

Г) адаптациялык;

Д) жыйынтыктоочу.

**17. Э.Ф. Зеердин көз карашында кесиптик-педагогикалык маданияттын 5 стадиясы бар (ашыгын танда).**

А) оптация стадиясы;

Б) кесипке даярдануу стадиясы;

В) адаптация стадиясы;

Г) пландаштыруу стадиясы;

Д) кесипке аралашуу жана чеберчилик стадиясы.

**18. Я.И. Войтальянова жана И.М. Купчигиналар кесиптик маданияттын 4 компонентин бөлүп карашкан.**

А) когнитивдик, коммуникативдик, эмоционалдык жана рефлексивдик;

Б) адаптациялык, репродуктивдик, эвристикалык жана креативдик;

В) аксиологиялык, технологиялык жана инсандык;

Г) репродуктивдик, продуктивдик жана чыгармачылыктык.

**19. Табиятка кирбегендердин баары ... болуп эсептелинет.**

А) компетенция;

Б) маданият;

В) чеберчилик;

Г) чыгармачылык.

**20. Студенттердин өз алдынча иштеринин төмөндөгүдөй этаптары бар (туура эмесин танда).**

А) гносеологиялык;

Б) конструктивдик;

В) уюштуруучулук;

Г) коммуникативдик;

Д) жыйынтыктоочу.

**21. Педагогикалык такт деген эмне?**

А) мугалимдин окуу-тарбия ишинде балдарга ыгын таап туура мамиле жасай билүү, кылдаттык менен табылган педагогикалык каражат-ыкмалар аркылуу окуучуларга таасир көрсөтүү чеберчилиги.

Б) Педагогикалык кесиптик ишбилгилик, окутуу-үйрөтүү процессин уюштура билгичтик, инсандык психологияга аяр мамиле жасай билгичтик, Билим деңгээлинин жетиштүүлүгү, тармактык билимдин бекемдиги.

В) Бул кандайдыр бир иш-аракеттин ийгиликтүү аякталышынын шарты катары, инсандын индивидуалдуу психологиялык сапаты.

Г) окуучуларды сезе, туя билүү жана түшүнүүсү.

**22. Педагогикалык чеберчиликтин 4 компоненти:**

А) гуманисттик багыт,профессионалдык билим,педагогикалык жөндөмдүүлүк, пед.техника;

Б) гуманисттик билим, пед. техника, пед. такт, профессионалдык багыт;

В) гуманисттик багыт, профессионалдык билим, педагогикалык чеберчилик, педтехника;

**23. Педагогикалык ишмердүүлүктүн эң негизги инструменти?**

А) педагогикалык техника;

Б) педагогикалык такт;

В) баарлашуу.

**24. Педагогдун гностикалык көндүмдөрү:**

А) окуучуну жана балдардын коллективин изилдөө;

Б) мектептеги стенгазетаны чыгармачылык менен жасоо;

В) алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны изилдөө;

Г) план-конспектини даярдоо.

**25. Педагогдун эң маанилүү кесиптик сапатын аныктоо.**

А) илимдерге болгон кызыгуу;

Б) балдарга болгон сүйүү;

В) жалпы эрудиция;

Г) ораторлук чеберчилик.

**26. Негизги педагогикалык багыттуулук деп ...**

А) мугалимдик кесипке болгон кызыгуу;

Б) пикир алышууга болгон кызыгуу;

В) өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн демонстрациялоо;

Г) чыгармачылык.

**27. Мугалимдин адеп ахлактык маданиятынын көрсөткүчү катары:**

А) педагогикалык такт;

Б) педагогикалык адилеттүүлүк;

В) педагогикалык милдет;

Г) педагогикалык жоопкерчилик.

Тестик тапшырмалардын жооптору

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| В | В | Б | А | А | Б | А | В | Б | Г | А | В | Д | Б | Б |
| 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| | | | | | | | | | | | | | | |

**4-тиркеме**

## Кесипке кызыгуу факторлорун аныктоо методикасы

Методика алгачкы болуп В. Ядов тарабынан сунушталган. Ишибизде ал методиканын жакшыртылган варианты (Н.В. Кузьмина менен А.А. Реандын модификациясы), көптөгөн социалдык-педагогикалык жана психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө колдонулган.

**Инструкция.** Тандаган кесибиңизге болгон мамилеңезди көрсөтүүчү пунктуларды белгилеңиз. А колонкасында Сизди “кызыктырган”, Б колонкасы “кызыктырбайт”. Сизге маанилүү болгондорун белгилеңиз. Ар бир сапты белгилөөнүн кажети жок.

| А | Б |
|---|---|
| 1. Коомчулук үчүн маанилүү кесип. | 1. Жумуштун маанилүүлүгү аз бааланат. |
| 2. Адамдар менен иш алып баруу. | 2. Адамдар менен иш алып бара албайм. |
| 3. Жумуш чыгармачылыкты талап кылат. | 3. Чыгармачылыкты көрсөтүүгө шарт жок. |
| 4. Жумуш анча деле чарчатпайт. | 4. Жумуш аябай чарчатат. |
| 5. Айлык акы чоң. | 5. Айлык акы аз. |
| 6. Өзүңдү өзүң өркүндөтүүгө мүмчүлүк бар. | 6. Өзүңдү өзүң өркүндөтүүгө мүмчүлүк жок. |
| 7. Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келет. | 7. Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келбейт. |
| 8. Жумуш мүнөзүмө дал келет. | 8. Жумуш мүнөзүмө дал келбейт. |
| 9. Иш күнү узак эмес. | 9. Узак иш күн. |
| 10. Адамдар менен ашыкча байланыштын аздыгы. | 10. Адамдар менен ашыкча байланыш. |
| 11. Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүгү. | 11. Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүктүн жоктугу. |

**Иштеп чыгуу**

2 фактор боюнча маанилүүлүктүн коэффициентин (МК) саноо. Маанилүүлүк коэффициенти төмөндөгү формула аркылуу аныкталат:

МК=[(п+) - (п-)]

Р – тандоонун саны (катышуучулардын саны); (п+) – А колонкасында факторлорду белгилегендердин саны; (п-) – Б колонкасында факторлорду белгилегендердин саны;

Маанилүүлүктүн коэффициенти -1 ден +1 чейин өзгөрүп турат. Группа

боюнча диагностиканын жыйынтыктары таблицага түшүрүлөт.

| Факторлор | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучулардын саны | | | | | | | | | | | |
| п+ | | | | | | | | | | | |
| п- | | | | | | | | | | | |
| МК | | | | | | | | | | | |

**5-тиркеме**

Анкета №1

1. **Окуган багытты (адистикти), кесипти жана курсту көрсөтүңүз** ______________________________________________________________

2. **Эмне үчүн бул кесипти тандадыңыз**?

– тааныштардын (ата-энемдин) сунушу менен

– ушул кесипке өзүмдү арнагым келет

– бюджеттик орундар бар болчу

– тапшырып жатканда – баары бир болчу

– башкасы

3. **Эгерде сизге дагы бир жолу кесип тандоо мүмкүнчүлүгү берилсе, эмне кылат элеңиз?**

– өзүм окуган адистикте эле калмакмын _________

– башка кесипти тандамакмын (кесипти көрсөт) _________

– башка жожго тапшырмакмын (кайсыга көрсөт) _______

– башкасы

4. **Окутуунун сапаты менен байланышкан күтүүлөрүңүз канаттандырылдыбы?**

– толугу менен канааттандырылды;

– жарым жартылай канааттандырылды (кайсы аспектилери экенин көрсөт);

– канааттандырылган жок.

5. **Сиздин багытыңыз боюнча кайсы көйгөйлөр билим алууну кыйындатат?**

– жеке жоопкерчиликтүүлүк;

– жожго чейинки деңгээли;

– кээ бир окутуучулардын компетентсиздиги;

– кафедранын же деканаттын өкүлдөрүнүн кесипкөй эмес мамилеси;

– окуу сабак учурунда жөндөмдүүлүгүңөрдү көрсөтүүгө терс таасир этүүчү башка студенттер;

– окуу-методикалык куралдардын жетишсиздиги (окуу куралдар, методикалык куралдар);

– ыңгайсыз кезмет;

– окуу жүктөмдөрүнүн көптүгү;

– окуу менен ишти айкалыштыра албагандыгы;

– окууга болгон кызгуунун жоктугу;

– жумушка орношуу боюнча перспективанын жоктугу;

– адистикке болгон кызыгуунун жоктугу;

– башкалар (конкреттештиргиле).

6. **Окууга болгон кызыгууну эмне аркылуу арттырса болот?**

– жаңы окуу методдорду киргизүү (кайсылар экенин көрсөт) _____

– окутуучулардын кесипкөйлүүлүгүн өстүрүү __________

– индивидуалдуу билим алуу

– дисциплиналарды окутуу боюнча талаптардын төмөндөшү

– билимдерди текшерүү боюнча текшерүү иштерди өркүндөтүү

– болочоктогу кесипти практикалык жактан үйрөнүү (экскурсия, адистер менен жолугушуу)

– башкалар (конкреттештиргиле)

7. **Сабакка кандай катышкандыгыңызды көрсөтүңүз.**

– мага кызыккан сабактарга гана барам;

– окутуучу талапты жогору койгон гана сабактарга барам;

– сабактарды калтырбайм;

– сабактарга кокустан эле барам;

– күндүзү иштегендиктен сабактарга бара албай калам;

– кээ бир сабактарга принципиалдуу түрдө барбайм.

**6-тиркеме**

## Педагогикалык кырдаалдар

1. Бир окуучуга арызддануу алдыңыз?
2. Сабагыңызга күтүүсүздөн кадырлуу комиссия келип калды?
1. Сабак учурунда окуучуңуз оор жана какшыктаган суроо берди?
2. Бир окуучуңуз белгилүү себептерден мектептен үйгө кетүүгө уруксаат сурап жатат?
3. Жаныңызга окуучу келип мурунку класс жетекчисин жамандай баштады?
4. Бир окуучуңуздан тамекинин жытын жыттап калдыңыз?
5. Предметтик мугалим сизге келип, классыңыздын жетишпегенинен жана начар тартибинен сабакты үзгүлтүккө учуратып жаткандыгын айтты?
6. Сизге сабактан тышкаркы иштерди уюштурган мугалим келип, сабагыңыздан 5 окуучуну сурап жатат?
7. Сабактын биринчи күнүнөн кийин маанилүү маселерди чечүү үчүн окуучуларды алып калсаңыз, ошол маалда директор чогулушка чакырып калды?
8. Сабактан кийин Сиз бааларды угуздуңуз. Тыныгуу учурунда жаныңызга бир окуучу келип, баасы ылдыйлатылганын айтты?
9. Сиз окуучуларыңыздын үйүндөгү шарттары менен таанышууну чечтиңиз. Элестетиңиз эшикти такылдаттыңыз, квартирада класстын жарымы бар экени белгилүү болду, туулган күнгө чогулган окуучулар столго отурууга сизди чакырышты, Сиз эмне кылат элеңиз?

Ар бир студент кырдаалдын маңызын түшүнгөндөн кийин, керектүү кесиптик-педагогикалык маданияттын компонентинин жардамы менен туура чечимди табууга умтулат.

1-кырдаалда кесиптик-педагогикалык маданияттын компоненти болгон мугалимдин методологиялык жана методикалык маданияты жана анын аксиологиялык аспектиси.

2-кырдаалда, педагогикалык сылыктык (такт), адеп жана мугалимдин адеп-ахлактык сапаттары.

3-кырдаалда, баарлашуунун жогорку маданиятын жана толеранттуулукту талап кылат.

4-кырдаалда, мугалимдин чыгармачыл маданиятын өнүктүрүүгө багытталган.

5-кырдаалда, кесиптик сапаттарды калыптандырууга багытталган – принципиалдуулукту, талап койгучтукту жана объективдүүлүктү.